КЫРГЫЗ БАНКЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЁТ

# 2023

Бишкек-2024

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жыл үчүн жылдык отчёту**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жыл үчүн жылдык отчёту Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 22-августундагы "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 50 жана 64-беренелерине ылайык даярдалган.

Улуттук банктын 2023-жыл үчүн жылдык отчёту Улуттук банк Башкармасынын 2024-жылдын 20-мартындагы №2024-П-10/12-3-(ВД) токтому менен бекитилген.


**Редакциялык кеңеш:**

| | |
|---|---|
| Төрага | Сейткасымова Р.Р. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Жамалидинов У.Т. |
| | Абдырахманов М.И. |
| | Абылгазиева А.Б. |
| | Акулуева М.Ш. |
| | Мамбеткул кызы А. |
| | Сарыажиев Э.А. |
| | Султанкулов И.Дж. |
| Жооптуу катчы | Сырдыбаева Н.М. |


Сандарды тегеректөөдөн улам, акыркы катардагы суммалар дал келбей калышы мүмкүн.


Басылманы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен гана кайра басууга уруксат берилет, ал эми цитата келтирүүдө булагын милдеттүү түрдө көрсөтүү талап кылынат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2024-жыл.



Басылманын мазмунуна жана аны таркатууга байланыштуу суроолор менен 720001, Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын басылмалар бөлүмүнө кайрылуу зарыл.

Телефон: (+996 312) 61 08 59

Электрондук почта: nsyrdybaeva@nbkr.kg

www.nbkr.kg



"М-MAXIMA" ЖЧК тарабынан калыпка салынган
жана басылып чыгарылган,
Бишкек ш., Тыныстанов көч.,197/1
Тиражы: 200 нуска

# МАЗМУНУ

## 1-китеп

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын кириш сөзү ....................................................5**

**I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2023-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2023-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮШҮ ..........................................................................8

1.1. Экономиканын реалдуу сектору ....................................8

1.2. Мамлекеттик финансы сектору ....................................10

1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми..................13

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2023-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ..........................18

2.1. Акча-кредит саясатынын максаттары жана милдеттери ................................................................19

2.2. Акча-кредит саясатын ишке ашыруу ..........................19

2.2.1. Ачык рынокто ишке ашырылган операциялар....21

2.2.2. Банктар аралык акча рыногунда ишке ашырылган операциялар ..............................................22

2.2.3 Банктарды кайра каржылоо операциялары .........24

2.2.4. Ички валюта рыногунда ишке ашырылган операциялар ......................................................................25

2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар.................................27

2.3. Эл аралык резервдерди тескөө......................................27

2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары .....................30

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮ ЖАНА АЛАРДЫН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУ ..................................................................................33

3.1. Коммерциялык банктардын ишин өнүктүрүү жана жөнгө салуу................................................................34

3.1.1. Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама .34

3.1.2. Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо .45

3.1.3. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө ...45

3.1.4. Таасир этүү чаралары ............................................48

3.1.5. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы .................................49

3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу .......................51

3.2.1. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү боюнча баяндама ..............................................51

3.2.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо ......................................................................56

3.2.3. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө.........................................................................56

3.2.4. Таасир этүү чаралары ............................................57

3.2.5. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы .............57

3.3. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо................................58

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ.................................60

4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү ......................................61

4.1.1. Накталай эмес эсептешүүлөр ...............................61

4.1.2. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар .........................................................66

4.1.3. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин өнүктүрүү жана жөнгө салуу ......................................................................67

4.1.3.1. Төлөм системаларынын операторлоруна жана төлөм уюмдарына лицензия берүү жана каттоо............67

4.1.3.2. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө.................67

4.1.3.3. Таасир этүү чаралары ..........................................68

4.1.3.4. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы ..............................................68

4.1.4. Төлөм системасынын ишин көзөмөлдөө (оверсайт) ........................................................................69

4.1.5. Санарип төлөм технологияларынын өнүгүшү ....70

4.2. Нак акча жүгүртүлүшү ................................................72

4.2.1. Нак акча менен жүргүзүлгөн операциялар ..........72

4.2.2. Эстелик коллекциялык монеталар........................74

4.3. Аффинаждалган өлчөнгөн куймалар .........................75

5-ГЛАВА. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ ...............78

5.1. Эл аралык кызматташуу ..............................................78

5.2. Коомчулук менен иш алып баруу жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу ..........................81

6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР..............................................................86

6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдагы иши................................86

6.2. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү жана финансылык консультанттын милдетин аткаруу ....................................88

6.3. Персонал менен иш алып баруу ..................................92

6.4. Ички аудит жана ички контролдоо системасы .........102

**III. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уюштуруу түзүмү.........................................106

2-тиркеме. 2023-жылы Улуттук банктын ишинде болуп өткөн негизги окуялар .......................................107

3-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер).........................................115

4-тиркеме. Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары .....142

5-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси.............147

***Урматтуу окурмандар!***

*2023-жылы кыргыз сомуна 30 жыл толду. Экономика чөйрөсүндө өзгөрүүлөргө жана дүйнө жүзү боюнча орун алып турган кризистик жагдайларга карабастан, бүгүнкү күндө кыргыз сому постсоветтик мейкиндикте кыйла туруктуу валюталардын бири болуп саналат.*

*Учурда дүйнө жүзүндөгү курч геосаясий абал жана ушундан улам дүйнөлүк экономиканын басаңдашы, пандемиянын кесепеттери, азык-түлүккө жана чийки зат товарларына дүйнөлүк баалардын өсүшү, мурдагыдай эле, чакан ачык экономика моделине ээ өлкөлөр үчүн дале жогору белгисиздик жагдайын жаратууда.*

*Мындай шарттарда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын отчёттук жылдагы иши өлкөдөгү инфляциялык процесстерге тышкы экономикалык факторлордун тийгизген таасирин төмөндөтүүгө, улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн колдоого, Кыргыз Республикасынын банк жана төлөм системаларынын натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга жана өлкөдө узак мөөнөттүү экономикалык өсүшкө шарттарды түзүүгө багытталды.*

*Алгылыксыз тышкы экономикалык жагдайларга карабастан, 2023-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана Улуттук банк биргелешип ишке ашырган чаралардын натыйжасында Кыргыз Республикасында макроэкономикалык жана баа туруктуулугун сактап калууга жетишилди.*

*Отчёттук жыл ичинде Кыргыз Республикасында инфляция динамикасын аныктоочу фактор катары, мурдагыдай эле, тышкы экономикалык чөйрөнүн таасири саналат. Акча-кредит саясатынын чаралары инфляция деңгээлин 5-7 пайыз чегиндеги орто мөөнөттүк максаттуу көрсөткүчкө чейин төмөндөтүүгө багытталган. 2023-жылы Улуттук банктын эсептик (негизги) чени 13 пайыз деңгээлинде өзгөртүүсүз калтырылган. Улуттук банк жана Министрлер Кабинети тарабынан өз убагында көрүлгөн чаралар өлкөдө инфляциялык процесстердин күч алышын чектеп, ички валюта рыногуна басымды азайтуу менен инфляция деңгээлинин, ошондой эле калктын жана экономикалык субъекттердин инфляциялык күтүүлөрүнүн төмөндөшүн шарттаган. Отчёттук жыл ичинде Кыргыз Республикасында жылдык инфляция көрсөткүчү эки эсе – 14,7 пайыздан 7,3 пайызга чейин төмөндөгөн.*

*Улуттук банк өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу режимин колдонууну уланткан. Өз убагында көрүлгөн чаралардын натыйжасында ички валюта рыногунда жагдай туруктуу сакталып турган. Эл аралык резервдерди тескөө ликвиддүүлүктү жана коопсуздукту камсыз кылуу принциптерин эске алуу менен жүзөгө ашырылган. Кыргыз Республикасынын дүң эл аралык резервдеринин көлөмү 2023-жылдын акырына карата 2,8 млрд АКШ долларынан 3,2 млрд АКШ долларына чейин жогорулаган.*

*Өлкөнүн финансы системасынын туруктуу өсүшү уланып, негизги көрсөткүчтөрдүн кыйла жогорулоосу, сунушталып жаткан банктык кызмат көрсөтүүлөр көлөмүнүн артышы катталган. Финансы-кредит уюмдарынын чогуу алгандагы активдери жыл ичинде 27,2 пайызга жогорулаган, ал эми кредит портфели 26,5 пайызга өскөн. Ислам каржылоо принциптери боюнча портфель 38 пайызга өскөн. Депозиттик базанын жалпы көлөмү 27,5 пайызга жогорулаган, бул калктын банк системасына ишеними жогорулагандыгын тастыктайт.*

*Коммерциялык банктар, банк эмес финансы-кредит, ошондой эле төлөм уюмдары, алмашуу бюролору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, анын ичинде террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндө мыйзам талаптарын сактагандыгын көзөмөлдөө ишине өзгөчө көңүл бурулган.*

*Отчёттук жыл ичинде төлөм системасын өнүктүрүү боюнча алдыга коюлган милдеттер ийгиликтүү ишке ашырылган. Санарип төлөм системаларынын туруктуу өнүгүшүн камсыз кылуу үчүн атайын жөнгө салуу режимдеринин алкагында да сунушталуучу инновациялык банктык операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү колдонууга киргизүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү иши улантылган.*

*Жылдан жылга банктык төлөм карталарынын жана банктык жабдуулардын саны өсүп жаткандыгы байкалууда. Чыгарылган банктык төлөм карталарынын жалпы саны 6,9 млн даананы түзүү менен жыл ичинде 32,7 пайызга өскөн. 2023-жылдын акырына карата банктык төлөм карталары 2 260 банкомат жана 23 009 POS-терминал аркылуу тейлөөгө кабыл алынып, отчёттук жыл ичинде алардын өсүшү, тиешелүүлүгүнө жараша, 10,7 пайызды жана 41,6 пайызды түзгөн.*

*2023-жылы негизги жетишкендиктердин бири катары системалар ортосунда улуттук стандарттагы QR-кодду пайдалануу менен Кыргыз Республикасынын төлөм системаларын интеграциялоону өнүктүрүү саналат, ал аркылуу жыл ичинде 3,2 млрд сомдон жогору суммага 3 млн ашуун төлөм ишке ашырылган, ал эми соода-тейлөө ишканаларда орнотулган QR-коддордун саны 38 миңден ашкан.*

*Мындан тышкары, мамлекеттик органдар менен биргеликте калк накталай эмес түрдө төлөө ыкмаларын колдонуусуна түрткү берүүгө, соода-тейлөө ишканаларда накталай эмес төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн каралган жабдууларды орнотуу иши мамлекеттик деңгээлде контролго алынышын күчөтүүгө багытталган иш-чаралар жүзөгө ашырылган. Накталай эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн андан ары арттыруу, инновациялык жана санарип финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү максатында Министрлер Кабинети менен Улуттук банктын биргелешкен токтому менен 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программанын кийинки этабы кабыл алынган.*

*Улуттук банк туруктуу негизде накталай акча жүгүртүлүшүн жакшыртуу чараларын кабыл алууда жана кыргыз сомунун коргоо белгилерин жана дизайнын өркүндөтүп турат. 2023-жылдын 10-майынан тартып 200, 500 жана 1 000 сом номиналында жогорку коргоо деңгээлине ээ болгон жаңы бешинчи сериядагы банкноттор жүгүртүүгө киргизилди.*

*Улуттук банк өлкөнүн экономикасынын туруктуу өнүгүшүнө салым кошуу менен мындан ары да бардык иш багыттары боюнча ишин улантат.*

*Бул отчёт ачык-айкындуулук, тактык жана маалыматтарды толук чагылдыруу принциптерине таянуу менен даярдалды. Жылдык отчётто Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын негизги багыттар боюнча 2023-жылдагы иш жыйынтыктары жана көз карандысыз эл аралык аудит тарабынан тастыкталган финансылык отчёту камтылат.*

**Төрага**  **К. Боконтаев**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2023-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

# 1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2023-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮШҮ

2023-жылы Кыргыз Республикасынын экономикасы тышкы шарттарга ыңгайлашуусун уланткан, тышкы шарттар регионалдык сооданын күчөшү, товардык-чийки зат рынокторундагы дүйнөлүк баалардын ар башка багыттагы динамикасы жана дүйнөлүк экономиканын жай калыбына келиши менен мүнөздөлгөн.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана Министрлер Кабинети тарабынан өлкөдө баа жана макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн жигердүү чаралар көрүлүп жатты.

Отчёттук жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында экономиканын өсүшү реалдуу мааниде 6,2 пайыз деңгээлинде түптөлгөн. Өлкө экономикасында эмгек акыларынын жана социалдык төлөөлөрдүн жогорулашы, керектөө кредиттеринин көбөйүшү жана Кыргыз Республикасына миграциялык агымдын өсүшү эсебинен керектөө суроо-талабынын жогорулашы байкалган.

Жылдык инфляциянын көрсөткүчү 2022-жылдын декабрь айындагы 14,7 пайыздан 2023-жылдын декабрь айында 7,3 пайызга чейин төмөндөгөн. Ички керектөөнүн өсүшү, мамлекеттин тариф саясатынын кайра каралышы, ошондой эле импорттолуучу азык-түлүктөн башка товарларга баалардын өсүш арымынын акырындык менен басаңдашы инфляциянын түптөлүшүнүн негизги факторлору болгон.

Салык-бюджет секторунда фискалдык консолидациялоо саясатын жүргүзүү натыйжасында оң динамика белгиленген. 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик бюджеттин профицити ИДӨгө карата 1,0 пайызды түзгөн, ал эми бир жыл мурда бюджеттин тартыштыгы ИДӨгө карата 1,0 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

Региондо соода шарттарынын өзгөрүшү, мурдагыдай эле, өлкө экономикасынын тышкы секторуна олуттуу таасирин тийгизген негизги фактор болгон. Алдын ала маалыматтар боюнча, 2023-жылы күндөлүк операциялар эсебинин сальдосу 7 040,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн, бул ИДӨгө карата 50,4 пайызды түзгөн. Күндөлүк эсептин тартыштыгы капитал менен операциялар эсеби боюнча 220,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө жана финансылык эсеп боюнча 385,1 млн АКШ доллары суммасында капиталдын таза агылып кирүүсү менен коштолгон. Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу терс белгиде калыптанган. Дүң эл аралык резервдердин көлөмү 2023-жылдын акырына карата 3 236,5 млн АКШ долларына жетүү менен отчёттук жылы 15,7 пайызга көбөйгөн.

## 1.1. Экономиканын реалдуу сектору[1]

*ИДӨ*

2023-жылы Кыргыз Республикасында реалдуу ИДӨнүн өсүшү 6,2 пайызды түзгөн. Отчёттук мезгилде экономиканын бардык секторлорунда алгылыктуу динамика байкалган, мында өлкө ИДӨсүнүн көбөйүшүнө кызмат көрсөтүүлөр, курулуш жана иштеп чыгуу өнөр жайы кыйла салым кошкон. Продукттарга болгон таза салыктардын ИДӨнүн жалпы өсүшүнө салымы реалдуу ИДӨнүн түзүмүндө кыйла жогору бойдон сакталып, 1,8 пайыздык пунктту (2022-жылы – 1,9 пайыздык пункт) түзгөн. Керектөө кредиттеринин көлөмүнүн өсүшү, эмгек акыларынын жогорулашы жана чек ара аркылуу өтүүчү акча которуулардын таза агылып кирүү көлөмүнүн өсүшү эсебинен ички суроо-талап жогору бойдон калган.

[1] КР УСКнын маалыматы боюнча: 2023-жыл үчүн – алдын ала, 2022-жыл үчүн – такталган маалыматтар келтирилген.

Отчёттук жылдын жыйынтыгында өлкө ИДӨсүнүн номиналдык көлөмү (ИДӨ күндөлүк бааларда) 1 228,9 млрд сомду түзгөн. ИДӨ дефлятору 13,4 пайыз деңгээлинде түптөлгөн, бул 2022-жылдагыдан 6,2 пайыздык пунктка төмөн.

***1.1.1-таблица.***

Ички дүң өнүмүнүн түзүмү

| Экономика секторлору | Салыштырма салмак, *пайыздар* | | Өсүш арымы, *пайыздар* | | Өсүшкө салым, *пайыздык пункттар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2022-жыл | 2023-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл |
| Айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 11,0 | 9,7 | 7,3 | 0,6 | 0,9 | 0,1 |
| Өнөр жай | 17,1 | 16,0 | 11,9 | 2,7 | 2,0 | 0,5 |
| *Пайдалуу кендерди казып алуу* | *1,8* | *1,8* | *8,2* | *3,1* | *0,2* | *0,1* |
| *Иштетүү өндүрүшү (Кайра иштетүү өнөр жайы)* | *13,6* | *12,6* | *16,1* | *2,0* | *1,9* | *0,3* |
| *Электр энергиясы, газ, буу жана тазаланган аба менен камсыздоо (жабдуу)* | *1,5* | *1,4* | *-8,1* | *8,4* | *-0,1* | *0,1* |
| *Суу менен камсыздоо, калдыктарды тазалоо, иштеп чыгуу аркылуу кайра пайдалануучу чийки затты алуу* | *0,2* | *0,2* | *-10,5* | *5,8* | *-0,0* | *0,0* |
| Курулуш | 7,1 | 6,6 | 9,1 | 10,3 | 0,7 | 0,7 |
| Кызмат көрсөтүү | 51,0 | 50,8 | 6,8 | 6,2 | 3,5 | 3,1 |
| *Дүң жана чекене соода; автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо* | *15,1* | *15,8* | *11,1* | *15,1* | *1,7* | *2,3* |
| *Транспорт иш чөйрөсү жана жүктөрдү сактоо* | *3,0* | *3,0* | *16,1* | *7,4* | *0,6* | *0,2* |
| *Маалымат жана байланыш* | *2,3* | *2,1* | *12,3* | *6,7* | *0,3* | *0,2* |
| *Жана башкалар* | *30,6* | *30,0* | *2,9* | *1,6* | *0,8* | *0,5* |
| Азык-түлүктөн таза салыктар | 13,8 | 16,9 | 15,2 | 12,7 | 1,9 | 1,8 |
| **ИДӨ** | **100,0** | **100,0** | **9,0** | **6,2** | **9,0** | **6,2** |

*Булагы: КР УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү.*

*Өнөр жай*

Отчёттук жылы өнөр жай секторунда өндүрүш көлөмүнүн реалдуу өсүшү 2,7 пайызды түзгөн, ал эми 2022-жылы 11,9 пайызга көбөйүшү белгиленген. Жалпы ИДӨнүн түзүмүндө өнөр жайдын салыштырма салмагы 2022-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 1,1 пайыздык пунктка кыскаруу менен 16,0 пайызды түзгөн. Өнөр жай секторунун алгылыктуу динамикасынын сакталып турушу отчёттук жыл ичинде иштеп чыгуу өнөр жайында өндүрүш көлөмүнүн көбөйүшү менен шартталган.

***1.1.1-график.***

ИДӨнүн экономикалык иштин түрлөрү боюнча түзүмү




*Айыл чарбасы*

Отчёттук жыл ичинде айыл чарбасында кургакчылыкка жана дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү азайышына байланыштуу, 0,6 пайыз өлчөмүндө бир аз өсүш арымы белгиленген. Айыл чарбасынын ИДӨнүн жалпы өсүшүнө салымы 0,1 пайыздык пунктту түзгөн, ал эми ушул эле тармактын ИДӨнүн түзүмүндөгү салыштырма

салмагы мурдагы жылга салыштырганда 1,3 пайыздык пунктка төмөндөп, 9,7 пайызды түзгөн.

*Соода жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү*

ИДӨнүн жалпы өсүшүнө кызмат көрсөтүүлөр сектору 3,1 пайыздык пункт өлчөмүндө кыйла көбүрөөк салым кошкон. Кызмат көрсөтүүлөр сектору отчёттук жыл ичинде реалдуу мааниде 6,2 пайызга, негизинен, дүң жана чекене соода жүгүртүү көлөмүнүн 15,1 пайызга өсүшү эсебинен көбөйгөн, ал эми анын ИДӨнүн түзүмүндөгү салыштырма салмагы өзгөргөн эмес.

*Курулуш*

Жалпы ИДӨнүн калыптанышына курулуш сектору да оң салымын кошкон, ал отчёттук жылы реалдуу мааниде 10,3 пайызга көбөйгөн. Пайдалуу кендерди казып алуу, иштеп чыгуу өндүрүшү, дүң жана чекене соода жүргүзүү объекттерин куруу жана реконструкциялоо көлөмүнүн өсүшү байкалган. Ошол эле учурда 2022-жылга салыштырмалуу айыл чарба жана транспорт иши секторлорунда объекттерди куруунун төмөндөшү белгиленген.

*Негизги капиталга инвестициялар*

2023-жылы негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 18,8 пайызга көбөйгөн. Негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү иш түрлөрүнүн көпчүлүгүндө белгиленген: дүң жана чекене соода жүгүртүү объекттерин курууга – 2,9 эсе; искусство, оюн-зоок жана эс алуу объекттерин курууга – 2,8 эсе; иштеп чыгуу өндүрүшү объекттерин курууга – 2,0 эсе.

Ички каржылоо булактарынын эсебинен каржылануучу инвестициялар көлөмү 34,6 пайызга (негизинен, банктардын кредиттеринин эсебинен 3,8 эсе) көбөйгөн. Ал эми тышкы каржылоо булактарынын эсебинен каржылануучу инвестициялар көлөмү, тескерисинче, 26,3 пайызга төмөндөгөн, бул чет өлкө кредиттеринин 1,5 эсе жана тике чет өлкө инвестицияларынын 2,7 эсе кыскарышы менен шартталган.



## 1.2. Мамлекеттик финансы сектору[1]

*Бюджет-салык саясаты*

Отчёттук жылы экономиканын бюджет-салык сектору фискалдык консолидациялоо менен мүнөздөлгөн. Салык мыйзамдарын өркүндөтүү, анын ичинде салык жана бажы жол-жоболорун санариптештирүү жана мамлекеттик финансыны тескөөнү жакшыртуу боюнча чаралар улантылган.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджети ИДӨгө карата 1,0 пайыз өлчөмүндө профицит менен аткарылган (2022-жылы ИДӨгө карата 1,0 пайыз деңгээлинде тартыштык түптөлгөн). Бюджеттин баштапкы профицити[2] отчёттук жылы ИДӨгө карата 2,2 пайыз деңгээлинде (2022-жылы – профицит ИДӨгө карата 0,1 пайыз деңгээлинде) калыптанган. Бюджеттик баланстын жакшырышына бюджеттин кирешелеринин чыгашаларга салыштырганда озгон арымда өсүшү өбөлгө түзгөн.

Бюджеттин киреше бөлүгү салыктык түшүүлөр сыяктуу эле (негизинен, өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн өсүшү жана импорттун көбөйүшүнө байланыштуу), салыктык эмес кирешелердин да кыйла көбөйүшү менен мүнөздөлгөн.

2023-жылы мамлекеттик бюджеттин операциялык иштен кирешелери 30,4 пайызга, 391,9 млрд сомго чейин көбөйгөн, бул ИДӨгө карата 31,9 пайыз. Мамлекеттик бюджеттеги кирешелердин негизги үлүшү (75,1 пайыз) салыктык түшүүлөргө туура келген, алардын көлөмү 2022-жылга салыштырганда, эң башкысы, тышкы экономикалык иштен кирешелердин өсүшү эсебинен 28,6 пайызга өскөн. Салыктык түшүүлөрдүн жалпы суммасы 294,4 млрд сомду түзгөн, анын ичинен 37,9 пайызы – бажы кызматы, 62,1 пайызы салык кызматы тарабынан камсыздалган.

[1] Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдын ала маалыматтары.

[2] Баштапкы профицит – бул мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин мамлекеттик бюджеттин чыгашаларынан артышы, мында мамлекеттик карызды тейлөө боюнча пайыздык төлөмдөрдүн суммасы эске алынбайт.

***1.2.1-график.***

Мамлекеттик бюджетке салыктык түшүүлөр түзүмү




2023-жылдын жыйынтыгы боюнча бюджетке салыктык эмес түшүүлөр 2022-жылга салыштырганда 55,7 пайызга көбөйүү менен 81,2 млрд сом өлчөмүндө катталган. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдөн кирешелер, мамлекеттик жана муниципалдык акциялар топтомуна төлөнгөн дивиденддер, ошондой эле Улуттук банктын бюджетке которулган пайдасы салыктык эмес түшүүлөрдүн негизги булагы болуп саналат.

Отчёттук жылы малекеттик бюджетке 16,2 млрд сом расмий трансферттер түрүндө түшкөн (2022-жылы – 19,5 млрд сом).

Мамлекеттик чыгашалар боюнча саясат социалдык кепилдиктерди жана мамлекеттин калктын алдындагы милдеттенмелерин толук жана өз убагында каржылоого багытталган. Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашалары 287,1 млрд сомду түзгөн, бул 2022-жылдагы көрсөткүчтөн 27,8 пайызга көп. Отчёттук жыл ичинде бюджеттин чыгашалары ИДӨгө карата 22,0 пайыздан 23,4 пайызга чейин көбөйгөн. Бюджеттин чыгашалары, негизинен, бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлерине эмгек акы төлөө, пенсияларды/жөлөк пулдарды жана капиталдык чыгашаларды төлөөлөр менен шартталган.

2023-жыл ичинде мамлекеттик бюджеттин капиталдык таза чыгашалары 92,2 млрд сомду же ИДӨгө карата 7,5 пайыз түзгөн (2022-жылы – ИДӨгө карата 8,5 пайызды түзгөн).

*Мамлекеттик карызды тейлөө*

Отчёттук мезгил ичинде мамлекеттик карызды тейлөөгө бюджеттин чыгашалары 2022-жылга салыштырганда 57,9 пайызга өсүп, 53,1 млрд сомду (ИДӨгө карата 4,3 пайыз), анын ичинен пайыздык төлөмдөр – 13,8 млрд сомду (ИДӨгө карата 1,1 пайыз) түзгөн.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик карыз 17,0 пайызга көбөйүү менен 559,5 млрд сомго (ИДӨгө карата 45,5 пайыз) жеткен. Мамлекеттик карыздын түзүмүндө ички карыздын өсүшү байкалган, анын үлүшү 2022-жылдагы 19,7 пайыздан 2023-жылы 25,9 пайызга чейин жогорулаган.

*Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу*

Ички карыз алышуулар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин кыска мөөнөттүү (мамлекеттик казына векселдерин – МКВ) жана узак мөөнөттүү (мамлекеттик казына облигацияларын – МКО) мамлекеттик баалуу кагаздарын (МБК) чыгаруу жана жайгаштыруу аркылуу тартылган.

Отчёттук жылы МБКны жайгаштыруу Улуттук банктын жана "Кыргыз фондулук биржасы" ЖАКтын соода аянтында жүзөгө ашырылган.

Улуттук банктын соода аянтында кыска мөөнөттүү сегментте катышуучулардын жигердүүлүгү төмөн болгондуктан, жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВ гана сунушталган, алардын аукциону 2023-жылдын январь – апрель айларында өткөрүлгөн. Сунуштоо жана суроо-талаптын көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша, 70,9 жана 41,0 пайызга төмөндөгөн. МКВны сатуу көлөмү кошумча жайгаштырууларды эске алганда, отчёттук мезгилде 94,5 пайызга кыскарган. МКВ

рыногунда орточо алынган кирешелүүлүк отчёттук жыл ичинде 0,2 пайыздык пунктка көбөйүү менен 8,5 пайызды түзгөн.

***1.2.1-таблица.***
МКВ жана МКО рыногунун баштапкы жайгаштыруу параметрлери[1]

| | өлчөө бирдиги | 2022-жыл | 2023-жыл |
|---|---|---|---|
| МКВ | | | |
| Сунуштоо көлөмү | *млрд сом* | 1,7 | 0,5 |
| Суроо-талаптын көлөмү | *млрд сом* | 0,2 | 0,1 |
| Сатуу көлөмү (кошумча жайгаштырууну эске алуу менен) | *млрд сом* | 0,2 | 0,01 |
| Орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк | *пайыздар* | 8,3 | 8,5 |
| МКО | | | |
| Сунуштоо көлөмү | *млрд сом* | 33,0 | 69,2 |
| Суроо-талаптын көлөмү | *млрд сом* | 24,1 | 53,8 |
| Сатуу көлөмү (кошумча жайгаштырууну эске алуу менен) | *млрд сом* | 22,6 | 53,2 |
| Орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк | *пайыздар* | 15,0 | 15,6 |

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруунун стратегиясын ишке ашыруу алкагында узак мөөнөттүү МКОну сунуштоону колдоосун уланткан. МКО рыногунда 2 жылдан 20 жылга чейинки бардык жүгүртүү мөөнөттөгү баалуу кагаздар сунушталган.

Улуттук банктын соода аянтында сунуштоо көлөмү, катышуучулардын суроо-талабы, ошондой эле МКОну сатуу көлөмү 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча, тиешелүүлүгүнө жараша, 2,1 эсе, 2,2 эсе жана 2,4 эсе көбөйгөн. Мамлекеттик бюджетти каржылоо үчүн каражаттардын басымдуу көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 10 жылдык жана 7 жылдык МКОну сатуунун эсебинен тартылган, алардын жалпы сатуу көлөмүндөгү үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша, 29,3 жана 24,5 пайызды түзгөн. Отчёттук мезгилде МКОнун орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү 15,6 пайызды түзгөн, бул 2022-жылдын көрсөткүчүнөн 0,6 пайыздык пунктка жогору.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ички жана тышкы инвесторлордун ачык жайгаштырылган мамлекеттик баалуу кагаздар рыногуна катышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө багытталган 2022-жылдын 4-ноябрындагы №609-т тескемесин ишке ашыруунун алкагында, 2023-жылдын май айынан тартып жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВны жана 2 жылдык МКОну "Кыргыз фондулук биржасы" ЖАКтын соода аянтына жайгаштыруу жана жүгүртүү процесси башталган. "Кыргыз фондулук биржасы" ЖАКтын соода аянтында 12 айлык МКВны сатуу көлөмү 13,0 пайыз орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк менен 0,2 млрд сомду түзгөн, ал эми 2 жылдык МКОну сатуу көлөмү 15,2 пайыз[2] орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк менен 1,2 млрд сом деңгээлинде түптөлгөн.

2023-жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы №616 токтомунун алкагында, курулуш объекттерин каржылоо үчүн казына милдеттенмелерин чыгаруу көлөмүн 2022-жылдын акырындагы 88,2 млн сомдон 2023-жылдын октябрь айынын акырына карата 10,0 млрд сомго чейин көбөйткөн. Ал эми Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-октябрындагы №660-т тескемесине ылайык, коммерциялык банктардын мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча портфелдерин турукташтыруу максатында,

[1] Улуттук банктын соода аянтында.
[2] Улуттук банктын эсептөөлөрү "Кыргыз фондулук биржасы" ЖАКтын расмий интернет-сайтынан алынган маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

МАЗМУНУ

2023-жылдын ноябрь айында 8,7 млрд сом суммасына чегерилген купондук төлөөлөрдү эске алуу менен казына милдеттенмелеринин орду мөөнөтүнөн мурда жабылган жана 2023-жыл акырында бул милдеттенмелердин көлөмү 1,9 млрд сомду түзгөн.

## 1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми[1]

Алдын ала маалыматтар боюнча күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосу 2023-жылы 7 040,2 млн АКШ доллары же ИДӨгө карата 50,4 пайыз өлчөмүндө (2022-жылы ИДӨгө карата күндөлүк эсептин терс сальдосу 42,1 пайызды түзгөн) түптөлгөн. Бул көрсөткүчтүн динамикасына соода тартыштыгынын кыйла өсүшү менен кызмат көрсөтүүлөр балансынын жана баштапкы кирешелер балансынын начарлашы аныктоочу таасирин тийгизген.

***1.3.1-график.***

Күндөлүк операциялар эсеби




*Тышкы соода*

2023-жылы соода балансынын тартыштыгы 2022-жылга салыштырмалуу 18,6 пайызга (6 918,7 млн АКШ долларынан 8 205,8 млн АКШ долларына чейин) көбөйгөн.

Отчёттук жыл ичинде товарлардын экспорту (ФОБ баасында), негизинен, 1 284,3 млн АКШ доллары көлөмүндө (монетардык эмес) алтынды экспорттоо эсебинен 46,6 пайызга көбөйүү менен, 3 303,5 млн АКШ доллары[2] өлчөмүндө түптөлгөн. Алтынды эсепке албагандагы экспорт 9,9 пайызга төмөндөп, 2 019,1 млн АКШ долларын түзгөн. Отчёттук мезгилде баалуу металл кендеринин жана концентраттарынын, жеңил автоунааларды жана транспорт каражаттарын, таңгактоо жана ороо үчүн башка машиналарды, көмүр, кокс жана брикеттерди жана башка бир катар товарларды берүү көлөмүнүн көбөйүшү белгиленген. Муну менен катар, текстиль жибин, кездемелердин ар башка түрлөрүн, кийим-кече предметтерин, жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчаларды экспорттоо көлөмүнүн кыскаргандыгы байкалган.

[1] 2023-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми ЭВФтин төлөм теңдеми жана эл аралык инвестициялык позиция боюнча колдонмосунун алтынчы басылмасынын (РПБ6) методологиясына ылайык түзүлөт.

[2] Төлөм теңдемин түзүү методологиясына ылайык, Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен.

Отчёттук жылы ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорттук берүүлөрдүн 18,2 пайызга, айрыкча, кийим-кече жана кездемелер экспортунун төмөндөшү эсебинен кыскаргандыгы белгиленген.

Товарлардын импорту (ФОБ баасында) отчёттук жыл ичинде 2022-жылга салыштырганда, негизинен, жеңил автоунааларды жана транспорт каражаттарын, ошондой эле өндүрүш техникасы үчүн жабдуунун бөлүктөрүн берүү көлөмүнүн өсүшү эсебинен 25,5 пайызга көбөйүү менен 11 509,3 млн АКШ долларын түзгөн. Муну менен катар эле, кийим-кече жана бут кийим предметтеринин, кездемелер, слесардык жабдуулар импортунун кыскарышы белгиленген.

ЕАЭБ өлкөлөрүнөн импорттук берүүлөр отчёттук жылы, негизинен, мунай заттарын ташып келүүнүн төмөндөшү эсебинен 4,0 пайызга бир аз кыскарган.

2023-жылдын алдын ала жыйынтыгы боюнча кызмат көрсөтүүлөр импортунун көлөмү 88,0 пайызга жана экспорту – 55,4 пайызга көбөйүшү байкалган. Натыйжада, кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгы кеңейип, 651,2 млн АКШ долларына чейин жеткен. Өлкөгө товарлардын импорттук берүүлөрүнүн өсүшү сакталып тургандыгына, ошондой эле башка кызмат көрсөтүүлөр балансынын начарлашына байланыштуу, алынган транспорт кызматтарынын олуттуу көлөмү түптөлгөн динамиканын негизги факторлорунан болгон.

*Экинчилик кирешелер*

Экинчилик кирешелердин балансы боюнча таза агылып кирүү көлөмү 2022-жылга салыштырганда 7,2 пайызга көбөйүү менен 2 310,5 млн АКШ долларын түзгөн. Экинчилик кирешелер балансынын түзүмүндө түшүүлөрдүн олуттуу көлөмү, негизинен, жеке адамдардын акча которуу системаларын, банктык төлөм тиркемелерин (банктык карталарды) жана электрондук капчыктарды колдонуу менен чек ара аркылуу өтүүчү акча которууларынын эсебинен "эмгек мигранттарынын акча которуулары" статьясы менен камсыздалган. 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча жеке адамдардын чек ара аркылуу өтүүчү акча которууларынын таза агылып кирүүсү 14,5 пайызга өсүп, 2 144,9 млн АКШ долларын түзгөн.

***1.3.2-график.***

Жеке адамдардын чек ара аркылуу өтүүчү акча которууларынын динамикасы




*Баштапкы кирешелер*

Отчёттук жылдын жыйынтыгы боюнча баштапкы кирешелердин терс балансы инвестициялык кирешелер боюнча резидент эместерге төлөөлөрдүн көлөмү кыйла өсүшүнүн таасиринде түптөлүү менен 82,6 пайызга көбөйгөн жана 493,7 млн АКШ долларын түзгөн.

*Капитал менен операциялар эсеби*

2023-жылдын алдын ала маалыматтары боюнча капитал менен операциялар эсебинин балансы 220,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдо менен калыптанган жана 2022-жылга салыштырганда 22,0 пайызга өскөн.

*Финансылык эсеп*

Отчёттук мезгил ичинде финансылык эсепте көрсөтүлгөн сырттан таза карыз алышуу көлөмү 385,1 млн АКШ долларын (2022-жылдын жыйынтыгы боюнча 297,4 млн АКШ доллары) түзгөн. Финансылык эсептин түптөлүшүнө, негизинен, "тике инвестициялар" жана "башка инвестициялар" статьялары таасирин тийгизген. Тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсү резидент эмес тике инвесторлордун уставдык капиталда катышуусу аркылуу милдеттенмелерди таза кабыл алуунун (негизинен, кайра инвестицияланган пайданын эсебинен) эсебинен 489,1 млн АКШ доллары өлчөмүндө (2022-жылга салыштырганда 4,0 пайызга төмөн) түптөлгөн.

"Башка инвестициялар" статьясы 94,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң баланс менен калыптанган (2022-жылдын жыйынтыгы боюнча 211,8 млн АКШ доллары). Бул тенденция Кыргыз Республикасынын резидент банктарынын чет өлкөдөгү накталай валюта жана депозит түрүндө финансылык активдерин таза сатып алуу көлөмүнүн бардык секторлордун ссудалар жана карыздар боюнча милдеттенмелерин таза кабыл алуу көлөмүнөн артышы менен шартталган.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча "каталар жана калтырып кетүүлөр" статьясынын сальдосу операцияларды каттоого жана эсепке алууга, маалыматтардын толук камтылбагандыгына байланыштуу келип чыккан статистикалык ажырымдардан улам, 6 514,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түптөлгөн.

*Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу*

Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу 80,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс калыптанган (2022-жылы – 291,9 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң баланс).

Отчёттук жылдын акырына карата дүң эл аралык резервдердин көлөмү 3 236,5 млн АКШ доллары эквивалентин түзгөн, бул товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун келечектеги көлөмүнүн ордун жабуунун 2,8 айына туура келет.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2023-ЖЫЛДАГЫ ИШИ

# 2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

2023-жылы Кыргыз Республикасында инфляциялык процесстер бир катар факторлордун таасири астында калыптанган, алардын ичинен дүйнөдөгү геосаясий өзгөрүүлөрдүн натыйжасында тышкы экономикалык чөйрөнүн таасири инфляциянын динамикасын алдын ала аныктаган. Ушуга байланыштуу тышкы фактор отчёттук жылы Улуттук банктын акча-кредит саясатын жүргүзүүсүндөгү негизги шарттардын бири болгон.

Жалпысынан тышкы шарттар дүйнөлүк экономиканын акырындык менен калыбына келиши, товардык-чийки зат рынокторунда дүйнөлүк баалардын көп багыттуу динамикасы, региондук сооданын өсүшү менен мүнөздөлгөн.

Кыргыз Республикасынын экономикасында ички суроо-талаптын активдешүүсү байкалган, бул эмгек акынын өлчөмүнүн жогорулашы жана жеке адамдардын чек ара аркылуу өтүүчү акча которууларынын көбөйүшү менен шартталып, калктын кирешесине оң таасирин тийгизди. Отчёттук жылда мамлекеттин тариф саясаты кайра каралып, натыйжада айрым товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө администрацияланууччу баалардын жогорулашына алып келди. Банк секторунда үстөк ликвиддүүлүк сакталып калды.

Мындай шартта Улуттук банк орто мөөнөттүү мезгилде инфляциянын деңгээлин максаттуу көрсөткүчкө – 5-7 пайызга чейин төмөндөтүү максатында тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзгөн.

Кыргыз Республикасынын экономикасында орун алган инфляциялык тобокелдиктерди жана калктын жогорку инфляциялык күтүүлөрүн эске алуу менен Улуттук банк отчёттук мезгил ичинде эсептик ченди 13,00 пайыз деңгээлинде кармап турган. Инфляциянын монетардык курамын чектөө үчүн Улуттук банк банк системасында үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу боюнча операцияларды активдүү жүргүзгөн.

Өз убагында көрүлгөн акча-кредит саясатынын чаралары Кыргыз Республикасындагы инфляциялык процесстердин тездешин чектеп, инфляцияны төмөндөтүү тенденциясын шарттаган. Жылдык инфляция 2022-жылдын декабрь айындагы 14,7 пайыздан төмөндөп, 2023-жылдын декабрь айында 7,3 пайызды түздү. Инфляциянын түзүмүндө азык-түлүк тобундагы товарларга баанын өсүшү боюнча туруктуу басаңдашы байкалган.

Улуттук банк өлкөдөгү өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу режимин колдонууну уланткан. Ички валюта рыногунда отчёттук мезгилдин айрым учурунда чет өлкө валютасына карата суроо-талап сунушка караганда жогору болгондугу байкалган. Жалпысынан валюта рыногу туруктуу болгон. Алмашуу курсу бир аз өзгөрүп, АКШ долларынын сомго карата расмий курсу 3,97 пайызга өскөн.

Эл аралык резервдер ликвиддүүлүктү жана коопсуздукту камсыз кылуу принциптерин эске алуу менен тескөөгө алынган. Кыргыз Республикасынын дүң эл аралык резервдеринин көлөмү 2023-жыл ичинде 438,4 млн АКШ долларына көбөйүп, жыл акырында 3 236,5 млн АКШ долларын түзгөн.

Маалымат саясаты акча-кредит саясатынын маанилүү элементи болуп саналат. Улуттук банктын жигердүү жүргүзүлгөн маалымат саясатынын чаралары коомчулукта жана экономикалык субъекттерде рационалдуу инфляциялык күтүүлөрдү калыптандырууга багытталган.

## 2.1. Акча-кредит саясатынын максаттары жана милдеттери

*Улуттук банктын максаты*

Улуттук банктын максаты болуп тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоо саналат.

"Акча-кредит саясатынын орто мөөнөткө каралган негизги багыттары"[1] деп аталган стратегиялык документте орто мөөнөттүү мезгилде инфляцияны 5-7 пайыз деңгээлинде кармоо акча-кредит саясатынын максаттуу көрсөткүчү болуп белгиленген.

Дүйнөдөгү геосаясий кырдаалга байланыштуу тышкы факторлордун таасири уланып жаткандыгына байланыштуу Кыргыз Республикасында инфляциялык процесстер күчөп, Улуттук банктын акча-кредит саясаты 2023-жылы инфляциянын деңгээлин 10 пайызга[2] жакын чекте кармап турууга багытталган.

*Акча-кредит саясатынын негизги милдеттери*

Отчёттук жылы монетардык саясатын жүргүзүүдө, тышкы таасирлер шартында өлкөдөгү инфляциялык процесстерди оздуктоо жана банк системасында ликвиддүүлүктүн тең салмактуу деңгээлин камсыз кылуу Улуттук банктын негизги милдети болуп саналган.

Акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин[3] пайыздык каналынын ишин күчөтүү, акча-кредит жаатында чечимдерди кабыл алуу үчүн болжолдоо-аналитикалык инструменттерди өркүндөтүү жана акча-кредит саясатынын коммуникациялык багытын жакшыртуу багытындагы ишке өзгөчө көңүл бурулган.

**Акча-кредит саясатынын 2023-жылдагы негизги милдеттери**

| | | |
|---|---|---|
| акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин пайыздык каналын өркүндөтүү | акча-кредит саясатынын инструменттеринин натыйжалуулугун жана ыңгайлуулугун жогорулатуу | банктар аралык акча рыногунун жигердүүлүгүн колдоого алуу |
| банк системасында ликвиддүүлүктүн тең салмактуулугун камсыз кылуу | акча-кредит саясаты боюнча стратегиялык жана тактикалык чечимдерди кабыл алуу максатында экономикалык моделдерди өркүндөтүү | активдүү коммуникациялык саясатты жүргүзүү |

## 2.2. Акча-кредит саясатын ишке ашыруу

Улуттук банктын отчёттук мезгил ичинде акча-кредит саясаты инфляцияны 2023-жылга белгиленген чегинде кармап турууга багытталган жана өлкө экономикасындагы инфляциялык факторлорду эске алуу менен ишке ашырылган.

Акча-кредит саясаты боюнча чечимдер Кыргыз Республикасында жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдө инфляциялык факторлорго жана экономиканын өнүгүү келечегине болжолдуу баа берүүлөрдүн негизинде кабыл алынган.

[1] Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 13-декабрындагы токтому менен жактырылган.
[2] Улуттук банктын 2023-жылга карата акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсү (Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 23-декабрындагы токтому менен жактырылган).
[3] Акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизми – акча-кредит саясаты чөйрөсүндөгү чечимдердин баа динамикасына таасир этүү каналдары: пайыздык чен, валюталык, кредиттик жана байланыш каналдары аркылуу таасир этүү процессин мүнөздөгөн өткөрүп берүү механизми.

Алдыга коюлган милдеттерди жана максаттарды ишке ашыруу үчүн Улуттук банк бар болгон акча-кредит инструменттерин колдонот.

*Пайыздык саясат*

Улуттук банктын эсептик чени (негизги чени) акча-кредит саясатынын негизги инструменти, ал эми акча рыногундагы кыска мөөнөттүү пайыздык чендер акча-кредит саясатынын операциялык багытынын көрсөткүчү катары саналат. Отчёттук мезгил ичинде эсептик чен боюнча Улуттук банк Башкармасынын сегиз отуруму өткөрүлдү, алардын жыйынтыгы боюнча эсептик чендин өлчөмүн өзгөртүүсүз 13,00 пайыз деңгээлде калтыруу чечими кабыл алынган.

*Ликвиддүүлүктү жөнгө салуу*

Акча жана финансы рынокторунда монетардык сигналдарды күчөтүү максатында 2023-жылдын апрель айында негизги чен боюнча симметриялуу пайыздык чек белгиленген. Ошентип, төмөнкү деңгээл болуп саналган “овернайт” депозити боюнча чек 10,00 пайыздан 11,00 пайызга чейин жогорулаган. Жогорку чекти аныктаган “овернайт” кредити боюнча чен 15,00 пайыз деңгээлинде сакталган. Кийинчерээк жогорку жана төмөнкү пайыздык чек отчёттук мезгилдин акырына чейин өзгөрүүсүз калган.

Акча-кредит саясаты боюнча тактикалык чечимдер акча жана валюта рынокторунун өнүгүү тенденцияларын, ошондой эле банк системасындагы жогорку деңгээлдеги үстөк ликвидүүлүктү эске алуу менен кабыл алынган. Үстөк ликвиддүүлүктүн орточо күндүк көлөмү Улуттук банк үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу операцияларын жүргүзгөнгө чейин 2023-жылы 64,0 млрд сом деңгээлинде түптөлгөн, бул 2022-жылдын ушул көрсөткүчүнөн 32,1 млрд сомго көп.

Инфляциянын монетардык бөлүгүн чектөө үчүн Улуттук банк ачык рынокто операцияларды жүргүзүү (Улуттук банктын ноталарын чыгаруу) жана коммерциялык банктардын бош ресурстарын Улуттук банктагы “овернайт” депозиттерине жайгаштыруу аркылуу банк системасын үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу операцияларын жүргүзгөн. Жыйынтыгында Улуттук банктын арылтуу операцияларынын орточо күндүк көлөмү отчёттук жылда 64,4 млрд сомду түзгөн (2022-жылы – 31,8 млрд сом).

Банк системасынан үстөк ликвиддүүлүктү алып салуунун негизги инструменти катары, мурдагыдай эле Улуттук банктын ноталары колдонулуп, анын салыштырма салмагы 2022-жылдагы 55,3 пайыздан 2023-жылы 72,7 пайызга чейин көбөйгөн. Улуттук банктын ноталарынын эсебинен үстөк ликвиддүүлүктү алып салуунун орточо күндүк көлөмү отчёттук жыл ичинде 46,8 млрд сомду түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу 29,2 млрд сомго көбөйгөн. Рыноктун катышуучулары кыска мөөнөттүү (7 жана 28 күндүк) ноталарга артыкчылык берген.

Банктардын үстөк ликвиддүүлүктү Улуттук банкта “овернайт” депозиттерине жайгаштыруунун үлүшү 2022-жылдагы 44,7 пайыздан 2023-жылы 27,3 пайызга чейин кыскарган. Отчёттук жыл ичинде коммерциялык банктар бош каражаттарын күн сайын “овернайт” депозиттерине жайгаштыруунун орточо күндүк көлөмү 17,6 млрд сомду (2022-жылы 14,2 млрд сом) түзгөн.

***2.2.1-график.***

Улуттук банктын арылтуу операцияларынын түзүмү



*Кредиттик саясат*

2023-жылы банк системасындагы үстөк ликвиддүүлүк шартында коммерциялык банктардын Улуттук банктын кыска мөөнөттүү кредиттик ресурстарына суроо-талабы кыйла кыскарган. Ликвиддүүлүктүн убактылуу ажырымынын ордун жабуу үчүн коммерциялык банктарга берилген Улуттук банктын "овернайт" кредиттеринин дүң көлөмү отчёттук жылы 844,5 млн сомду (2022-жылы – 16,7 млрд сом) түзгөн. Кайра каржылоо инструменттери аркылуу Улуттук банктын кредиттик ресурстары берилген эмес.

*Коммуникациялык саясат*

Ачык маалымдоо принциптерине негизделген Улуттук банктын коммуникациялык саясаты дагы акча-кредит саясатын натыйжалуу ишке ашыруунун ажырагыс элементи болуп саналат.

Калктын жана экономика субъекттеринин жогорку деңгээлдеги инфляциялык күтүүлөрүн төмөндөтүү максатында Улуттук банк коомчулукка акча-кредит саясаты боюнча кабыл алынган чечимдер жана орто мөөнөттүү мезгилге инфляциялык болжолдоолор жөнүндө түшүндүрүү иштерин активдүү жүргүзгөн. Эсептик чен боюнча кабыл алынган чечимдер Улуттук банктын пресс-релиздеринде, жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн брифингдерде үзгүлтүксүз чагылдырылып турган. Муну менен катар, Улуттук банктын расмий интернет-сайтында акча-кредит саясаты жөнүндө отчёт чейрек сайын жарыяланып турган, анда жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын чаралары жана натыйжлары тууралуу толук баяндама, ошондой эле экономиканын орто мөөнөттүү келечекте өнүгүүсүнө карата актуалдуу баа берүүлөр камтылган.

## 2.2.1. Ачык рынокто ишке ашырылган операциялар

Улуттук банктын ачык рынокто колдонгон негизги инструменти катары Улуттук банктын ноталары саналган. Ноталар – бул, банк системасында ликвиддүүлүктү жөнгө салуу максатында аукциондук негизде жайгаштырылуучу Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү ар башка дисконттук баалуу кагаздары. Отчёттук мезгил ичинде Улуттук банктын ноталар рыногуна жүгүртүү мөөнөтү 7, 14, 28, 91 жана 182 күндүк ноталар сунушталган.

*Улуттук банктын ноталары*

2023-жыл ичинде Улуттук банк тарабынан ноталарды сунуштоо көлөмү 922,4 млрд сомду түзгөн. Мында ноталарга суроо-талаптын көлөмү 2022-жылга (533,7 млрд сом) салыштырганда 83,1 пайызга көбөйүп, 977,4 млрд сом чегинде катталган. Ал эми ноталарды сатуунун жалпы көлөмү 854,1 млрд сомду түзгөн, бул 2022-жылдагы көрсөткүчтөн 86,7 пайызга көп (457,5 млрд сом).

Сатуунун басымдуу көлөмү жалпы көлөмдөгү үлүшү 37,3 пайызды түзгөн Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарына туура келген. Ал эми жүгүртүү мөөнөтү 7 жана 14 күндүк ноталарды сатуу көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша, 29,1 жана 27,7 пайызды, 91 жана 182 күндүк ноталар – 5,1 жана 0,8 пайызды түзгөн.

Жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын алкагында Улуттук банк 2023-жылдын ноябрь айынан тартып 14 күндүк ноталарды жайгаштырууну убактылуу токтотуп, ноталардын түзүмүн жана сунуштоонун көлөмүн өзгөрткөн.

***2.2.1.1-график.***

Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү жана эсептик чен динамикасы




Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү отчёттук жылдын ичинде туруктуу болуп, кескин өзгөрүүлөр байкалган эмес. 2022-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда ноталардын орточо алынган кирешелүүлүгү 0,1 пайыздык пунктка, 11,9 пайызга чейин төмөндөгөн.

2023-жылдын акырына карата Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү жыл башына (34,6 млрд сом) салыштырганда кыйла көбөйүү менен 54,8 млрд сомду түзгөн. Отчёттук мезгилдин акырына карата ноталарга негизги ээлик кылуучулар катары коммерциялык банктар (67,8 пайыз) саналган. Юридикалык жактар жана жеке адамдар-резиденттердин үлүшү 25,3 пайызды, институционалдык инвесторлордун үлүшү 6,9 пайызды түзгөн.

Отчёттук мезгилде мамлекеттик баалуу кагаздарынын экинчилик рыногун өнүктүрүү максатында, Улуттук банк кайра сатуу милдеттенмеси каралбаган аутрайт шарттарында экинчилик рыноктон 10 жана 20 жылдык МКО сатып алуу операцияларын жүргүзгөн. Натыйжада, бул операциялардын жалпы көлөмү айкын наркы боюнча 5,0 млрд сомду түзгөн.

## 2.2.2. Банктар аралык акча рыногунда ишке ашырылган операциялар

Улуттук банк акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизмин андан ары жакшыртуу жана анын банктар аралык акча рыногуна тийгизген таасирин күчөтүү боюнча иштерди уланткан.

Отчёттук мезгилде, банк секторунда үстөк ликвиддүүлүк сакталгандыгына байланыштуу, акча рыногунун кыска мөөнөттүү чендери төмөндөшүн улантып, Улуттук банк тарабынан белгиленген пайыздык чектин чегинде сакталган. Коммерциялык банктар бош ресурстарын улуттук валютада негизинен Улуттук банктын кыска мөөнөттүү инструменттеринде жайгаштырган.

***2.2.2.1-график.***

Акча рыногунун пайыздык чендеринин динамикасы (мезгил ичинде орточо)




2023-жылы банк системасында үстөк ликвиддүүлүк текши бөлүштүрүлбөгөндүгүнүн натыйжасында, кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногунда активдүүлүктүн өсүшү байкалган.

Банктар аралык рынокто репо- жана своп-операциялар (негизинен улуттук валютаны колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар) сегментинде банктардын активдүүлүгү байкалган, мында улуттук жана чет өлкө валютасында стандарттык кредиттерди берүү боюнча операциялар ишке ашырылган эмес.

Отчёттук мезгил ичинде репо шартындагы операциялардын жалпы көлөмү 2022-жылга салыштырганда 14,9 млрд сомдон 25,4 млрд сомго чейин, 70,3 пайызга өскөн. Репо-операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,6 пайыздык пунктка, 11,5 пайызга чейин төмөндөгөн, мында орточо салмактанып алынган мөөнөт 2022-жылдагыдай эле 4 күндү түзгөн.

Отчёттук мезгилде коммерциялык банктар тарабынан, ички рынокто жана банк-резиденттер менен жүргүзүлгөн своп-операциялардын жалпы көлөмү доллар эквивалентинде 774,4 млн АКШ долларын түзүп, 2022-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда 60,5 пайызга төмөндөгөн. Ошол эле учурда Улуттук валютада жүргүзүлгөн своп-операциялардын көлөмү 68,8 пайызга, 52,0 млрд сомго чейин өскөн. Улуттук банк тарабынан каралып жаткан мезгил аралыгында своп-операциялар жүргүзүлгөн эмес.

***2.2.2.2-график.***

Банктар аралык акча рыногунда ишке ашырылган операциялар




*Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу*

Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда 2023-жылы жүгүртүү мөөнөтү 2 жылдан 20 жылга чейинки баалуу кагаздардын кеңири түрү сунушталган. Мында рыноктун катышуучуларынын арасында 7 жана 10 жылга чейинки узак мөөнөттүү МКОго суроо-талап жогору болгон. Мурдагы жылдардагыдай эле, МБКнын кыска мөөнөттүү сегменти жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВ менен гана сунушталган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин өлкөнүн фондулук рыногун өнүктүрүү боюнча иш-чараларын ишке ашыруу шартында, мамлекеттик баалуу кагаздар – 12 айлык МКВ жана 2 жылдык МКО 2023-жылдын май айынан тартып "Кыргыз фондулук биржасы" ЖАКтын соода аянтында сунушталган. 2023-жылдын декабрь айында "Кыргыз фондулук биржасы" ЖАКтын соода аянтында алгачкы жолу 2 жылдык МКО жайгаштыруу аркылуу 314,9 млн орус рубли өлчөмүндөгү каражат тартылган, бул инвестициялык инструменттердин түрүн кеңейтүүнү шарттаган.

## 2.2.3 Банктарды кайра каржылоо операциялары

*Кайра каржылоо инструменттери*

Банктарды кайра каржылоо коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүн колдоого жана өзгөрүлмөлүүлүктү текшилөөгө багытталган инструменттердин бири болуп саналат.

Улуттук банктын кайра каржылоо инструменттеринин төмөнкү түрлөрү бар:

– төлөм системасынын иш натыйжалуулугун арттыруу үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында, операциялык күн ичинде улуттук валютада пайызсыз негизде сунушталган "бир күндүк" кредит;
– банктардын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо максатында, күрөөлүк камсыздоо алдында суткасына акы төлөө негизинде улуттук валютада сунушталган "овернайт" кредити;
– кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүктү колдоо максатында, күрөөлүк камсыздоо алдында жети күнгө акы төлөө негизинде улуттук валютада сунушталган 7 күндүк кредит;
– экономиканын жана региондордун айрым тармактарын кредиттөө жана ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн акы төлөө негизинде, коммерциялык банктарга улуттук валютада кредиттик ресурстарды сунуштоо максатында, улуттук валютада жүргүзүлгөн кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо боюнча кредиттик аукциондор;

– банк системасынын бүтүндүгүн камсыз кылуу, банктын ликвиддүүлүгүн колдоо жана аманатчылардын таламын коргоо максатында, күрөөлүк камсыздоо алдында акы төлөө негизинде сунушталуучу ликвиддүүлүктү колдоо үчүн кредит;
– Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлүүчү эл аралык уюмдарга күрөөлүк камсыздоо алдында, акы төлөө негизинде сунушталуучу кредит;
– өзгөчө учурларда гана, ишинде олуттуу финансылык проблемаларга дуушар болгон коммерциялык банктарга жана депозиттерди тартуу менен иш алып барган банк эмес финансы-кредит уюмдарына сунушталуучу акыркы инстанциядагы кредит;
– Кыргыз Республикасынын депозиттерин коргоо системасынын финансылык туруктуулугун камсыздоо, аманатчылардын таламын коргоо, системалуу тобокелдиктерге жол бербөө жана банк системасынын туруктуулугун камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигине сунушталуучу кредит.

Отчёттук мезгилде коммерциялык банктар туруктуу негизде пайдаланууга сунушталган инструменттердин бири – “овернайт” кредиттерин гана колдонгон. Берилген “овернайт” кредиттеринин дүң көлөмү 844,5 млн сомду түзгөн (2022-жылы – 16,7 млрд сом).

### 2.2.4. Ички валюта рыногунда ишке ашырылган операциялар

2023-жылдын ичинде ички валюта рыногундагы жагдай салттуу сезондук ички факторлорго, дүйнөлүк финансылык рынокторунун өнүгүү тенденциясына, жалпы тышкы экономикалык жана геосаясий жагдайга жараша түптөлгөн. Чет өлкө валютасына суроо-талап жогорулаган шартта Улуттук банк отчёттук мезгил ичинде ички валюта рыногунда салыштырмалуу туруктуулукту сактай алды.

*Валюталык интервенциялар*

Биринчи чейректе чет өлкө валютасына сунуш азайгандыгынан улам, чет өлкө валютасына сезондук суроо-талап жогору болгондугу байкалган, бул алмашуу курсунун өзгөрүлмөлүүлүгүнө таасирин тийгизген. Алмашуу курсунун кескин өзгөрүлмөлүүлүгүн жөнгө салуу максатында Улуттук банк 307,4 млн АКШ доллары суммасында чет өлкө валютасын сатуу боюнча алты интервенция жүргүзгөн.

Чет өлкө валютасына суроо-талап сунуш көлөмүнөн жогору болушу отчёттук жылдын экинчи чейрегинде да байкалган, бул өнүккөн өлкөлөрдүн борбордук банктары монетардык саясатты катуулатуу глобалдуу тенденциясы менен шартталган. Экинчи чейректе 149,3 млн АКШ доллары суммасында чет өлкө валютасын сатуу боюнча үч интервенция жүргүзүлгөн.

Үчүнчү чейректе валюта рыногундагы жагдай геосаясий тобокелдиктер орун алган шартта соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн келечектеги экономикалык өнүгүүсүнүн таасири алдында өнүгүүсүн уланткан. Кароого алынган мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан үч интервенция жүргүзүлүп, 127,1 млн АКШ доллары сатылган.

Төртүнчү чейректин башталышы өлкө ичинде экономикалык иштин активдешүүсүнөн болгон өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу менен мүнөздөлөт. Соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн улуттук валюталары бекемделишинин натыйжасында, эл аралык финансы рынокторунда чендин жогорулашынын уланып жаткан циклинин аякташын жана ички валюта рыногунун катышуучулары тарабынан чет өлкө валютасына суроо-талап төмөндөшүн күтүү менен, Улуттук банк төртүнчү чейректе АКШ долларын сатуу боюнча 71,9 млн АКШ доллары сумасында эки интервенция жана евро сатуу боюнча 19,0 млн евро суммасында бир интервенция жүргүзгөн.

**<u>2.2.4.1-график.</u>**

Улуттук банктын чет өлкө валютасы менен операциялары




2023-жылы Улуттук банк АКШ долларын сатуу боюнча 655,7 млн АКШ доллары суммасында он төрт интервенция жүргүзгөн.

Улуттук банк ЕАЭБ жөнүндө келишимдин алкагындагы Кыргыз Республикасынын милдеттенмелеринин өз убагында аткарылышын камсыз кылуу максатында жалпысынан 15,9 млрд суммасындагы орус рублин сатып алуу боюнча валюта операцияларын жүргүзгөн.

2023-жылдын башталышынан тартып 31-декабрына чейин АКШ долларынын сомго карата расмий курсу бир АКШ доллары үчүн 85,6800 сомдон 89,0853 сомго чейин, 3,97 пайызга өскөн.

**<u>2.2.4.2-график.</u>**

Алмашуу курсунун динамикасы жана банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялардын көлөмү




*Кыргыз Республикасынын валюта рыногундагы операциялардын жалпы көлөмү*

Экономикалык жигердүүлүктүн өсүшүнүн натыйжасында 2023-жылы ички валюта рыногунда чет өлкө валютасын сатып алуу/сатуу боюнча операциялардын жалпы көлөмү 69,7 пайызга, сом эквивалентинде 3 591,7 млрд сомго чейин өсүшү байкалган.

### 2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар

*Милдеттүү камдык талаптардын ченемдери*

Милдеттүү камдык талаптар (МКТ) Улуттук банктын акча-кредиттик жөнгө салуу инструменттеринин бири болуп саналып, банк системасындагы ликвиддүүлүктүн жана кыска мөөнөттүү пайыздык чендердин жалпы деңгээлин жөнгө салуу максатында пайдаланылат.

Милдеттүү камдык талаптар – бул, Улуттук банк тарабынан белгиленген шартта белгилүү бир мезгил ичинде сакталууга тийиш болгон резервдеги активдер түрүндөгү акча каражаттары боюнча коммерциялык банктарга жана депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компанияларга карата талаптар.

Улуттук банк Башкармасы МКТ өлчөмүн жана аларды сактоо регламентин жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын багытына жараша аныктайт.

Кыргыз Республикасынын экономикасын доллардан арылтуу боюнча Улуттук банктын иш-чаралар планын ишке ашыруунун алкагында 2023-жылдын октябрь айында чет өлкө валютасындагы (армян драмы, белорусь рубли, казак теңгеси, Жэньминьби кытай юаны, орус рублиндеги милдеттенмелерден тышкары) милдеттенмелер боюнча милдеттүү кам өлчөмү коммерциялык банктар үчүн 14,0 пайыздан 15,0 пайызга чейин жогорулатылган. Ошол эле учурда, ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин улуттук валютасындагы жана кытай юанындагы милдеттенмелер боюнча милдеттүү камдык талаптардын өлчөмү 4,0 пайыз деңгээлинде сакталып калган. Кардарлардын жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча банктардын милдеттенмелери боюнча милдеттүү кам өлчөмү да, мурдагыдай эле, нөл деңгээлинде калган.

Улуттук банк тарабынан белгиленген регламентке ылайык, коммерциялык банктар күнүмдүк негизде, тиешелүү мезгилге карата аныкталган милдеттүү камдын көлөмүнүн минималдуу чектүү деңгээлин аткаруу боюнча талаптарды сактоого тийиш. Бул ченемдин өлчөмү 2023-жыл ичинде өзгөрүүсүз 70,0 пайыз деңгээлинде сакталып калган.

МКТ жана минималдуу чектүү деңгээлди сактабагандыгы үчүн айып пул чегерүү каралган. Отчёттук жыл ичинде МКТнын ченемин бузган коммерциялык банктардын саны 2022-жылга салыштырганда беш банктан бир банкка чейин кыйла кыскарып, ага карата айыптык санкция колдонулган.

## 2.3. Эл аралык резервдерди тескөө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына ылайык, Улуттук банк эл аралык резервдерди ликвиддүүлүк артыкчылыктарын жана алардын коопсуздугун камсыз кылууну эске алуу менен бардык эл аралык резервдерди өз алдынча түзөт, аларга ээлик кылат жана тескейт.

Инвестициялык саясатты, эл аралык резервдер портфелинин түзүмүн, инвестициялык инструменттердин тобокелдиктери менен кирешелүүлүгү ортосундагы катышты аныктоо, ошондой эле контрагенттерди тандоо боюнча чечимдер Улуттук банк Башкармасы жана Улуттук банктын Инвестициялык комитети тарабынан кабыл алынган. 2023-жылы Инвестициялык комитет эл аралык резервдерди тескөө маселелери боюнча 25 отурум өткөргөн. Эл аралык резервдерди тескөө учурунда келип чыккан тобокелдиктерди кыскартуу максатында, контрагенттер, инструменттердин түрлөрү, инвестициялоо өлчөмү жана мөөнөтү боюнча критерийлер, талаптар жана чектөөлөр белгиленген.

Эл аралык резервдерди жөнгө салуу Инвестициялык саясатта жана Эл аралык резервдерин тескөөдө тобокелдиктерди тескөө саясатында белгиленген.

*Эл аралык резервдер көлөмү*

2023-жылдын акырына карата дүң эл аралык резервдер көлөмү жыл ичинде 438,4 млн АКШ долларына же 15,7 пайызга көбөйүү менен 3 236,5 млн АКШ доллары эквивалентин түзгөн. Улуттук банктын эл аралык резервдеринин курамына алтын түрүндөгү активдер, Атайы карыз алышуу укугу (АКУ) жана чет өлкө валюталарынын портфели кирет.

***2.3.1-график.***

Дүң эл аралык резервдер динамикасы




2023-жыл ичинде дүң эл аралык резервдер көлөмүнө Кыргыз Республикасынын тышкы милдеттенмелери боюнча төлөөлөр; эл аралык резервдин курамына кирген валюталардын курсунун өзгөрүүсү; баалуу металлдарга баалардын өзгөрүүсү; эл аралык резервдерди тескөөдөн алынган кирешелер; ички рынокто алтынды сатып алуу боюнча операциялар; Улуттук банктын өлкөнүн ички рыногунда жүргүзүлгөн валюталык операциялары; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин пайдасына валюталык каражаттардын түшүүсү таасирин тийгизген.

*Эл аралык резервдер түзүмү*

***2.3.1-таблица.***

Эл аралык резервдер түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздар)*

| | 2022-жыл | 2023-жыл |
|---|---|---|
| Валюта портфели | 57,7 | 50,4 |
| Алтын | 34,1 | 44,2 |
| Атайы карыз алышуу укугу | 8,2 | 5,4 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

2023-жылы эл аралык резервдердин валюта портфелинде төмөнкү валюталар камтылган: австралия доллары, англия фунт стерлинги, АКШ доллары, евро, канада доллары, кытай юаны, орус рубли, сингапур доллары, швейцария франкы, түштүк корея вону, япон йени, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин операцияларын тейлөө үчүн башка валюталар.

Улуттук банктын контрагенттери болуп борбордук банктар, эл аралык финансылык институттар жана чет өлкөлүк коммерциялык банктар саналат.

Ликвиддүүлүктүн зарыл деңгээлин колдоо, ошондой эле эл аралык резервдерди тескөө натыйжалуулугун жогорулатуу максатында резервдик активдер менен иштөө портфелдик негизде жүзөгө ашырылган. Валюта портфелин жумушчу жана

инвестициялыкка бөлүү резервдердин кирешелүүлүгүнүн оптималдуу деңгээлин колдоого алууну камсыз кылган.

*Жумушчу портфелди жайгаштыруу*

Жумушчу портфелдин активдери кыйла ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылган жана банктар аралык ички валюта рыногунда операцияларды жүргүзүү, ошондой эле мамлекеттик тышкы карызды тейлөөнү кошо алганда, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана Министрлер Кабинетинин чет өлкө валютасындагы төлөмдөрү үчүн колдонулган.

*Инвестициялык портфелди тескөө*

Инвестициялык портфелди тескөө эл аралык резервдердин бекитилген эталондук портфелине ылайык жүзөгө ашырылган. Улуттук банк эл аралык резервдерди баалуу кагаздарга жана мөөнөттүү депозиттерге жайгаштырган. Баалуу кагаздар портфелинде айрым өлкөлөрдүн мамлекеттик баалуу кагаздары, эл аралык финансы институттарынын кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү инвестициялык инструменттери камтылган. Мөөнөттүү депозиттер эл аралык финансы институттарында, эл аралык жогорку рейтингге ээ чет өлкөлүк борбордук жана коммерциялык банктарда жайгаштырылган.

*Улуттук банктын алтын менен операциялары*

Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, Министрлер Кабинети жана Улуттук банк Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн алтынды сатып алууда артыкчылыктуу укукка ээ.

Улуттук банк отчёттук жылда ички баалуу металлдар рыногуна катышуусун улантып, Улуттук банктын резервдерин толуктоо жана калкка өлчөнгөн куймаларды сатуу процессине колдоо көрсөтүү максатында алтынды сатып алуу боюнча операцияларды ишке ашырган. Бул операциялар ошондой эле Кыргыз Республикасынын узак мөөнөттүү экономикалык өсүшүнө өбөлгө түздү.

2023-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банктагы алтындын (монетардык алтын, монетардык эмес алтын жана алтын түрүндөгү запас) калдыгынын жалпы көлөмү 48,04 тоннаны түздү, бул 2022-жылдын 31-декабрына карата көрсөткүчтөн 3,62 тоннага көп.

2023-жылдын акырына карата Улуттук банктын эл аралык резервдеринин түзүмүндөгү монетардык алтындын калдыгы 21,57 тоннаны түздү (2022-жылдын акырына карата – 16,39 тонна), Улуттук банктагы монетардык эмес алтын жана алтын түрүндөгү запастын калдыгы 26,47 тоннаны түздү (2022-жылдын акырына карата – 28,02 тонна).

***<u>2.3.2-график.</u>***

Улуттук банктын алтын менен операциялары



2023-жылы Улуттук банктын ички баалуу металлдар рыногунда алтын сатып алуусу 20,72 тоннаны түздү (2022-жылы – 26,99 тонна). 2023-жылы алтынды сатуу 17,13 тоннаны түздү (2022-жылы – 0,13 тонна). Улуттук банк ошондой эле аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларын кайра сатып алуу операцияларын ишке ашырып, анын көлөмү 0,03 тоннаны түздү.

## 2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары

*Инфляция*

Улуттук банктын акча-кредит саясатынын алдын ала көрүлгөн чаралары инфляциянын көрсөткүчтөрүнүн бара-бара төмөндөшүнө өбөлгө түздү.

Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча 2023-жылы Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын индекси жылдык мааниде (2023-жылдын декабры 2022-жылдын декабрына карата) 7,3 пайызга өскөн.

***2.4.1-график.***

Кыргыз Республикасында инфляциянын деңгээли




Инфляциянын түзүмүндө азык-түлүк товарларына баалардын өсүшүнүн туруктуу басаңдашы жылдык мааниде 2022-жылдын декабрь айындагы 15,8 пайыздан отчёттук жылдын декабрь айында 3,4 пайызга чейин байкалган. Азык-түлүк тобундагы товарлардын жалпы КБИнин өсүшүнө салымы 1,5 пайыздык пунктту түзгөн, бул өткөн жылга салыштырганда 5,7 пайыздык пунктка төмөн. Жалпысынан нан азыктары, акшак, эт, сүт азыктары жана кант сыяктуу товарлардын баасынын өсүшү басаңдаган. Азык-түлүк тобунун баасынын төмөндөө динамикасынын негизги фактору болуп дүйнөлүк азык-түлүк рынокторундагы баанын төмөндөшү саналат.

Азык-түлүктөн башка товарларга баалар 2023-жылдын акырына карата жылдык мааниде 12,2 пайызга өсүп, КБИге салымы 3,5 пайыздык пунктту түзгөн. Бул топтогу товарлардын түзүмүндө: кийим-кечекке жана бут кийимге; үй тиричилик буюмдарына жана тиричилик техникасына; электр энергиясына, газга жана отундун башка түрлөрүнө баалар салыштырмалуу жогору өсүш арымын көрсөткөн.

Алкоголдук ичимдиктерге жана тамеки заттарына баалардын өсүшү 2022-жылдын акырындагы 24,4 пайыз деңгээлинен төмөндөп, отчёттук жылдын акырында жылдык мааниде 11,3 пайыздык түздү. Отчёттук жылда акциздик чендер жогорулатылган.

2023-жыл ичинде саламаттык сактоо, мейманкана жана коомдук тамактануу жайларынын кызматына, ошондой эле маданий иш-чараларды уюштуруу кызмат көрсөтүүлөрүнө баалардын өсүшү байкалган. Ошентип, отчёттук жылдын акырына карата “акы төлөнүүчү кызматтарга” баалардын өсүшү жылдык мааниде 9,1 пайызды түзгөн.

**2.4.2-график.**

Керектөө баа индексинин өсүш арымына салым




Улуттук банктын эсептик чени акча-кредит саясатынын негизги инструменти болуп саналып, банктар аралык акча рыногунда ресурстардын наркын аныктоонун негизги багыты бойдон калган. Акча рыногундагы кыска мөөнөттүү чендер Улуттук банк тарабынан белгиленген пайыздык чектин чегинде негизинен төмөнкү чекке жакын өзгөрүп турган, бул банк системасында үстөк ликвиддүүлүк менен шартталган.

*Акча рыногу*

**2.4.3-график.**

Банктар аралык кредит рыногунун чендер динамикасы




МАЗМУНУ

*Акча базасы*

2023-жылы монетардык көрсөткүчтөрдүн (акча базасы жана акча топтомдору) өсүш арымы 2022-жылдагы көрсөткүчтөргө салыштырганда кыйла басаңдашын көрсөттү. Акча базасынын көлөмү отчёттук жыл ичинде 9,9 пайызга көбөйүү менен отчёттук мезгилдин акырына карата 249,9 млрд сомду түзгөн. Улуттук банктын монетардык операцияларынын тең салмактуулугу жана мамлекеттик бюджеттин чыгаша операцияларына караганда киреше бөлүгүнүн ашык болуусу акча базасынын өсүшүн ооздуктоочу фактор болгон.

***2.4.4-график.***

Акча топтомдорунун жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы




2023-жылдын жыйынтыгы боюнча[1] M2X акча топтому (чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган кеңири маанидеги акча массасы) 15,0 пайызга, 510,3 млрд сомго чейин өскөн. Бул көрсөткүчтүн көбөйүшү, негизинен, депозиттердин 24,0 пайызга өсүшү менен шартталган, анын ичинде улуттук валютадагы депозиттер 22,5 пайызга жана чет өлкө валютасындагы депозиттер – 26,3 пайызга көбөйгөн. Отчёттук мезгилде банктардан тышкаркы акчанын көрсөткүчү 1,3 пайызга көбөйгөн. Кеңири мааниде колдонулуучу улуттук валютадагы акча массасынын (M2 акча топтому) 2023-жылдын акырына карата 11,4 пайызга, 373,6 млрд сомго чейин өсүшү белгиленген.

[1] Акча топтомдору боюнча келтирилген маалыматтар коммерциялык банктар финансылык жылды жапкандан кийин корректировкаланышы мүмкүн.

# 3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮ ЖАНА АЛАРДЫН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУ

2023-жылы Улуттук банк өлкөнүн банк жана финансы системаларынын туруктуулугун сактоого жана банк, төлөм жана микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө багытталган иш-чараларды жүзөгө ашырган.

Улуттук банк тарабынан санарип банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо, ислам каржылоо принциптери боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү арттыруу жана банктык тобокелдиктерди кыскартуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү боюнча иш-чаралар кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин программалары менен катар Улуттук банктын экономиканын реалдуу секторун колдоого багытталган чаралары финансы-кредит уюмдары калкты жана экономикалык ишкердик субъекттерин кредиттөөсүнүн артышына өбөлгө түзгөн.

Банк системасынын туруктуулугун, ишенимдүүлүгүн жана бекемдигин жогорулатуу, ошондой эле банк системасында тобокелдиктердин ордун жабуу үчүн зарыл болгон капиталдык базаны бекемдөө жана банктардын жана БФКУлардын ишинин коопсуздугун колдоо максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан коммерциялык банктардын уставдык жана өздүк (жөнгө салуучу) капиталдарынын минималдуу өлчөмүн жана БФКУлардын уставдык капиталынын минималдуу өлчөмүн көбөйтүү жөнүндө чечим кабыл алынган.

Ошентип, жаңы түзүлүп жаткан коммерциялык банктар үчүн уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүн 1 млрд сомдон кем эмес деңгээлде түзүү жөнүндө талап (анын ичинде чет өлкөлүк банктардын филиалдарынын капиталына карата талаптар) белгиленген.

Учурда иштеп жаткан коммерциялык банктар (анын ичинде чет өлкөлүк банктардын филиалдары) үчүн уставдык капиталдын минималдуу өлчөмү төмөнкүчө белгиленген:

– 2023-жылдын 1-апрелинен тартып – 600 млн сом;
– 2024-жылдын 1-июлунан тартып – 800 млн сом;
– 2026-жылдын 1-июлунан тартып – 1 млрд сом.

Учурда иштеп жаткан системалуу мааниге ээ коммерциялык банктар (анын ичинде чет өлкөлүк банктардын филиалдары) үчүн уставдык капиталдын минималдуу өлчөмү 2023-жылдын 1-июлуна чейин түзүү мөөнөтү менен 2 млрд сом деңгээлинде белгиленген.

Жаңы түзүлүп жаткан БФКУлар үчүн 2023-жылдын 1-июлунан тартып уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүнө карата талаптар төмөнкү деңгээлде белгиленген:

– депозиттерди тартпаган МФКлар үчүн – 300 млн сомдон кем эмес өлчөмдө жана жеке адамдардан жана юридикалык жактардан мөөнөттүү аманаттарды кабыл алуу укугуна ээ болууга артыкчылык берген МФКлар үчүн – 600 млн сомдон кем эмес өлчөмдө:
– МККлар үчүн – 50 млн сомдон кем эмес өлчөмдө;
– депозиттерди тартууга лицензиясы жок кредиттик союздар үчүн – 2 млн сомдон кем эмес жана депозиттерди тартууга лицензиясы бар кредиттик союздар үчүн – 5 млн сомдон кем эмес;
– ТСКК үчүн - 600 млн сомдон кем эмес;
– кепилдик фонддор үчүн – 700 млн сомдон кем эмес.

2025-жылдан тартып адистештирилген финансы-кредит уюмдары үчүн уставдык капиталдын минималдуу өлчөмү 300 млн сомдон кем эмес деңгээлде белгиленген.

Учурда иштеп жаткан БФКУлар үчүн 2023-жылдан тартып 2027-жылды кошо алганда, беш жыл ичинде уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүн бара-бара жаңыдан ачылган БФКУлар үчүн белгиленген өлчөмгө чейин жогорулатуу талабы белгиленген.

Финансы-кредит уюмдарынын чогуу алгандагы активдери 2023-жылы 27,2 пайызга жогорулап, 660,6 млрд сомду түзгөн. Финансы-кредит уюмдарынын кредит портфели 2023-жыл ичинде 26,5 пайызга өсүп, 297,5 млрд сомду түзгөн, ислам каржылоо принциптери боюнча каржылоо 38 пайызга өсүү менен, 7,3 млрд сомду түзгөн. Финансы-кредит уюмдарынын карыз алуучуларынын саны 25,0 пайызга жогорулап, 1 419 479 адамга жеткен. Финансы-кредит уюмдарынын депозиттик базасынын жалпы көлөмү 2023-жылы 27,5 пайызга өсүп, 436,7 млрд сомду түзгөн.

Финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү банк системасынын туруктуулугун жогорулатууга, банктардын жана БФКУлардын тобокелдиктерин төмөндөтүүгө, банктык кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүүнү андан ары өнүктүрүүгө, БФКУлардын финансылык отчёттуулугун жарыялоо жөнүндө талаптарды кайра карап чыгууга, ошондой эле эл аралык стандарттарга жана Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык келтирүүгө багытталган.

## 3.1. Коммерциялык банктардын ишин өнүктүрүү жана жөнгө салуу

### 3.1.1. Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама[1]

Отчёттук жылы банк системасынын негизги иш көрсөткүчтөрү: активдер, кредит портфели, депозиттер жана капитал андан ары өскөн. Депозиттер көлөмүнүн өсүшү калктын банктарга ишеними жогорулагандыгын тастыктайт. Отчёттук мезгилде банктардын капиталынын өлчөмүнүн жогорулоосу банк системасынын ишенимдүүлүгүн жана туруктуулугун чыңдоого өбөлгө түзгөн.

2023-жылы 23 коммерциялык банк иштеп, анын ичинен 13 банк чет өлкө капиталы менен ишкердигин жүргүзгөн. Банктардын уставдык капиталы 44,2 млрд сомдон 60,1 млрд сомго чейин жогорулаган. Банктардын уставдык капиталындагы чет өлкө капиталынын үлүшү 4,2 пайыздык пунктка азайып, 20,2 пайызды түзгөн.

*Банк системасынын активдери*

Банк системасынын суммардык активдери 27,4 пайызга өсүп, отчёттук жылдын акырына карата 614,3 млрд сомду түзгөн. Банктардын активдеринин негизги бөлүгү башка банктардагы кредиттерге, корреспонденттик эсептерге жана депозиттерге туура келип, алардын үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша 42,0 жана 18,4 пайызды түзгөн.

[1] Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчётко (ПРБО) ылайык.

***3.1.1.1-таблица.***

Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2022-жыл | | 2023-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млрд сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 204,0 | 42,3 | 257,8 | 42,0 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 99,8 | 20,7 | 112,8 | 18,4 |
| Баалуу кагаздар портфели | 52,5 | 10,9 | 70,2 | 11,4 |
| Акча каражаттары | 56,9 | 11,8 | 78,0 | 12,7 |
| Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп | 30,6 | 6,4 | 45,2 | 7,4 |
| Негизги каражаттар | 18,9 | 3,9 | 22,7 | 3,7 |
| Финансы-кредит уюмдарына кредиттер | 2,0 | 0,4 | 4,4 | 0,7 |
| Репо боюнча сатып алынган баалуу кагаздар | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,0 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 0,7 | 0,1 | 0,8 | 0,1 |
| Атайын РППУ* | -23,1 | -4,8 | -22,4 | -3,7 |
| Башка активдер | 39,9 | 8,3 | 44,7 | 7,3 |
| **Бардыгы болуп** | **482,2** | **100,0** | **614,3** | **100,0** |

** Атайы РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер (субстандарттык, шектүү, жоготуулар) боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган резервди түшүнүү зарыл*

Коммерциялык банктар жайгаштырган акча каражаттары, кыска мөөнөттүү активдер түрүндө жана Улуттук банктагы корреспонденттик эсептердеги жогору ликвиддүү каражаттар көлөмү 26,1 пайызга өсүп, 2023-жылдын акырына карата 236,0 млрд сомду же активдердин жалпы көлөмүнүн 38,4 пайызын түзгөн.

Классификацияланбаган активдердин жана балансстан тышкаркы милдеттенмелердин көлөмү активдердин жалпы көлөмүнүн 93,5 пайызын же 495,2 млрд сомду, ал эми классификацияланган активдердин жана балансстан тышкаркы милдеттенмелердин үлүшү – 6,5 пайызды же 34,4 млрд сомду түзгөн.

***3.1.1.2-таблица.***

Банктардын активдерин жана балансстан тышкаркы милдеттенмелерин классификациялоо

*(пайыздарда)*

| Классификациялоо категориясы | Активдер жана балансстан тышкаркы милдеттенмелер | |
|---|---|---|
| | 2022-жыл | 2023-жыл |
| **Бардыгы болуп классификацияланбагандар** | **91,1** | **93,5** |
| *анын ичинен:* | | |
| Нормалдуу | 71,0 | 71,4 |
| Канааттандырарлык | 8,0 | 11,6 |
| Байкоого алынган | 12,1 | 10,5 |
| **Бардыгы болуп классификациялангандар** | **8,9** | **6,5** |
| *анын ичинен:* | | |
| Субстандарттык | 2,9 | 2,1 |
| Шектүү | 1,3 | 0,9 |
| Жоготуулар | 4,7 | 3,5 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Кредит портфели*

Банктардын чогуу алгандагы кредит портфели[1] 26,3 пайызга өсүп, 257,8 млрд сомду түзгөн.

[1] Мында жана мындан ары банктарга жана ФКУларга берилген кредиттерди эске алуусуз.

***3.1.1.1-график.***

Банктардын активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Банктардын кредит портфелинин өсүшү улуттук валютада кредиттөө көлөмүнүн 28,8 пайызга өсүү менен 200,9 млрд сомго чейин жетиши, ошондой эле чет өлкө валютасында – 18,3 пайызга өсүү менен 56,8 млрд сомго чейин жетиши менен шартталган.

***3.1.1.2-график.***

Банктардын кредит портфелинин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




Отчёттук жыл ичинде коммерциялык банктардын кыска мөөнөттүү кредиттеринин чогуу алгандагы көлөмү 36,9 пайызга жогорулаган, ал эми мөөнөтү бир жылдан жогору кредиттердин көлөмү 24,6 пайызга өскөн, бул кредит портфелинин дюрациясынын 31,1 айдан 30,8 айга чейин кыскарышын шарттаган. Карыз алуучулардын саны 32,2 пайызга өсүп, 762,2 миң жеке адамды жана юридикалык жакты түзгөн.

Кредит портфелинин долларлашуу деңгээли 2023-жыл жыйынтыгы боюнча 2022-жылга салыштырганда 1,5 пайыздык пунктка, 22,0 пайызга чейин азайган.

*Кредит портфелинин долларлашуу деңгээли*

***3.1.1.3-график.***

Банктардын кредит портфелинин долларлашуу деңгээли (бир мезгилдин акырына карата)




Кредит портфелинин тармактык түзүмүндө жалпы кредиттөө деңгээли жогорулагандыктан соода жана керектөө кредиттеринин үлүшү өскөндүгү байкалган. Кредиттөө көлөмүнүн негизги бөлүгү экономиканын төмөнкү секторлоруна багытталган: 74,0 млрд сом – соода жана коммерциялык операцияларга (жыл ичинде 31,8 пайызга өсүш); 55,8 млрд сом – керектөө кредиттерине (68,8 пайызга өсүш); 42,2 млрд сом – айыл чарбага (13,8 пайызга өсүш); 30,0 млрд сом – ипотекага (23,2 пайызга өсүш); 13,4 млрд сом – өнөр жайга (2,0 пайызга төмөндөө); 11,9 млрд сом – курулушка (8,0 пайызга төмөндөө).

*Кредит портфелинин тармактык түзүмү*

***3.1.1.4-график.***

Банктардын экономика тармактары боюнча кредит портфели (бир мезгилдин акырына карата)




2023-жылы Кыргыз Республикасынын бардык региондорунда банктардын кредит портфелинин көлөмү жогорулагандыгы белгиленген. Бишкек шаарында кредит портфелинин өсүшү 25,1 млрд сомду, Ош шаарында жана Ош областында – 7,6 млрд сомду, Жалал-Абад областында – 6,9 млрд сомду, Ысык-Көл областында – 3,9 млрд сомду, Чүй областында – 3,9 млрд сомду, Баткен областында – 3,0 млрд сомду, Талас областында – 1,7 млрд сомду, Нарын областында – 1,4 млрд сомду түзгөн.

*Кредит портфелинин регионалдык түзүмү*

***3.1.1.3-таблица.***

Банктардын кредит портфелинин регионалдык түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)*

| | 2022-жыл | | 2023-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млрд сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| Бишкек шаары | 105,4 | 51,8 | 130,5 | 50,7 |
| Ош шаары жана Ош областы | 28,3 | 13,9 | 35,9 | 14,0 |
| Жалал-Абад областы | 21,3 | 10,5 | 28,2 | 11,0 |
| Чүй областы | 15,3 | 7,5 | 19,2 | 7,5 |
| Ысык-Көл областы | 12,9 | 6,3 | 16,8 | 6,5 |
| Баткен областы | 7,1 | 3,5 | 10,1 | 3,9 |
| Нарын областы | 7,1 | 3,5 | 8,5 | 3,3 |
| Талас областы | 6,2 | 3,0 | 7,9 | 3,1 |
| **Бардыгы болуп** | **203,6** | **100,0** | **257,1** | **100,0** |

** Кредит портфели дисконтту эске алуу менен чагылдырылган. Дисконт – бул берилген кредиттин калдыгынын анын амортизацияланган наркынан жогору болгон сумма, ал кредитти реструктуризациялоонун натыйжасында же болбосо кредитти рыноктук ченден төмөн чен боюнча берүүдөн улам келип чыгат.*

Отчёттук жылдын акырына карата коммерциялык банктардын кредит портфели боюнча орточо алынган пайыздык чен улуттук валютада 0,9 пайыздык пунктка жогорулоо менен 18,0 пайызды, ал эми чет өлкө валютасында 0,1 пайыздык пунктка төмөндөө менен 8,5 пайызды түзгөн.

Кредит портфели боюнча орточо алынган пайыздык чен (керектөө кредиттерин эске албаганда) улуттук валютада 0,4 пайыздык пунктка жогорулап, жылдын акырына карата 16,0 пайызды түзгөн.

***3.1.1.5-график.***

Банктардын кредит портфелинин орточо алынган пайыздык чендери




*Ислам каржылоо принциптери*

Отчёттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын аймагында беш коммерциялык банк ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык улуттук жана/же чет өлкө валюталарында кызматтарды сунуштаган.

2023-жылы ислам принциптери боюнча каржылоо көлөмү 2022-жылга салыштырганда 60,4 пайызга жогорулап, 6 052,1 млн сомду түзгөн.

***3.1.1.6-график.***

Ислам принциптери боюнча каржылоо көлөмү




Отчёттук мезгилде банктардын ислам принциптери боюнча каржылоо портфелинде керектөөнү каржылоо үлүшү 2022-жылдагы 26,9 пайыздан 42,2 пайызга чейин кыйла жогорулаган.

***3.1.1.7-график.***

Банктардын ислам принциптери боюнча каржылоо портфели экономика тармактары боюнча (бир мезгилдин акырына карата)




Ислам принцитери боюнча каржылоонун негизги көлөмү экономиканын төмөнкү секторлоруна багытталган: 2,6 млрд сом – керектөөнү каржылоого (жыл ичинде өсүш 1,5 эсеге); 1,0 млрд сом – ипотекага (33,9 пайызга өсүш); 0,7 млрд сом – соодага жана коммерциялык операцияларга (0,4 пайызга төмөндөө); 0,6 млрд сом – айыл чарбага (54,8 пайызга өсүш); 0,5 млрд сом – курулушка (4,0 пайызга төмөндөө).

*Банктардын кредиттерин классификациялоо жана РППУ*

Банк системасынын кредит портфелиндеги классификацияланган кредиттердин салыштырма салмагы 2022-жылга салыштырганда 3,6 пайыздык пунктка төмөндөп, 9,2 пайызды же 23,8 млрд сомду түзгөн.

Отчёттук мезгил ичинде РППУга чегерүүлөр көлөмү 1,1 млрд сомго азайган, бул кредит портфелинин сапаты жакшыргандыгын (классификцияланган кредиттердин көлөмү азайган) жана отчёттук мезгил ичинде банктардын пайдасы жогорулагандыгын билдирет.

***3.1.1.4-таблица.***

Банктардын кредиттерин классификациялоо

*(пайыздар)*

| Классификациялоо категориясы | Кредиттер | |
|---|---|---|
| | 2022-жыл | 2023-жыл |
| **Бардыгы болуп классификацияланбагандар** | **87,2** | **90,8** |
| *анын ичинен:* | | |
| Нормалдуу | 53,4 | 53,2 |
| Канааттандыраарлык | 11,3 | 18,7 |
| Байкоого алынган | 22,5 | 18,9 |
| **Бардыгы болуп классификациялангандар** | **12,8** | **9,2** |
| *анын ичинен:* | | |
| Субстандарттык | 4,2 | 3,0 |
| Шектүү | 2,1 | 1,5 |
| Жоготуулар | 6,5 | 4,7 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Жаңыдан берилген кредиттер*

2023-жыл ичинде коммерциялык банктар тарабынан берилген кредиттердин жалпы көлөмү 2022-жылга салыштырганда 46,0 пайызга өсүп, 275,8 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер көлөмү 45,8 пайызга (229,5 млрд сомго чейин) жана чет өлкө валютасында – 47,0 пайызга (46,3 млрд сомго чейин) өскөндүгү белгиленген.

Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендин орточо мааниси 0,5 пайыздык пунктка жогорулап, 19,2 пайызды, ал эми чет өлкө валютасында 0,3 пайыздык пунктка жогорулап, 8,5 пайызды түзгөн.

*Банк системасынын милдеттенмелери*

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин чогуу алгандагы көлөмү 26,9 пайызга, 510,0 млрд сомго чейин жогорулаган. Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү 2022-жылга салыштырганда 0,3 пайыздык пунктка азайып, 2023-жылдын акырына карата милдеттенмелердин жалпы көлөмүнүн 43,4 пайызын түзгөн.

***3.1.1.5-таблица.***

Банктардын милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2022-жыл | | 2023-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Мөөнөттүү депозиттер | 77,5 | 19,3 | 91,1 | 17,9 |
| Эсептешүү эсептери | 120,2 | 29,9 | 153,2 | 30,1 |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | 68,5 | 17,0 | 85,8 | 16,8 |
| Алынган кредиттер | 23,7 | 5,9 | 27,0 | 5,3 |
| Өкмөттүн депозиттери | 23,2 | 5,8 | 39,0 | 7,7 |
| Резидент эместердин депозиттери | 49,6 | 12,3 | 62,2 | 12,1 |
| Улуттук банк алдындагы милдеттенмелер | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Өкмөттүн кредиттери | 5,3 | 1,3 | 7,8 | 1,5 |
| Банктардын эсептешүү эсептери жана депозиттери | 5,8 | 1,5 | 4,4 | 0,9 |
| Репо келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Башка милдеттенмелер | 28,1 | 7,0 | 39,5 | 7,7 |
| **Бардыгы болуп** | **401,9** | **100,0** | **510,0** | **100,0** |

Милдеттенмелердин жалпы көлөмүндөгү депозиттик базанын үлүшү 84,6 пайызга чейин жогорулаган, бул 2022-жылдагы ушул эле көрсөткүчтөн 0,3 пайыздык пунктка жогору.

**3.1.1.8-график.**

Милдеттенмелердин жана депозиттик базанын динамикасы




*Депозиттик база*

2023-жылдын акырына карата коммерциялык банктардын кардарларынын депозиттик базасынын жалпы көлөмү 27,3 пайызга көбөйүү менен 431,3 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютадагы сыяктуу эле (27,2 пайызга), чет өлкө валютасындагы (27,3 пайызга) депозиттер да өскөндүгү белгиленген. Аманатчылардын саны өсүп, жыл акырына 7,4 млн жеке адамды жана юридикалык жакты түзгөн, бул 2022-жылдын акырындагы көрсөткүчтөн 34,1 пайызга көп.

**3.1.1.9-график.**

Банктардын депозиттик базасынын көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




*Депозиттик базанын долларлашуу деңгээли*

Депозиттик базанын долларлашуу деңгээли 2022-жылга салыштырганда өзгөргөн эмес жана ал 45,6 пайызды түзгөн.

***3.1.1.10-график.***

Банктардын депозиттик базасынын долларлашуу деңгээли (бир мезгилдин акырына карата)




*Депозиттик базанын түзүмү*

Депозиттердин түзүмүндө кыска мөөнөттүү аманаттардын (бир жылга чейинки мөөнөттөгү) салыштырма салмагы жогорулап, ал эми узак мөөнөттүү аманаттардын (бир жылдан жогору) үлүшү төмөндөгөн. Мунун натыйжасында депозиттик базанын дюрациясы 2022-жылдагы 3,3 айдан отчёттук жылы 3,2 айга чейин кыскарган. Ал эми мөөнөттүү депозиттердин дюрациясы 0,3 пайыздык пунктка, 12,3 айга чейин жогорулаган.

*Депозиттер боюнча пайыздык чендер*

Улуттук валютадагы депозиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен 2023-жылдын акырына карата 5,5 пайызды (0,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн), ал эми чет өлкө валютасында – 0,7 пайызды түзгөн (0,1 пайыздык пунктка жогорулаган).

*Жаңы депозиттер*

Банктар тарабынан 2023-жылы кабыл алынган депозиттердин[1] көлөмү 2022-жылга салыштырганда 93,0 пайызга жогорулап, 2 921,5 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 91,7 пайызга өсүп, 1 964,3 млрд сом чегинде, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттер 95,7 пайызга өсүп, 957,3 млрд сом эквивалентинде калыптанган. Депозиттердин негизги агылып кирүүсү талап боюнча төлөнүүчү депозит эсептерине каражаттардын түшүүсү менен камсыздалган.

Улуттук валютада тартылган депозиттер боюнча пайыздык чендин орточо мааниси 2022-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырмалуу 0,1 пайыздык пунктка төмөндөп, 1,3 пайызды түзгөн, ал эми чет өлкө валютасында бул көрсөткүч 0,2 пайыз деңгээлинде өзгөрүүсүз калган.

Улуттук валютада тартылган мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык чендин орточо мааниси 2022-жылга салыштырмалуу 0,3 пайыздык пунктка төмөндөп, 11,5 пайызды түзгөн, ал эми чет өлкө валютасында – 0,2 пайыздык пунктка, 2,1 пайызга чейин төмөндөгөн.

[1] Мында жана мындан ары жыл ичинде тартылган депозиттердин көлөмүнө эсептешүү эсептериндеги каражаттар кирген эмес.

**3.1.1.11-график.**

Банктардын мөөнөттүү депозиттери боюнча орточо алынган пайыздык чендери




*Коммерциялык банктардын капиталы*

Коммерциялык банктардын таза суммардык капиталынын[1] көлөмү 2023-жылы 30,2 пайызга өсүп, 106,3 млрд сомду түзгөн. Төлөнгөн уставдык капиталдын[2] өлчөмү 35,9 пайызга, 60,1 млрд сомго чейин жогорулаган.

Банк секторунун капитал шайкештигинин көрсөткүчтөрү анын туруктуулугун тастыктоодо. 2023-жыл жыйынтыгы боюнча банк секторунун капитал шайкештигинин деңгээли (К 2.1.) 24,8 пайызды түзүү менен белгиленген ченемден (12 пайыздан кем эмес) эки эсеге жогору түптөлгөн.

**3.1.1.12-график.**

Банктардын капитал базасында көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




** 2020-жылдын 1-январына чейин бул көрсөткүч боюнча “Левераж (К 2.3.)” термини колдонулуп келген*

[1] Туунду уюмдарга жана башка финансы-кредит уюмдарынын капиталына инвестицияларды кошпогондо, банктын уставдык капиталын, отчёттук жана өткөн жылдардагы иштин финансылык натыйжасын, түзүлгөн резервдерди камтыган эсептик көрсөткүчү. Бул көрсөткүч Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген экономикалык ченемдердин маанилерин эсептөөдө колдонулат.

[2] Бул категорияга жөнөкөй жана артыкчылык берилген акциялар кирет.

2023-жыл жыйынтыгы боюнча банк системасынын алдын ала таза пайдасы 2022-жылга салыштырмалуу 4,6 пайызга жогорулап, 24,2 млрд сомду түзгөн.

***3.1.1.6-таблица.***

Банктардын кирешелеринин жана чыгашаларынын көлөмү

*(млрд сом)*

| Категориясы | 2022-жыл | 2023-жыл |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп кирешелер | 35,2 | 49,6 |
| Бардыгы болуп чыгашалар | 12,2 | 15,3 |
| ***Таза киреше*** | ***23,0*** | ***34,3*** |
| РППУга чегерүүлөр | 5,1 | -1,1 |
| ***РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза киреше*** | ***17,9*** | ***35,4*** |
| Бардыгы болуп башка кирешелер | 80,3 | 74,4 |
| Бардыгы болуп башка чыгашалар | 47,5 | 50,8 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 22,8 | 31,0 |
| ***Таза операциялык киреше (чыгым)*** | ***27,9*** | ***28,0*** |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 2,0 | 1,0 |
| ***Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым)*** | ***25,9*** | ***27,0*** |
| Пайдага салык | 2,7 | 2,8 |
| **Таза пайда (чыгым)** | **23,2** | **24,2** |

***3.1.1.13-график.***

Банктардын рентабелдүүлүк көрсөткүчтөрү




Коммерциялык банктардын активдеринин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 2022-жыл ичиндеги 5,9 пайыздан 2023-жылы 4,4 пайызга чейин төмөндөгөн, ал эми капиталдын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE) 43,4 пайыздан 32,4 пайызга чейин азайган.

*Банк системасынын финансылык туруктуулугу*

Отчёттук жылдын жыйынтыгында эконометрикалык модель түзүү жана болжолдоо жыйынтыктары, мурдагыдай эле, банк системасы финансылык туруктуулук запасына ээ экендигин тастыктоодо.

“Кайтарым” стресс-тестирлөөнүн жыйынтыгына ылайык, банк сектору кредит портфелинин сапатынын кыйла начарлашына жана макроэкономикалык таасирлерге туруштук бере алат.

Банк системасынын капитал шайкештигинин жогору деңгээли финансылык ортомчулук деңгээлин андан ары жогорулатуу жана банк секторунун туруктуулугун камсыздоо потенциалына ээ экендигин тастыктайт.

### 3.1.2. Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына ылайык Улуттук банк, анын ичинде атайын жөнгө салуу режимдеринин алкагында да, банктардын ишин лицензиялоо (уруксат документтерин берүү) боюнча ыйгарым укуктуу орган болуп саналат.

2023-жыл ичинде бир коммерциялык банкка Улуттук банк тарабынан эмиссияланган (чыгарылган) аффинаждалган өлчөнгөн куймалар менен операцияларды жүргүзүү укугуна уруксат берилген; бир коммерциялык банкка башка эмитенттердин аффинаждалган стандарттык жана өлчөнгөн куймалар түрүндө баалуу металлдары менен операцияларды накталай жана накталай эмес түрдө жүргүзүү укугуна уруксат берилген.

Ошентип 2023-жылдын акырына 23 коммерциялык банктын ичинен 11 коммерциялык банкка Улуттук банк тарабынан эмиссияланган (чыгарылган) аффинаждалган өлчөнгөн куймалар менен операцияларды жүргүзүү укугуна уруксат берилген; үч коммерциялык банкка башка эмитенттердин аффинаждалган стандарттык жана өлчөнгөн куймалар түрүндө баалуу металлдары менен операцияларды накталай жана накталай эмес түрдө жүргүзүү укугуна уруксат берилген; төрт коммерциялык банкка башка эмитенттердин аффинаждалган стандарттык жана жеке белгисин көрсөтүүсүз (накталай эмес түрдө) өлчөнгөн куймалар түрүндө баалуу металлдар менен операцияларды жүргүзүү укугуна уруксат берилген.

Кыргыз Республикасынын “Банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык, коммерциялык банктар банктык кызматтарды сунуштоо максатында Кыргыз Республикасынын аймагында филиалдарды жана обочо жайгашкан бөлүмдөрдү, анын ичинде аманат жана көчмө кассалар түрүндө бөлүмдөрдү ачышы мүмкүн.

***3.1.2.1-таблица***

Коммерциялык банктардын филиалдары жана обочо жайгашкан бөлүмдөрү жөнүндө маалымат

*Филиалдар, аманат кассалары, көчмө кассалар*

| | Филиалдардын саны | | Сактык кассаларынын саны | | Көчмө кассалардын саны | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2022-жыл | 2023-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл |
| Бишкек шаары | 78 | 81 | 253 | 263 | 34 | 33 |
| Баткен областы | 23 | 24 | 65 | 66 | 7 | 6 |
| Жалал-Абад областы | 46 | 46 | 150 | 154 | 23 | 19 |
| Ысык-Көл областы | 40 | 38 | 57 | 62 | 19 | 19 |
| Нарын областы | 20 | 20 | 25 | 26 | 5 | 5 |
| Ош областы | 59 | 58 | 184 | 184 | 39 | 33 |
| Талас областы | 18 | 19 | 25 | 26 | 8 | 8 |
| Чүй областы | 34 | 34 | 71 | 81 | 32 | 28 |
| **Бардыгы болуп** | **318** | **320** | **830** | **862** | **167** | **151** |

2023-жылы коммерциялык банктар тарабынан республика боюнча 7 филиал, 41 аманат жана 11 көчмө касса ачылган, ошол эле учурда 5 филиал, 9 аманат жана 27 көчмө касса жабылган.

### 3.1.3. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө

2023-жылы Улуттук банк тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк принциптерин сактоо жана финансылык абалды, корпоративдик башкаруу сапатын, экономикалык ченемдерди жана мыйзамдарда белгиленген башка талаптарды эске алуу менен аралыктан иликтөө жана жерине барып текшерүү аркылуу банктардын

МАЗМУНУ

ишин көзөмөлдөп турган. Мында капиталдаштыруу жана банктардын ишинин туруктуулугу маселелерине өзгөчө көңүл бурулган.

*Капитал көрсөткүчтөрү*

"12 пайыздан кем эмес" ченемде белгиленген суммардык капиталдын шайкештигинин көрсөткүчү жыл жыйынтыгы боюнча 24,8 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн, бул банк секторунун абалы туруктуу экендигин, ошондой эле банк системасы финансылык ортомчулукту мындан ары да арттыруу потенциалына ээ экендигин тастыктайт.

***3.1.3.1-таблица***

Коммерциялык банктардын капиталынын шайкештигинин көрсөткүчтөрү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2022-жыл | 2023-жыл |
|---|---|---|
| Таза суммардык капитал, *млрд сом* | 81,6 | 106,3 |
| Тобокелдикке ээ таза активдер, *млрд сом* | 287,6 | 382,3 |
| Суммардык капиталдын шайкештик коэффициенти, *пайыздар* | 25,6 | 24,8 |
| Суммардык капиталдын шайкештик ченеми (кеминде), *пайыздар* | 12,0 | 12,0 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 30 пайыздан жогору болгон банктардын саны, *даана* | 12 | 6 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 20 пайыздан 30 пайызга чейин болгон банктардын саны, *даана* | 7 | 11 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 20 пайыздан төмөн болгон банктардын саны, *даана* | 4 | 6 |

*Кредиттик тобокелдик*

Кредиттик тобокелдик банк ишине мүнөздүү негизги тобокелдиктердин бири болуп саналат жана алар активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоонун негизинде бааланат[1]. 2023-жылы кайтарылбай калуу тобокелдигине ээ классификацияланган кредиттер боюнча атайы резервдердин кредит портфелине карата катышы жыл башынан тартып 2,4 пайыздык пунктка төмөндөп, 6,2 пайызды түзгөн. Карыз алуучулардын финансылык талаптарды аткаруусунун жогорулашы жана жаңы кредиттерди берүү көлөмүнүн өсүшү кредит портфелинин сапатынын өзгөрүшүнө олуттуу таасирин тийгизген.

*Валюта тобокелдиги*

Валюта тобокелдигине баа берүү чет өлкө валютасындагы активдердин жана милдеттенмелердин катышына, ошондой эле алардын коммерциялык банктардын суммардык активдериндеги же милдеттенмелериндеги үлүшүнө жараша жүргүзүлөт. 2023-жыл жыйынтыгы боюнча банк системасынын чет өлкө валютасындагы активдери 232,2 млрд сомду же суммардык активдердин 37,7 пайызын түзгөн. Ал эми коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери 220,3 млрд сомду же банк системасынын жалпы милдеттенмелер көлөмүнүн 43,4 пайызын түзгөн.

[1] Маалыматтар "Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама" деп аталган 3.1.1-бөлүктө, "Банктардын активдерин жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерин классификациялоо" деп аталган 3.1.1.2-таблицада жана "Банктардын кредиттерин классификациялоо" деген 3.1.1.4-таблицада келтирилген.



МАЗМУНУ

***3.1.3.2-таблица***

Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы активдери жана милдеттенмелери (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2022-жыл | 2023-жыл |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасындагы активдер, *млрд сом* | 185,9 | 232,2 |
| Бардык активдердин түзүмүндөгү чет өлкө валютасындагы активдердин үлүшү, *пайыздар* | 38,5 | 37,7 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер, *млрд сом* | 174,0 | 220,3 |
| Бардык милдеттенмелердин түзүмүндөгү чет өлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү, *пайыздар* | 43,7 | 43,4 |

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

Банк системасында ликвиддүүлүк тобокелдиги ар бир мөөнөт аралыгында милдеттенмелердин ордун активдер менен жабуу көз карашынан кароого алынат, бул өз кезегинде, мөөнөттөр жана милдеттенмелер боюнча ажырым орун алган шартта каражаттарга болгон муктаждыкты баалоого мүмкүндүк берет. 2023-жылы активдерди жана милдеттенмелерди төлөө мөөнөттөрү боюнча терс ажырым анча өзгөргөн эмес жана белгиленген мөөнөт ичинде милдеттенмелердин активдерден артышы тобокелдиги узак мөөнөттүү келечекте алгылыктуу ажырымдын эсебинен компенсацияланышы мүмкүн.

***3.1.3.3-таблица***[1]

Активдер жана милдеттенмелер мөөнөттөр боюнча (бир мезгилдин акырына карата)

*(млрд сом)*

| 2022-жыл | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Активдер | 246,6 | 21,8 | 17,8 | 30,8 | 190,9 | 508,0 |
| Милдеттенмелер | 273,5 | 15,0 | 24,9 | 38,6 | 45,9 | 397,9 |
| Активдердин милдеттенмелерден ашкан суммасы | -26,9 | 6,7 | -7,0 | -7,8 | 145,0 | 110,1 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | 10,9 | 30,9 | 39,3 | 25,3 | 76,0 | 21,7 |

| 2023-жыл | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Активдер | 300,4 | 40,8 | 25,0 | 51,4 | 220,4 | 637,9 |
| Милдеттенмелер | 350,2 | 15,4 | 26,5 | 45,7 | 66,0 | 503,8 |
| Активдердин милдеттенмелерден ашкан суммасы | -49,8 | 25,5 | -1,5 | 5,6 | 154,3 | 134,1 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | 16,6 | 62,4 | 6,2 | 11,0 | 70,0 | 21,0 |

2023-жыл жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктар үчүн “45,0 пайыздан кем эмес” деңгээлде белгиленген банк системасынын ликвиддүүлүк ченеминин коэффициенти 5,4 пайыздык пунктка, 77,4 пайызга чейин төмөндөгөн. Мындай төмөндөө коммерциялык банктардын кредит портфелинин жалпы көлөмүнүн жогорулашы менен шартталган. Тобокелдиктерди алдын алуу максатында айрым банктар үчүн күн сайын банктын активдерин жана милдеттенмелерин тескөө үчүн дароо ликвиддүүлүк (К3.3) боюнча кошумча ченем белгиленген.

*ПФТД/ЛПД*

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик финансылык чалгындоо кызматы менен өз ара иш алып баруунун алкагында 2023-жылы көзөмөлгө алынган органдар тарабынан Кыргыз Республикасынын террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга

[1] Маалыматтар ПРБОнун 12-бөлүгүнүн негизинде берилген.

(адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндө мыйзам талаптары сакталгандыгы жөнүндө маалымат алмашуу туруктуу негизде жүргүзүлүп турган.

*Инспектордук текшерүүлөр проверки*

2023-жылы Улуттук банк коммерциялык банктарда тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөл ыкмаларын колдонуу менен инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүп, анын жүрүшүндө капитал жетиштүүлүгүн, активдердин сапатын жана шарттуу милдеттенмелерди, ликвиддүүлүктү, кирешелүүлүктү, банктын операциялык жана рыноктук тобокелдиктерге дуушарлануу мүмкүндүгүн эске алуу менен банкта тобокелдиктерди тескөө, корпоративдик башкаруу жана ички контролдук системасына баа берүү ишин жана банктар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарды, анын ичинде ПФТД/ЛПД боюнча талаптарды сактагандыгын текшерген.

Коммерциялык банктарда маалымат коопсуздугу тобокелдиктери жагында Улуттук банк тарабынан белгиленген талаптардын сакталышына баа берилген. Финансы рыногунун маалымат коопсуздугун камсыздоонун жана финансы-кредит чөйрөсүндө кибер чабуулдарга каршы аракеттенүүнүн алкагында, коммерциялык банктарга туруктуу негизде кибер коркунучтарды иликтөөлөрдүн жана кибер коркунучтарга чара көрүү боюнча башка борборлордун маалыматынын негизинде орун алган коркунучтар жана кемчиликтер жөнүндө маалымат берилип турган.

Улуттук банк валюта рыногундагы жагдайга мониторинг жана талдоолорду, анын ичинде ПФТД/ЛПД, валюта рыногунда алып сатарлык операцияларга жол бербөө үчүн накталай чет өлкө валютасында операцияларды жүргүзүү боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарынын сакталышына инспектордук текшерүүлөрдү туруктуу негизде жүргүзүп, алардын жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын бузууга жол берген коммерциялык банктарга карата таасир этүү чараларын колдонгон. Мындан тышкары, башка мамлекеттик органдар менен биргеликте мамлекеттик программалар боюнча алынган кредиттик каражаттардын максаттуу пайдаланылгандыгын текшерүү иштери жүргүзүлгөн.

### 3.1.4. Таасир этүү чаралары

2023-жылы жазма буйруктар түрүндө таасир этүү чаралары негизинен кредиттик, операциялык, валюталык тобокелдиктерди жана террористтик ишти каржылоо жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) тобокелдиктерин кыскартууга, жогоруда белгиленген тобокелдиктерди башкаруу процессинде аныкталган кемчиликтерди жана бузууларды четтетүүгө багытталган. Тышкы көзөмөлдүн алкагында таасир этүү чаралары, эң башкысы, коммерциялык банктар экономикалык ченемдерди, касса тартибин сактоо, техникалык чыңдоо жана видеобайкоону уюштуруу жагында ички контролдоо системасын күчөтүү максатында колдонулган.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптары сакталбагандыктан айрым банктарга карата ички контролдоо системасында кемчиликтер аныкталгандыгына байланыштуу жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарынын талаптарын, анын ичинде террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзам талаптарын бузгандыгы үчүн айып пул түрүндө таасир этүү чаралары колдонулган.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын уставдык жана өздүк (жөнгө салуучу) капиталдарынын минималдуу өлчөмү боюнча талаптар сакталбагандыгына байланыштуу, айрым коммерциялык банктарга карата да Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык таасир этүү чаралары колдонулган.

2023-жылы Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан 51 отурум өткөрүлүп, анда коммерциялык банктардын ишин жөнгө салууга тиешелүү 113 маселе кароого алынган. Көзөмөл боюнча комитети тарабынан көзөмөлдөө жагында жөнгө салуу чараларын жана айрым коммерциялык банктардын ишин чектөө чараларын колдонуу, ошондой эле коммерциялык банктардын кызмат адамдарын макулдашуу жөнүндө чечимдер кабыл алынган.

### 3.1.5. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы

2023-жыл ичинде банктардын, анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктардын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү банктык тобокелдиктерди төмөндөтүүгө, санарип банктык кызматтарды сунуштоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө, ошондой эле эл аралык стандарттарга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык келтирүүгө багытталган.

*Экономикалык ченемдер жана талаптар*

Банк системасынын туруктуулугун, ишенимдүүлүгүн жана бекемдигин жогорулатуу, ошондой эле банктарда тобокелдиктердин ордун жабуу үчүн капитал менен камсыздоо жана аны зарыл деңгээлде колдоого алуу максатында, жаңы түзүлгөн жана учурда иштеп жаткан банктар үчүн уставдык жана өздүк (жөнгө салуучу) капитал боюнча жаңы өлчөмдөр белгиленген.

Базель комитетинин банктык көзөмөл боюнча эл аралык стандарттарын, атап айтканда Базель II жана III стандарттарын колдонууга киргизүү ишинин жана ЕАЭБге мүчө-мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык келтирүүнүн алкагында, буга чейин COVID-19 пандемиясынан улам түзүлгөн кырдаалга байланыштуу аларды күчүнө кириши убактылуу токтотулган, коммерциялык банктардын иши жөнүндө маалыматтарды чечмелөө жана ликвиддүүлүктүн ордун жабуу коэффициентин эсептөө маселелери боюнча ченемдик укуктук актылардын аракетин калыбына келтирүү чечимдери кабыл алынды.



*Тобокелдиктерди тескөө*

Кредиттөө системасын өнүктүрүүгө жана финансы-кредит уюмдары кредит берүүдө автоматташтырылган системаларды колдонууга түрткү берүү үчүн айрым ченемдик укуктук актыларга кредиттик тобокелдиктерди тескөө маселелери боюнча өзгөртүүлөр киргизилген. Атап айтканда, аралыктан тейлөө каналдары аркылуу сунушталуучу кредиттер жана кредиттик рейтингдин негизинде берилүүчү кредиттер, ошондой эле жеке адамдарга – айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө берилүүчү кредиттер боюнча жол берилген чектер каралып чыккан.

Буга кошумча, банктар долбоордук каржылоону сунуштоодо каржылоо мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү жана кредиттик тобокелдикти натыйжалуу тескөө максатында “Коммерциялык банктар тарабынан долбоордук каржылоону сунуштоодо кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жобо бекитилген. Жободо долбоордук каржылоонун негизги принциптери, ошондой эле каржылоонун ошол түрүн сунуштоодо банктардын иш алып баруу тартиби аныкталган.

Доллар менен берилүүчү кредиттердин көлөмүн андан ары төмөндөтүүгө багытталган иш-чаралардын алкагында, чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттерди классификациялоо боюнча талаптар күчөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын аймагында өзгөчө абалдын киргизилишинен жана/же башка форс-мажордук жагдайлар орун алган учурларда кредиттерди реструктуризациялоо боюнча ченемдер жеңилдетилген.

Банктардын баалуу кагаздар менен операцияларына карата кошумча талаптар белгиленген, ошондой эле банк ишинде ликвиддүүлүк тобокелдигин азайтуу үчүн аффилирленген жана банк менен байланыштуу жактар менен операциялар боюнча тобокелдиктин максималдуу өлчөмүн эсептөө кайра каралып чыккан.

Кыргыз Республикасында туруктуу каржылоо принциптерин колдонууга киргизүү жана жашыл экономиканы өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаларда каралган иш-чараларды аткаруу максатында, Туруктуу каржылоо факторлоруна байланыштуу финансылык тобокелдиктерди (ESG-тобокелдиктери) аныктоо, мониторинг жүргүзүү жана ачып көрсөтүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөр бекитилген.

Улуттук банк коммерциялык банктарга алардын иши банктык кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруу үчүн финансылык технологияларды иштеп чыгууга байланыштуу туунду көз каранды компанияларды сатып алуу жана/же түзүү мүмкүнчүлүгүн берген.

*Өлкөнүн мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык келтирүү*

Мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилгендигине байланыштуу бир катар ченемдик укуктук актыларга төмөнкүлөр боюнча өзгөртүүлөр киргизилген:

– банктар иштеп жаткан бардык кредиттик бюролорго кредиттик маалыматты сунуштоосу боюнча талаптарды белгилөө;
– карыз алуучунун өзгөчө абалдан улам ал милдеттенмелерин аткарбагандыгы жөнүндө маалыматты терс кредиттик маалыматка киргизбөө жөнүндө арызды финансы-кредит уюмуна сунуштоо укугун берүү;
– финансы-кредит уюмдары үчүн ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды тейлөө боюнча ченемдерди белгилөө;
– аларды ишке ашырууда финансы-кредит уюмдары кардарды талапка ылайык текшерген накталай чет өлкө валютасы менен алмашуу операциялары боюнча чектүү сумманын өлчөмүн көбөйтүү;
– коммерциялык банктар иш-чараларды ырааты менен ишке ашырууда террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча ички контролдук программасын ишке ашыруунун алкагында ага ылайык кардар менен ишкердик мамилени токтотууга же убактылуу токтотууга укуктуу болгон механизмдерди аныктоо;
– банктарга мыйзамдарда белгиленген өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен башка кыймылсыз мүлктү рекреация объекти жана туризм инфраструктурасы түрүндө үч жылдан жогору мөөнөт кармап туруу мүмкүнчүлүгүн берүү;
– Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” конституциялык Мыйзамын жүзөгө ашыруу максатында, кардарларга банктык кызматтарды сунуштоодо мамлекеттик тилди пайдалануу боюнча талаптарды белгилөө.

*Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүү*

Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын аймагында санарип документтерди пайдалануу жөнүндө токтомуна ылайык келтирүү максатында, айрым ченемдик укуктук актыларга Кыргыз Республикасынын жарандары финансы-кредит уюмдарынын кызматтарынан пайдаланууда санарип документтерди колдонуу боюнча өзгөртүүлөр киргизилген.

*Ислам каржылоо принциптери*

Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын эл аралык шарият стандарттарына ылайык келтирүү жана адаттагы банктар үчүн сыяктуу эле, ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктар үчүн да бирдей укуктук чөйрө түзүү максатында, айрым ченемдик укуктук актыларга банктык төлөм карталары боюнча иштөө эрежелерине, корпоративдик башкаруу, финансылык отчёттуулук, кредиттик тобокелдиктерди башкаруу, активдерди классификациялоо жана ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырууда потенциалдуу жоготуулардын жана чыгымдардын ордун жабууга резерв түзүү маселелерине тиешелүү өзгөртүүлөр бекитилген.

## 3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу

### 3.2.1. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү боюнча баяндама

*БФКУнун активдери*

2022-жылга салыштырганда 2023-жыл жыйынтыгы боюнча БФКУлардын[1] чогуу алгандагы активдери 9,1 млрд сомго же 24,4 пайызга жогорулап, 46,3 млрд сомду түзгөн. Ал эми чет өлкө валютасындагы активдер 1,8 млрд сомду же чогуу алгандагы активдер көлөмүнүн 3,8 пайызын түзгөн (2022-жыл жыйынтыгы боюнча 2,5 млрд сом же 6,6 пайыз).

***3.2.1.1-таблица.***

БФКУнун активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2022-жыл | | 2023-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 30 234,7 | 81,2 | 38 580,9 | 83,2 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 2 878,8 | 7,7 | 2 730,4 | 5,9 |
| Башка активдер | 1 976,5 | 5,3 | 2 407,9 | 5,2 |
| Негизги каражаттар | 1 039,0 | 2,8 | 1 246,2 | 2,7 |
| Финансы-кредит уюмдарына кредиттер | 936,8 | 2,5 | 1 091,6 | 2,4 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 695,2 | 1,9 | 757,0 | 1,6 |
| Акча каражаттары | 256,2 | 0,7 | 304,6 | 0,7 |
| Баалуу кагаздар портфели | 160,8 | 0,4 | 180,9 | 0,4 |
| Финансылык лизинг | - | - | 6,4 | 0,0 |
| Атайын РППУ* | -943,3 | -2,5 | -992,5 | -2,1 |
| **Бардыгы болуп** | **37 234,7** | **100,0** | **46 313,5** | **100,0** |

** Атайын РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер (субстандарттык, шектүү, жоготуулар) боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгымдардын ордун жабууга каралган камдарды түшүнүүгө болот*

*БФКУнун кредит портфели*

БФКУнун кредит портфели[2] 2022-жылга салыштырганда 8,5 млрд сомго же 27,3 пайызга көбөйүп, 39,7[3] млрд сомду түзгөн. Ал эми ислам каржылоо принциптери боюнча 1,3 млрд сомду же БФКУнун кредит портфелинен 3,2 пайызды түзгөн (2022-жылдын акырына – 1,5 млрд сом же 4,9 пайыз). БФКУнун чет өлкө валютасында кредит портфели 1,1 млрд сомду же БФКУнун кредит портфелинин 2,8 пайызын түзгөн (2022-жылдын акырына – 840,8 млн сом же 2,7 пайыз).

БФКУнун кредит портфелинин анын чогуу алгандагы активдерине карата катышы боюнча үлүшү 2023-жылдын акырына карата 85,7 пайызды түзгөн (2022-жылы – 83,7 пайыз).

[1] Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчётко (ПРО) ылайык жана АФКУнун кредит портфелин, ошондой эле кредиттик бюролордун, кепилдик фонддун жана алмашуу бюролорунун активдерин эске албаганда.

[2] АФКУнун кредит портфелин эске алуусуз.

[3] Финансылык лизинги эске алуусуз.

***3.2.1.1-график.***

БФКУнун активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




2023-жылы БФКУнун кредит портфелинин көлөмү көбөйгөндүгү байкалган, атап айтканда, Бишкек шаарында – 2 093,1 млн сомго, Ош областында – 1 539,3 млн сомго, Чүй областында – 1 499,8 млн сомго жана Жалал-Абад областында – 1 393,6 млн сомго.

***3.2.1.2-таблица.***

БФКУнун кредит портфелинин региондор боюнча түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)[1]

| Региондор | 2022-жыл | | 2023-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| Бишкек шаары | 7 801,3 | 25,0 | 9 894,4 | 24,9 |
| Ош шаары жана Ош областы | 6 512,7 | 20,9 | 8 052,0 | 20,3 |
| Чүй областы | 5 291,5 | 17,0 | 6 791,3 | 17,1 |
| Жалал-Абад областы | 3 937,1 | 12,6 | 5 330,6 | 13,4 |
| Ысык-Көл областы | 3 144,4 | 10,1 | 3 903,4 | 9,8 |
| Баткен областы | 1 755,0 | 5,6 | 2 245,7 | 5,7 |
| Нарын областы | 1 707,4 | 5,5 | 2 122,2 | 5,3 |
| Талас областы | 1 020,4 | 3,3 | 1 332,9 | 3,4 |
| Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары | 1,8 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **Бардыгы болуп** | **31 171,5** | **100,0** | **39 672,5** | **100,0** |

Отчёттук жылы БФКУлардын кредиттөө көлөмү өскөн. Кредиттер көлөмүнүн олуттуу өсүшү керектөө кредиттери (3 080,9 млн сомго), айыл чарба (1 797,8 млн сомго) жана кызмат көрсөтүүлөр (1 222,8 млн сомго) категориялары боюнча байкалган.

[1] Финансылык лизингди эске алуусуз.

***3.2.1.3-таблица.***

БФКУнун кредит портфели категориялар боюнча (бир мезгилдин акырына карата)

| Категориялар | 2022-жыл | | 2023-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Керектөө кредиттери | 12 448,0 | 39,9 | 15 529,0 | 39,1 |
| Айыл чарба | 6 754,1 | 21,7 | 8 551,9 | 21,6 |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 3 834,5 | 12,3 | 4 893,1 | 12,3 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 2 629,2 | 8,4 | 3 852,0 | 9,7 |
| Курулуш жана ипотека | 3 521,0 | 11,3 | 3 829,1 | 9,7 |
| ФКУлардын кредиттери | 936,8 | 3,0 | 1 091,6 | 2,8 |
| Транспорт | 430,7 | 1,4 | 661,0 | 1,7 |
| Өнөр жайы | 254,6 | 0,8 | 335,3 | 0,8 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 4,1 | 0,0 | 3,4 | 0,0 |
| Башка кредиттер | 358,3 | 1,1 | 926,1 | 2,3 |
| **Бардыгы болуп кредиттер** | **31 171,5** | **100,0** | **39 672,5** | **100,0** |

Отчёттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын аймагында тогуз банк эмес финансы-кредит уюмдары улуттук валютада ислам каржылоо принциптерине ылайык кызматтарды сунуштаган.

*Ислам каржылоо принциптери*

2023-жылы БФКУнун ислам принциптери боюнча каржылоо көлөмү 1 253,8 млн сомго жеткен. Ислам принциптери боюнча каржылоонун негизги көлөмү төмөнкү багыттарга жумшалган: керектөөнү каржылоого – 1 060,5 млн сом; айыл чарбага – 28,9 млн сом; өнөр жайга – 10,5 млн сом; соода жана коммерциялык операцияларга – 8,0 млн сом; курулушка жана ипотекага – 5,4 млн сом; башка категорияларга – 140,4 млн сом.

Отчёттук жылдын акырына карата орточо алынган пайыздык чендер төмөнкүдөй түзүлгөн:

– микрофинансылык уюмдардын кредиттери боюнча – 32 пайыз, 2022-жылга салыштырганда 2 пайыздык пунктка жогору;
– кредиттик союздардын кредиттери боюнча – 24,9 пайыз, 2022-жылга салыштырганда 0,2 пайыздык пунктка төмөн.

*БФКУнун кредиттери боюнча пайыздык чендер*

БФКУлардын кредит портфелинин сапаты жакшыргандыгына байланыштуу классификацияланган кредиттердин үлүшү БФКУлардын кредит портфелине карата катышы отчёттук жыл ичинде 4,5 пайыздан 3,9 пайызга чейин төмөндөгөн.

***3.2.1.4-таблица.***

БФКУнун кредит портфелинин сапаты (бир мезгилдин акырына карата)[1]

| Кредиттерди классификациялоонун категориялары | 2022-жыл | | 2023-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | *пайыздар* | *млн сом* | *пайыздар* |
| **Классификацияланбаган кредиттер** | **29 756,0** | **95,5** | **38 127,6** | **96,1** |
| **Классификацияланган кредиттер** | **1 415,5** | **4,5** | **1 544,9** | **3,9** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| *Субстандарттык* | *518,7* | *1,7* | *615,5* | *1,6* |
| *Шектүү* | *201,7* | *0,6* | *211,9* | *0,5* |
| *Жоготуулар* | *695,1* | *2,2* | *717,6* | *1,8* |
| **Бардыгы болуп кредит портфели** | **31 171,5** | **100,0** | **39 672,5** | **100,0** |

БФКУнун карыз алуучуларынын саны 2022-жылга салыштырганда 58 548 карыз алуучуга же 13,2 пайызга жогорулап, 2023-жылдын акырына карата 502 749 адамды түзгөн (алардын ичинен юридикалык жактар – 145). Жалпы эле карыз алуучу-жеке

[1] Финансылык лизингди эске алуусуз.

МАЗМУНУ

адамдар санынын ичинен аялдардын үлүшү 57,5 пайызды, эркектердин үлүшү – 42,5 пайызды түзгөн.

*БФКУнун милдеттенмелери*

Отчёттук жылдын жыйынтыгы боюнча БФКУлардын[1] милдеттенмелери 5,7 млрд сомго же 34,3 пайызга жогорулап, 22,3 млрд сомду түзгөн.

***3.2.1.5-таблица.***

БФКУнун милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2022-жыл | | 2023-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Алынган кредиттер | 9 989,2 | 60,0 | 12 524,1 | 56,0 |
| *анын ичинен:* | | | | |
| *эл аралык ФКУлардан* | *6 214,7* | *37,4* | *4 521,1* | *20,2* |
| *эл аралык финансы уюмдардан жана донорлордон* | *203,7* | *1,2* | *3 474,0* | *15,5* |
| *Кыргыз Республикасынын банктарынан* | *2 205,9* | *13,3* | *2 670,7* | *12,0* |
| *Кыргыз Республикасынын башка ФКУларынан* | *1 168,1* | *7,0* | *1 521,1* | *6,8* |
| *өкмөттөн* | *196,8* | *1,2* | *337,3* | *1,5* |
| Мөөнөттүү депозиттер | 3 393,9 | 20,4 | 5 397,5 | 24,2 |
| Субординацияланган карыздык милдеттенмелер | 102,1 | 0,6 | 99,9 | 0,4 |
| Башка милдеттенмелер | 3 150,0 | 18,9 | 4 325,2 | 19,4 |
| **Бардыгы болуп** | **16 635,3** | **100,0** | **22 346,7** | **100,0** |

БФКУнун тартылган депозиттери 2023-жылдын акырына карата 2022-жылга салыштырганда 2,0 млрд сомго же 59,0 пайызга жогорулап, 5,4 млрд сомду түзгөн.

*БФКУнун капиталы*

БФКУнун чогуу алгандагы капиталы[2] 2023-жылы 20,9 млрд сомдон 24,3 млрд сомго чейин өскөн.

***3.2.1.6-таблица.***

БФКУнун кирешелеринин жана чыгашаларынын түзүмү
*(млн сом)*

| Категориясы | 2022-жыл | 2023-жыл |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп кирешелер | 8 450,9 | 10 988,7 |
| Бардыгы болуп чыгашалар | 2 171,9 | 2 984,3 |
| Таза пайыздык киреше | 6 279,1 | 8 004,4 |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 355,4 | 380,2 |
| РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык киреше | 5 923,7 | 7 624,2 |
| Бардыгы болуп башка кирешелер | 948,3 | 993,7 |
| Бардыгы болуп башка чыгашалар | 216,9 | 3 309,8 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 3 474,1 | 1 173,3 |
| Таза операциялык киреше | 3 181,0 | 4 134,8 |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 11,9 | 0,4 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше | 3 169,0 | 4 134,5 |
| Пайдага салык | 324,7 | 423,7 |
| **Таза пайда (чыгым)** | **2 844,4** | **3 710,7** |

2023-жылдын акырына карата БФКУнун таза пайдасы 2022-жылга салыштырганда 3,7 млрд сомду түзүү менен 866,4 млн сомго же 30,5 пайызга өскөн (алардын ичинен ислам каржылоо принциптери боюнча таза пайда – 499,0 млн сом).

[1] Кредиттик бюролордун, кепилдик фонддун жана алмашуу бюролорунун милдеттенмелерин эске алуусуз.

[2] Кредиттик бюролордун, кепилдик фонддун жана алмашуу бюролорунун капиталын эске алуусуз.

***3.2.1.2-график.***
БФКУнун таза пайдасынын жана кирешелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




БФКУнун активдеринин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 2022-жыл ичиндеги 8,1 пайыздан 2023-жыл ичинде 8,9 пайызга чейин жогорулаган, ал эми капиталдын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE) 17,8 пайыздан 20,8 пайызга чейин жогорулаган.

*Кепилдик фонд*

2023-жылы Кыргыз Республикасында бир кепилдик фонд өз ишкердигин жүргүзүп, анын активдери жылдын акырына карата 5,8 млн сомго же 0,1 пайызга жогорулап, 7,3 млрд сомду түзгөн.

Кепилдик фонддун милдеттенмелери 2022-жылга салыштырганда 19,7 млн сомго же 8,5 пайызга азайып, 211,1 млн сомду түзгөн.

Кепилдик фонддун капиталы 25,5 млн сомго же 0,4 пайызга жогорулаган. 2023-жыл жыйынтыгы боюнча таза пайда 2022-жыл жыйынтыгына салыштырмалуу 48,0 млн сомго же 12,3 пайызга өсүп, 436,5 млн сомду түзгөн.

2023-жыл ичинде жалпы 2,8 млрд сом суммасына 4 736 гарантия берилген, ал эми кепилдик фонддун бүтүндөй иш мезгили аралыгында жалпы 8,1 млрд сом суммасына 8 166 кепилдик берилген.

***3.2.1.3-график.***
Региондор жана экономика тармактарына берилген гарантиялардын саны (2023-жылдын акырына карата)



### 3.2.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо

Адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын (АФКУ), микрофинансылык компаниялардын (МФК), кредиттик союздардын (КС), алмашуу бюролорунун, кредиттик бюролордун жана турак жай-сактык кредиттик компаниялардын (ТСКК) иши Улуттук банктын лицензиясынын негизинде жүзөгө ашырылат. Микрокредиттик компаниялар (МКК), микрокредиттик агенттиктер (МКА) жана кепилдик фонддор эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн негизинде иш алып барат.

2023-жылдын акырына карата Улуттук банк тарабынан лицензияланууучу жана иши жөнгө салынуучу банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана башка юридикалык жактардын системасына бир адистештирилген финансы-кредит уюму, 81 кредиттик союз, 121 микрофинансылык уюм (анын ичинде тогуз МФК, 78 МКК жана 34 МКА), 609 алмашуу бюросу, эки кредиттик бюро жана бир кепилдик фонд кирген.

Отчёттук жылы Улуттук банк тарабынан беш МККга эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүк, 237 алмашуу бюросуна лицензия берилген (анын ичинде лицензиясынын мөөнөтү өткөн алмашуу бюролоруна).

Ишин токтотууга байланыштуу МККлардын Улуттук банктан эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө 14 күбөлүгү, үч кредиттик союздун лицензиясы, бир ТСККнын лицензиясы жана 92 алмашуу бюролорунун лицензиясы (алардын ичинен 70 лицензиянын колдонуу мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу) жокко чыгарылган.

***3.2.2.1-таблица.***

БФКУлардын санынын динамикасы

| Аталышы | 2019-жыл | 2020-жыл | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл |
|---|---|---|---|---|---|
| АФКУ | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Микрофинансылык уюмдар (МФК, МКК жана МКА) | 137 | 134 | 133 | 130 | 121 |
| Кредиттик союздар | 95 | 92 | 88 | 84 | 81 |
| Алмашуу бюролору | 401 | 387 | 379 | 467 | 609 |
| Кредиттик бюро | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Кепилдик фонду | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Турак жай-сактык кредиттик компания | – | – | 1 | 1 | – |
| **Бардыгы болуп** | **637** | **617** | **605** | **686** | **815** |

### 3.2.3. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө

Отчёттук жыл ичинде БФКУлардын ишинин үзгүлтүксүздүгүн жана туруктуулугун камсыздоо, ошондой эле микрофинансылык кызматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу жана кредиттик тобокелдиктерди төмөндөтүү максатында, Улуттук банк БФКУлардын ишинде проблемалар жарала баштаган учурда эле аларды аныктоо жана көзөмөлдөө максатында чараларды көрүү ишин күчөткөн.

БФКУнун иши Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына, анын ичинде финансылык кызматтардан керектөөчүлөрдүн укугун коргоо маселелерине ылайык келишине баа берүү үчүн Улуттук банк 2023-жылы төмөнкүлөрдүн ишин текшерген:

– 145 алмашуу бюролорунун ишин;
– 23 кредиттик союздун ишин;
– 16 микрофинансылык уюмдун ишин;
– эки кепилдик фонддун ишин;

– бир адистештирилген финансы-кредит уюмунун ишин;
– бир ТСККнын ишин;
– бир кредиттик бюронун ишин.

Улуттук банк нак чет өлкө валютасын алмаштыруу чөйрөсүндө лицензиясыз иш алып барууну аныктоо жана ага жол бербөө жагында ишти уланткан. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы менен биргеликте иш алып баруунун жыйынтыгы боюнча Улуттук банктан лицензия алуусуз чет өлкө валютасын алмаштырууну жүзөгө ашырган 110 жеке адам жоопкерчиликке тартылып, республикалык бюджеттин пайдасына жалпы 1 925,0 миң сом суммасына айып пул салынган.

### 3.2.4. Таасир этүү чаралары

2023-жылы БФКУлардын жана Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган башка юридикалык жактардын ишин инспектирлөөнүн жана тышкы көзөмөлдөөнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын бузууга жол берүүлөр аныкталып, төмөнкү таасир этүү чаралары колдонулган:

– алмашуу бюролоруна 424 жазма буйрук;
– кредиттик союздарга 226 жазма буйрук;
– микрофинансылык уюмдарга 205 жазма буйрук;
– адистештирилген финансы-кредит уюмуна 20 жазма буйрук;
– турак жай-сактык кредиттик компанияга 10 жазма буйрук;
– кредиттик бюролорго сегиз жазма буйрук;
– кепилдик фондуна беш жазма буйрук жөнөтүлгөн.

Мындан тышкары, 31 алмашуу бюросуна, жети микрофинансылык уюмга жана бир кредиттик бюрого карата Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык айып пул салынган, 71 алмашуу бюросунун лицензиясы убактылуу токтотулган жана үч алмашуу бюросунун лицензиясы кайтарылып алынган.

### 3.2.5. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы

*Ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү*

Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук базаны өркүндөтүүнүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келтирүүнүн алкагында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан банк эмес жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарын лицензиялоо жана алардын ишин жөнгө салуу маселелери боюнча токтомдор кабыл алынган.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын финансылык отчётторун түзүүгө, жарыялоого жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берүүгө карата талаптар жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр кабыл алынган, аларга ылайык банк эмес финансы-кредит уюмдарынын түрүнө жараша алардын чейректик жана жылдык финансылык отчётторун жалпыга маалымдоо каражаттарында, БФКУлардын расмий интернет-сайттарында жана Финансылык отчёттуулуктун ачык депозитарийинде жарыялоого карата ар кандай талаптар каралган.

*Мыйзамдарга ылайык келтирүү*

Бир катар чечимдер Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын, анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча ченемдик актыларын кредиттик маалымат алмашуу, ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды тейлөө, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын кардарларына банктык кызматтарды көрсөтүүдө мамлекеттик тилди пайдалануу жана террористтик ишти



МАЗМУНУ

каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелери боюнча мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык келтирүү максатында кабыл алынган.

Отчёттук жыл ичинде кредиттик бюролордун минималдуу уставдык капиталына, кызмат адамдарынын тизмегине жана аларга карата квалификациялык талаптарга жана кредиттик бюронун чогуу алганда 10 жана андан жогору пайыз акцияларын сатып алууга ниетин билдирген адамдарга карата жаңы талаптар белгиленген, ошондой эле банк эмес финансы-кредит уюмдарына кардарларды мамлекеттик маалымат системаларынан алынган санарип форматтагы докуметтерди пайдалануу аркылуу тейлөө мүмкүнчүлүгү берилген.

Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттерди карыз алуучулардын валюта түрүндө кирешесинин үлүшүнө жараша классификациялоого байланыштуу маселелер боюнча өзгөртүүлөр киргизилген, ошондой эле өзгөчө абал режими киргизилген мезгил аралыгында Улуттук банктын БФКУларга карата колдонуудагы талаптары жеңилдетилген.

## 3.3. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо

Банктык кызматтардан керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо Улуттук банктын финансы системасынын туруктуулугун камсыздоо боюнча ишинин маанилүү бөлүгү болуп саналат.

*Банктык кызматтардан керектөөчүлөрдүн кайрылууларын кароо*

Улуттук банк жарандарды кабыл алууга жана алардын кайрылууларын кароого алууга өзгөчө маани берет. 2023-жыл ичинде Улуттук банк банктык кызматтарды керектөөчүлөрдүн 927 кайрылуусун кароого алган (2022-жылы – 948). Алардын ичинен коммерциялык банктардын ишине тиешелүү маселелер боюнча – 666 кайрылуу (2022-жылы – 670), банк эмес финансы-кредит уюмдарынын иши боюнча – 184 кайрылуу (2022-жылы – 226) жана башка маселелер боюнча – 77 кайрылуу каралган (2022-жылы – 52).

Банктык кызматтардан пайдаланган 1 100дөн ашуун жаранга жеке кабыл алуу аркылуу консультациялык-укуктук жардам көрсөтүлгөн.

*Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоону күчөтүү боюнча чаралар*

Жарандардын кайрылууларында кредиттерди реструктуризациялоо шарттарын түшүндүрүп берүү, кредиттерди мөөнөтүнөн мурда төлөөдө карыз алуучулардын укуктарын коргоо, банктык эсептерди, аманаттарды тейлөө, акча которуу кызмат көрсөтүүлөрү, келишим шарттары мыйзам талаптарына ылайык келишин текшерүү маселелери жана башка маселелер козголгон.

Финансы-кредит уюмдарына карата керектөөчүлөрдүн укуктарын сактоо боюнча талаптарды күчөтүү чаралары ченемдик укуктук актыларга туруктуу негизде мониторинг жүргүзүүнүн жана аларды талдап чыгуунун негизинде кабыл алынып турат.

Отчёттук жылы иштин олуттуу бөлүгү кредиттик маалыматты натыйжалуу алмашуу чөйрөсүндө мыйзамдарды, атап айтканда, Кыргыз Республикасынын “Насыялык маалымат алмашуу жөнүндө” мыйзамын өркүндөтүүгө багытталган, так айтканда, буга чейин кредиттик бюролорго карата алгылыктуу кредиттик маалыматты жети жыл жана терс маалыматты беш жыл сактоо боюнча белгиленген талаптарга кошумча өзгөчө жагдайга жана(же) өзгөчө абалга тиешелүү кредиттик маалыматтарды үч жыл сактоо жөнүндө толуктоолор киргизилген.

Улуттук банк финансы-кредит уюмдары менен биргеликте Кыргыз Республикасынын “Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө” мыйзамынын талаптарына ылайык, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн, анын ичинде инфраструктурадан пайдалануусун камсыздоого багытталган иштер жүргүзүлгөн. Финансы-кредит уюмдарына ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү кардарларга банктык кызматтарды көрсөтүүдө өз ара иш

алып баруу жана көмөк көрсөтүү маселелерине өзгөчө көңүл буруу сунушталган. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын майыптыгы бар адамдар банктын имаратына жана жайларына кирүүсү, банктык кызматтардан кыйынчылыктарсыз пайдалануусу үчүн шарттарды түзүү аркылуу майыптыгы бар адамдардын керектөөлөрүнө жараша банктык кызматтарды көрсөтүүгө ыңгайлаштыруу, ошондой эле банктын персоналын ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар менен өз ара иш алып барууга окутуу боюнча чараларды ишке ашырууга тиешелүү талаптар актуалдаштырылган.

Финансы-кредит уюмдарынын кызматкерлеринин майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө билимин жогорулатуу жана майыптыгы бар адамдарга банктык кызматтар жеткиликтүү болушун камсыздоо үчүн 2023-жылдын декабрь айында “Кыргызстан банктарынын союзу” юридикалык жактар бирикмесинин окуу борборунун базасында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды тейлөө маселелери боюнча семинар-тренинг өткөрүлгөн.

# 4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

2023-жылы Улуттук банк тарабынан төлөм системасынын натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу максатында ченемдик укуктук базаны жакшыртуу, төлөм системасына көзөмөлдү (оверсайтты), төлөмдөрдүн үзгүлтүксүз өтүшүн контролдоону күчөтүү, ошондой эле жаңы санариптик төлөм технологияларын өнүктүрүү иштери улантылган.

Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү, инновациялык жана санарип финансылык кызмат көрсөтүүлөрүн өнүктүрүү жана кеңири пайдалануу, акча жүгүртүүнүн ачык-айкындуулугуна жетишүү жана көмүскө экономиканы кыскартуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-декабрындагы токтому менен 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программа (мындан ары – Накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программа) бекитилген.

Улуттук банк тарабынан төлөм системасынын катышуучулары үчүн “Кыргыз Республикасынын төлөм системасын 2023-2027-жылдары өнүктүрүүнүн негизги багыттары” бекитилген.

Инновациялык банктык жана төлөм продукттарын кеңири жайылтуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү иштери жүргүзүлгөн. Эл аралык эксперттердин көмөгү менен Кыргыз Республикасында Тез төлөмдөр системасын өнүктүрүү концепциясы жана Ачык банкинг концепциясы иштелип чыккан.

“Элкарт” улуттук төлөм системасын өнүктүрүү алкагында байланышсыз “Элкарт” банктык төлөм карталарын чыгаруу көлөмүн көбөйтүүгө, сервисти жакшыртууга жана смартфонду колдонуу менен “Элкарт Мобайл”, “Элкарт Трейд” мобилдик тиркемелери, “Элкарт Pay” (GooglePay/ApplePay аналогу) байланышсыз төлөө системасы аркылуу сунушталуучу кызматтардын түрлөрүн көбөйтүүгө багытталган иш-чаралар жүргүзүлгөн.

Отчёттук мезгилде Улуттук банк калктын санарип жана төлөм технологияларын колдонуу менен, анын ичинде республиканын региондорунда банктык жана төлөм кызматтарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү боюнча иштерди уланткан. 2023-жыл акырына карата банк жабдууларынын жалпы саны 2 260 банкоматты, 23 009 POS-терминалын, банктардын 2 775 төлөм терминалын жана төлөм уюмдарынын 13 051 төлөм терминалын түзгөн. “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын бөлүмдөрүндө (мындан ары – “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасы) өлкө региондорунда 1 087 айылдын калкына банктык төлөм картасынан накталай акча каражатын чыгарып алуу жана айрым кызматтарга төлөө мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн 370 POS-терминал орнотулган. Бүтүндөй республика боюнча рыноктун катышуучулары төлөмдөрдү көбүрөөк кабыл алышы үчүн соода-тейлөө ишканаларына 38,9 миңден ашык унифицикацияланган QR-коддор орнотулган, бул өлкө бюджетине накталай эмес формада төлөнгөн төлөмдөрдүн, салыктардын жана айып пулдардын көбөйүшүнө өбөлгө түзгөн.

Накталай эмес төлөмдөрдүн үлүшүнүн көбөйүшү жана улуттук төлөм системасынын өнүгүшү менен катар эле, накталай акча мурдагыдай эле, чекене төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн негизги төлөм каражаты катары колдонулууда. 2023-жылы өлкө экономикасынын улуттук валютанын тиешелүү номиналдагы банкнотторуна жана монеталарына муктаждыгын үзгүлтүксүз камсыз кылуу, ошондой эле жүгүртүүдөгү накталай акчанын түзүмүн жөнгө салуу иштери улантылган.

# 4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү

## 4.1.1. Накталай эмес эсептешүүлөр

*Төлөм системасы*

Кыргыз Республикасында нак эмес эсептешүүлөр Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (мындан ары – ГСРРВ), Пакеттик клиринг системасы (мындан ары – ПКС), банктык төлөм карталарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасы, электрондук акча менен эсептешүүлөр системасы, акча которуулар системасы жана банк эмес төлөм системаларынын операторлорунун системасы аркылуу ишке ашырылган.

Улуттук банк, коммерциялык банктар, Мамлекеттер аралык банк, Евразия өнүктүрүү банкы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттиги, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, Мамлекеттик пенсиялык топтолмо фонду, “Борбордук депозитарий” ЖАК жана “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК банктар аралык төлөм системаларынын катышуучуларынан болуп саналат.

Отчёттук мезгилде банктар аралык төлөм системалары аркылуу 10,8 млн төлөм 14,0 трлн сом суммасында жүргүзүлгөн. 2022-жылга салыштырганда төлөмдөрдүн саны жана көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша, 23,1 пайызга жана 32,3 пайызга көбөйгөн.

Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасында жана Пакеттик клиринг системасында төлөмдөрдүн көлөмү отчёттук мезгил ичинде, тиешелүүлүгүнө жараша, 32,2 жана 36,1 пайызга өскөн.

***4.1.1.1-график.***
Банктар аралык төлөм системалары (ГСРРВ жана ПКС) боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн көлөмү




Төлөмдөрдүн саны 2022-жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырганда ГСРРВда жана ПКСте, тиешелүүлүгүнө жараша, 43,7 жана 21,3 пайызга өскөн.

**4.1.1.2-график.**

Банктар аралык төлөм системалары (ГСРРВ жана ПКС) боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны




*"Элкарт" улуттук төлөм картасы*

Чыгарылган банктык төлөм карталарынын жалпы саны жыл ичинде 32,7 пайызга көбөйүп, 6,9 млн даананы түзгөн, анын ичинен "Элкарт" улуттук системасынын карталарынын саны 3,5 млн даананы түзгөн. "Элкарт" банктык төлөм карталарынын эмиссиясы 2022-жылга салыштырганда 16,7 пайызга көбөйгөн.

**4.1.1.3-график.**

Банктык төлөм карталарынын саны (бир мезгилдин акырына карата)



***4.1.1.4-график.***

Банктык төлөм карталарынын санынын катышы




*Банктык төлөм карталарын пайдалануу менен операциялар*

Отчёттук жылы банктык төлөм карталарын пайдалануу менен 826,2 млрд сом суммасында 204,2 млн ашык операция ишке ашырылган. Мында 2022-жылга салыштырганда операциялардын саны 59,2 пайызга көбөйүп, ал эми анын көлөмү 57,5 пайызга өскөн.

2023-жыл ичинде соода-тейлөө ишканаларында банктык төлөм карталарын пайдалануу менен ишке ашырылган операциялардын саны 2022-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 92,0 пайызга өсүп, көлөмү 2,1 эсе көбөйгөн.

***4.1.1.5-график.***

Соода-тейлөө ишканаларында бүтүмдөр көлөмүнүн өсүшүнүн динамикасы




*Карталарды кабыл алуу жана тейлөө боюнча инфраструктура*

2023-жылдын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында банктык төлөм карталары 2 260 банкоматта жана 23 009 POS-терминалда (анын ичинен 20 477 POS-терминал соода-тейлөө ишканаларында жана 2 532 POS-терминал коммерциялык банктардын филиалдарында жана сактык кассаларында орнотулган) тейлөөгө алынган.

Системалар боюнча алып караганда:

– “Элкарт” улуттук системасынын карталары бардык 2 260 банкоматта жана 23 009 POS-терминалда;
– “Золотая Корона” эл аралык системасынын карталары 277 банкоматта жана 4 436 POS-терминалда;
– “Visa” жана “MasterCard” эл аралык системаларынын карталары 812 банкоматта жана 8 341 POS-терминалда;
– “Union Pay” эл аралык системасынын карталары 443 банкоматта жана 4 538 POS-терминалда тейленген.

***4.1.1.6-график.***

Банкоматтардын жана POS-терминалдардын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




*Электрондук акча*

2023-жылы Кыргыз Республикасында электрондук акча кыйла жеткиликтүү жана ыңгайлуу төлөө ыкмасы катары сакталып турган, бул электрондук капчыктардын саны сыяктуу эле, операциялардын саны жана көлөмү боюнча да көрсөткүчтөрдүн туруктуу өсүшүнө түрткү берген.

Электрондук капчыктардын саны 2022-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 19,7 пайызга көбөйүп, 6,5 млн бирдикти түзгөн.

Он коммерциялык банк электрондук акча чыгаруу укугуна лицензияга ээ болгон, бирок 2023-жылы алты коммерциялык банк электрондук акчанын эмитенти катары жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдүн он[1] локалдык системасы иштеп турган.

***4.1.1.7-график.***

Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




[1] “Элсом”, “Мобильник Деньги”, “Электронный кошелек Компаньон”, “Илбирс” ЭК, “Баланс”, “Umai Wallets”, “О!Деньги”, “Pocket KG”, “Cash2u” жана “Namba Pay”.

2023-жыл ичинде электрондук акча жүгүртүү боюнча көрсөткүчтөр 2022-жылга салыштырганда төмөнкүчө түптөлгөн:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу боюнча операциялардын саны жана көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша, 58,9 жана 14,6 пайызга өскөн (25,7 млрд сом суммасына 10,2 млн операция жүргүзүлгөн);
- электрондук акчаны накталай жана накталай эмес акча каражаттарына алмаштыруу (ордун жабуу) боюнча операциялардын көлөмү 19,6 пайызга азаюу менен 16,4 млрд сомду түзгөн, ал эми операциялардын саны 28,0 пайызга азайып, 3,6 млн операцияны түзгөн;
- товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн электрондук акча менен төлөө боюнча операциялардын көлөмү 29,4 млрд сомду түзүү менен 41,2 пайызга көбөйгөн, ал эми операциялардын саны 35,7 пайызга көбөйүү менен 20,8 млн операцияга жеткен;
- электрондук капчыкты толтуруу (жайылтуу) боюнча операциялардын саны жана көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша, 32,5 пайызга жана 0,04 пайызга көбөйүп, 34,3 млрд сом суммасына 11,9 млн операцияны түзгөн.

***4.1.1.8-график.***

2023-жылы электрондук капчыктар менен операциялар боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү




2023-жылы Кыргыз Республикасынын төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн көлөмү 379,9 млрд сомду түзгөн, бул 2022-жылга салыштырганда эки эсеге көбөйгөн. Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 49,0 млн операцияга же 26,3 пайызга көбөйүп, 235,2 млн операцияны түзгөн.

***4.1.1.9-график.***

Төлөм уюмдары тарабынан өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү




## 4.1.2. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар

*Накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программа*

2023-жылдын жыйынтыгында накталай эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралардын алкагында төмөнкүдөй натыйжаларга жетишилген:

- 598,6 миң адам (пенсионерлердин жалпы санынын 78,0 пайызы) пенсияны коммерциялык банктардагы эсеби аркылуу алган, ал эми 2022-жылы 548,5 миң адам алган (пенсионерлердин жалпы санынын 74,0 пайызы);
- банктык төлөм карталары аркылуу социалдык төлөөлөрдү 331,8 миң адам (алуучулардын жалпы санынын 98,9 пайызы), ал эми 2022-жылы 360,7 миң адам алган (алуучулардын жалпы санынын 97,4 пайызы). Социалдык жөлөк пулдарды алуучулардын саны 2022-жылга салыштырганда 28,9 миң адамга азайган, ал эми банктык төлөм карталары аркылуу социалдык төлөөлөрдү алган жарандардын саны 1,5 пайызга көбөйгөн;
- медициналык кызматтарга төлөө үчүн 255 мамлекеттик саламаттыкты сактоо уюмунун 170инде, ал эми 2022-жылы 107 мамлекеттик саламаттыкты сактоо уюмунун 65инде POS-терминалдар орнотулган;
- бюджеттик уюмдарда "бюджеттик каражаттарды алуучунун" 558 картасы пайдаланылган, алар боюнча жалпы 326,6 млн сом суммасына 13 586 транзакция жүргүзүлгөн, ал эми 2022-жылы 1 145 карта пайдаланылып, алар боюнча жалпы 3 282,3 млн сом суммасына 9 935 транзакция жүргүзүлгөн;
- "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасынын почта байланышынын 827 бөлүмүнүн 370инде, ал эми 2022-жылы 916 бөлүмдүн 387исинде карта ээлерине пенсияларды, жөлөк пулдарды жана эмгек акыларды төлөө, ошондой эле коммуналдык кызматтар үчүн төлөмдөрдү жүргүзүү, салыктарды жана башка төлөмдөрдү төлөө үчүн POS-терминалдар орнотулган;
- бүтүндөй республика боюнча рыноктун катышуучулары тарабынан төлөмдөр көбүрөөк кабыл алынышы үчүн соода-тейлөө ишканаларына 38,9 миңден ашык унификацияланган QR-код, 2022-жылы 3,4 миң QR-код орнотулган.

Накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2022-жылдын 16-декабрындагы

“Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө” токтомуна ылайык, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерди банктык жабдуу менен камсыз кылуу боюнча иш-чаралар улантылган. Акы төлөнүүчү кызматтарды сунуштаган 731 мамлекеттик жана муниципалдык мекемеден 468инде мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөр накталай эмес түрдө кабыл алынган, 263 мекеме өз кассалары аркылуу накталай түрдө кабыл алган.

### 4.1.3. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин өнүктүрүү жана жөнгө салуу

#### 4.1.3.1. Төлөм системаларынын операторлоруна жана төлөм уюмдарына лицензия берүү жана каттоо

2023-жылы Улуттук банк тарабынан төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна беш лицензия[1] жана төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна беш лицензия[2] берилген. Отчёттук мезгилдин акырына карата 30 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ болгон: төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна 29 лицензия жана төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна 28 лицензия. Анын ичинен 28 юридикалык жак Бишкек шаарында, экөө – Ош областында катталган.

Отчёттук жылы Улуттук банкта эл аралык акча которуу системасынын төрт оператору, эл аралык электрондук акча системасынын үч оператору/эмитенти каттоодон өткөн. Акча которуулардын локалдык (филиал аралык) системасынын бир операторун каттоосу жокко чыгарылган. Ошентип, 2023-жылдын акырына карата акча которуу системаларынын 35 (анын ичинен 17 эл аралык, 18 локалдык (филиалдар аралык) оператору, эл аралык электрондук акча системасынын 12 оператору/эмитенти, банктык төлөм карталарын колдонуу менен жети эл аралык эсептешүүлөр системасы жана эки өз ара аракеттенүү оператору[3] өз ишин жүргүзгөн.

#### 4.1.3.2. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө

Улуттук банк инспектордук текшерүүлөрдүн жыл сайын бекитилүүчү планына ылайык төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин туруктуу негизде көзөмөлдөйт. Төлөм системаларынын үзгүлтүксүз иштешин, төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөчүлөрдүн укугун коргоого, террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүүгө, маалымат системаларынын жана аппараттык-программалык комплекстердин коопсуздугун камсыз кылууга өзгөчө көңүл бурулган.

---

[1] Төлөм системасынын катышуучуларына үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматтарды (процессинг, клиринг) кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо (б.а. финансылык маалыматтарды иштеп чыгуу).

[2] Үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо (финансылык агымдар).

[3] Төлөм системасынын оператору, ал төлөм системаларынын катышуучулары менен техникалык өз ара аракеттенүүнү жана эки өлчөмдүү штрихкод белгилерин жана төлөм шилтемелерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөр боюнча акыркы эсептешүүлөр үчүн клиринг файлдарын түзүүнү камсыз кылат.

Отчёттук жылы төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине 14 инспектордук текшерүү, анын ичинен үч комплекстүү, 11 максаттуу текшерүү, анын ичинен атайын жөнгө салуу режиминин алкагында – үч, беш алдын ала (лицензия берүү алдындагы) текшерүү жүргүзүлгөн.

### 4.1.3.3. Таасир этүү чаралары

2023-жыл ичинде тышкы көзөмөл жана инспектордук текшерүү алкагында төлөм системаларынын операторлорунун жана/же төлөм уюмдарынын лицензиясына ээ юридикалык жактарга карата банк мыйзамдарына ылайык бир катар таасир этүү чаралары колдонулган: алты юридикалык жакка жети айып пул салынган, сегиз төлөм системаларынын операторунун/төлөм уюмунун дарегине аныкталган бузууларды четтетүү тууралуу 14 жазма буйрук жөнөтүлгөн.

### 4.1.3.4. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы

2023-жылы төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар өркүндөтүлүшү тобокелдиктерди төмөндөтүүгө, төлөм кызматтарын өнүктүрүүгө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы өзгөртүүлөргө ылайык келтирүүгө багытталган.

Төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары тарабынан финансылык отчёттун компоненттерин, мазмунун жана аны жарыялоонун жана берүүнүн негизги эрежелерин аныктоо максатында, “Төлөм системаларынын операторлорунун/төлөм уюмдарынын финансылык отчётторун түзүүгө, жарыялоого жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берүүгө карата талаптар жөнүндө” жобо бекитилген.

Төлөм системаларынын операторлорунун/төлөм уюмдарынын маалымат системаларынын тобокелдиктерин минималдаштыруу максатында, төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын маалымат коопсуздугу боюнча талаптар иштелип чыккан.

Чекене ички жана чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр боюнча акыркы эсептешүүлөрдү өз учурунда жүргүзүүнүн кепилдигин камсыз кылуу жагында ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү максатында, “Эсептешүү банкына карата минималдуу талаптар жөнүндө” жобо бекитилген.

“Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө” жобого өтүнүч ээсинин/лицензиаттын аткаруу органынын мүчөлөрүнө, акча каражаттарынын келип чыгуу булагын тастыктоо үчүн керектелүүчү документтерге, өтүнүч ээсинин аффилирленген жана байланыштуу жактары тууралуу маалыматтарга карата талаптар боюнча өзгөртүүлөр бекитилген.

Виртуалдык активдерди жүгүртүүгө байланыштуу накталай эмес төлөмдөр жөнүндө маалыматты тартипке жана системага салуу, ошондой эле бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына ылайык келтирүү үчүн, Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторуна өзгөртүүлөр киргизилген.

Калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү тоскоолдуксуз пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берүү максатында, коммерциялык банктар жана төлөм уюмдары үчүн банкоматтарын жана төлөм терминалдарын жүгүртүүгө киргизилген улуттук валютанын жаңы банкнотторун кабыл алууга ылайыкташтыруу мөөнөттөрү белгиленген.

МАЗМУНУ

Кыргыз Республикасында акча которуулар системасына тиешелүү акча которууларды жүзөгө ашыруу боюнча эрежелерге өзгөртүүлөр киргизилди. Ошондой эле акча которуулардын локалдык системаларынын операторлору боюнча каттоону жокко чыгаруу талаптары да белгиленди.

Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын төмөнкүлөргө ылайык келтирүү боюнча иштердин алкагында:

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы "Кыргыз Республикасында оюн-зоок иштери чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому менен "Кыргыз Республикасында накталай эмес эсептешүүлөр жөнүндө" жобого жана "Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө" жобого төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү чет өлкө валютасында өткөрүү тартибин аныктоо жагында өзгөртүүлөр киргизилген;
– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-ноябрындагы "Кыргыз Республикасынын аймагында санариптик документтерди пайдаланууну киргизүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому менен Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы жана "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу алынган санарип форматындагы документтерди колдонуу мүмкүнчүлүгүн берүү максатында, айрым ченемдик укуктук актыларга банктык төлөм карталары, электрондук акча, ошондой эле төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин жөнгө салуу, лицензиялоо жана инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жагында өзгөртүүлөр киргизилген.

### 4.1.4. Төлөм системасынын ишин көзөмөлдөө (оверсайт)

*Төлөм системаларынын маанилүүлүгү жана жеткиликтүүлүгү*

Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишин көзөмөлдөөгө (оверсайт) эл аралык практикага ылайык, мониторинг жүргүзүү, баалоо жана төлөм системасын өркүндөтүүгө багытталган чараларды колдонуу сыяктуу чаралардын топтому кирет. Көзөмөлдөө (оверсайт) алкагында өлкөнүн финансы системасы үчүн орчундуу мааниге ээ жана системалуу тобокелдикти жайылтууга потенциалдуу түрткү бериши мүмкүн болгон төлөм системалары аныкталган. Ошентип, 2023-жылы ГСРРВ жана ПКС системалуу мааниге ээ төлөм системалары, ал эми ГСРРВ, ПКС жана "Элкарт" банктык төлөм карталары менен эсептешүүлөр системасы улуттук система бойдон калган.

Мониторингдин жыйынтыгы боюнча системалуу мааниге ээ төлөм системалары штаттык режимде иштеген, системалардын жеткиликтүүлүк коэффициенти[1] 99,9 пайыз деңгээлинде жогору бойдон сакталып калган.

"Элкарт" банктык төлөм карталары менен эсептешүүлөрдүн улуттук системасынын жеткиликтүүлүк коэффициенти 2023-жыл ичинде 99,7 пайызды түзгөн, бул улуттук системаларда 98,0 пайыз өлчөмүндө пландаштырылган көрсөткүчтөн жогору.

Отчёттук мезгилде улуттук төлөм системаларындагы финансылык тобокелдиктердин деңгээли минималдуу болгон жана системаларда алдын ала каралган ликвидүүлүктү тескөө механизмдери жана катышуучулардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептеринде жайгашкан жетиштүү ликвиддүү каражаттар менен шартталган.

[1] Жеткиликтүүлүк коэффициенти – бул системанын пайдалануучуларынын кызматтардан жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү. Техникалык үзгүлтүктөрдөн жана алдын алуу иштерин жүргүзүүдөн улам системада келип чыккан үзгүлтүктөр системадан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн азайтат.

Банктык төлөм карталары менен эсептешүүлөр, банктык эсеп ачуусуз акча которуулар, электрондук акча менен эсептешүүлөр системалары, үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу сыяктуу, жана калктын көп сандагы майда жана утурумдук төлөмдөрүн иштеп чыккан башка чекене төлөм системаларынын үзгүлтүксүз иши өлкөнүн финансы секторунун туруктуулугунун маанилүү фактору болуп саналат. 2023-жылы жогоруда көрсөтүлгөн системалар туруктуу иштеп турган.

### 4.1.5. Санарип төлөм технологияларынын өнүгүшү

Улуттук банк 2023-жылы санарип төлөм технологияларын өнүктүрүү максатында, 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасынын жана Улуттук банктын орто мөөнөттүү стратегиялык документтеринин алкагында бир катар иш-чараларды жүргүзгөн. Жаңы санарип төлөм технологияларын жана инструменттерин киргизүү аркылуу төлөм инфраструктурасын кеңейтүү жана калктын төлөм кызматтарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу боюнча иш-чаралар улантылган.

Өлкөдө төлөм инфраструктурасын жакшыртуу үчүн Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасында Тез төлөмдөр системасын өнүктүрүү концепциясы бекитилген, ал акча каражаттарын жөнөтүүчүнүн же алуучунун эсептери кайсы коммерциялык банкта ачылгандыгына карабастан, жеке адамдарга жана/же юридикалык жактарга айкын убакыт ыргагында банктык эсептерден акча каражаттарын бирдиктүү идентификатор боюнча которуу мүмкүнчүлүгүн берет.

*Эки өлчөмдүү штрихкод (QR-код) белгилеринин өнүгүшү*

Отчёттук мезгилде бирдиктүү төлөм мейкиндигин өнүктүрүү жана калктын соода-тейлөө ишканаларында эки өлчөмдүү штрихкод (QR-код) белгилерин колдонуу менен товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрүн кабыл алууну кыйла көбөйтүү боюнча иштер улантылган. Бул максатта Эки өлчөмдүү штрих-код белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды өткөрүү эрежелерине өзгөртүүлөр киргизилген, ага ылайык коммерциялык банктарга, төлөм системаларынын операторлоруна/төлөм уюмдарына республиканын соода-тейлөө ишканаларында төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү накталай эмес түрдө кабыл алуу үчүн QR-коддордун санынын өсүшүн жана сапаттык көрсөткүчтөрүнүн жакшырышын жума сайын камсыз кылуу жөнүндө сунуш-көрсөтмө берилген.

Калктын товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөмдөрдү QR-коддорун колдонуу менен накталай эмес түрдө өткөрүү боюнча финансылык сабаттуулугун жогорулатуу максатында, Улуттук банк бүтүндөй республика боюнча окутуучу тренингдерди өткөргөн, ошондой эле коммерциялык банктар жана төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары менен биргеликте кеңири масштабдагы маалымат кампаниясын жүргүзгөн. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы менен биргеликте республика боюнча соода-тейлөө ишканаларында товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөөлөрдү накталай эмес түрдө кабыл алуу үчүн QR-коддордун орнотулушуна көчмө мониторинг жүргүзүлгөн.

2023-жыл акырына карата жалпы республика боюнча соода-тейлөө ишканаларында 38,9 миңден ашык унификацияланган QR-код орнотулган, 2022-жылга салыштырмалуу унификацияланган QR-коддордун саны 11 эсеге көбөйгөн. Жалпысынан, долбоор ишке киргизилген учурдан (2022-жылдын май айынан) тартып QR-код аркылуу 3,3 млрд сомдон ашык суммага 3,1 млн төлөм өткөрүлгөн.

*Улуттук төлөм системаларынын иши*

Отчёттук мезгил ичинде “Элкарт” улуттук төлөм системасынын инновациялык төлөм инструменттеринин өнүгүшүнүн алгылыктуу динамикасы байкалган, анын оператору катары “БПБ” ЖАК иш алып барат. 2023-жылдын акырына карата жүгүртүүдөгү “Элкарт NFC” төлөм карталарынын жалпы саны болжол менен 750 миң бирдикти түзгөн, 2022-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр дээрлик эки эсеге көбөйгөн. Муну менен бирге эле “Элкарт Мобайл” мобилдик тиркемеси аркылуу 62,9 млрд сомдон ашык суммага 37 млн ашык төлөмдөр жүргүзүлгөн, бул көрсөткүчтөр 2022-жылга салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 55,8 пайызга жана 88,4 пайызга өскөн. “Элкарт Трейд” аркылуу 23,5 млн сом суммасына 17 миңден ашык төлөм өткөрүлгөн, бул 2022-жылга салыштырганда эки эсеге жана 24,3 пайызга жогору. Ал эми “Элкарт Рау” сервиси аркылуу 53 млн сомдон ашык суммага 78 миңден көп төлөм өткөрүлгөн. “Элкарт” улуттук төлөм системасын ЕАЭБге кирген өлкөлөрдүн башка улуттук төлөм системалары менен интеграциялоо алкагында да, отчёттук мезгил ичинде 29,3 млрд сомдон ашык суммага 3,7 млн P2P-которуулар өткөрүлгөн.

*Санарип сом концепциясы*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 25-майындагы № 2022-П-14/32-3-(ПС) токтому менен бекитилген Санарип сом концепциясына ылайык “Санарип сом” долбоорун ишке ашыруу алкагында “Санарип сом” долбоордук тобу түзүлгөн.

Банк секторунда инновациялык потенциалды түзүү жана жогорулатуу, ошондой эле кардарлардын банктык жана төлөм кызматтарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү максатында Кыргыз Республикасында ачык банкингди өнүктүрүү концепциясынын долбоору иштелип чыккан. Бул багытта ЕАЭБ өлкөлөрүнүн улуттук төлөм системаларынын өнүгүшүн координациялоо боюнча жумушчу топ менен иш-чаралар өткөрүлгөн.

*Атайын жөнгө салуу режимдери*

Улуттук банктын инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/ технологияларды (жөнгө салуу аянтчасы) сынап көрүү үчүн атайын жөнгө салуу режимин түзүү боюнча ыйгарым укуктарынын чегинде Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган үч уюмга атайын жөнгө салуу режиминин алкагында банктык операциялардын чектелген тизмегин жүргүзүү укугуна убактылуу лицензиялар берилген. Эки уюм тарабынан жүргүзүлгөн тестирлөө ийгиликтүү деп таанылган.

*Виртуалдык активдерди жөнгө салуу*

Улуттук банк 2023-жылы террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелери боюнча ведомстволор аралык комиссиянын ишине жана виртуалдык активдер жана виртуалдык активдерди сунуштоочулар секторундагы тобокелдиктерге баа берүүгө катышкан. Баа берүүнүн жыйынтыгы виртуалдык активдер жана виртуалдык активдерди сунуштоочулар секторундагы террористтик ишти каржылоо жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) тобокелдиктерге баа берүү боюнча жыйынтыкталган отчётто көрсөтүлгөн, ал Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын расмий интернет-сайтына жарыяланган.

Кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү боюнча Евразиялык топтун 39-пленардык отурумунда Кыргыз Республикасынын прогресси жөнүндө отчёт, анын ичинде ФАТФнын 15-сунуш-көрсөтмөсүнө ылайык келүүсү боюнча каралып чыккан. Жыйынтыгында, отчёттун рейтинги 2022-жылы каралган отчётко салыштырганда, “айрым бөлүгү ылайык келген” деңгээлинен “басымдуу бөлүгү ылайык келген” деңгээлине чейин жогорулатылган.

## 4.2. Нак акча жүгүртүлүшү

### 4.2.1. Нак акча менен жүргүзүлгөн операциялар

Экономиканын накталай улуттук валютага болгон муктаждыгын өз убагында камсыз кылуу максатында Улуттук банк жүгүртүүдөгү акча түзүмүн коммерциялык банктар аркылуу жөнгө салат.

2023-жылы банкноттордун жана монеталардын керектүү номиналдарынын оптималдуу запасын толуктап туруу, аларды жүгүртүүгө чыгаруу, эскилиги жеткен акчаны колдонуудан алып салуу жана жок кылуу иштери улантылган.

2023-жылы жүгүртүүдөгү нак акчанын жалпы суммасы өткөн жылга салыштырганда 4,2 пайызга көбөйүү менен 207,3 млрд сомду түзгөн.

***4.2.1-график.***

Жүгүртүүдөгү акчанын динамикасы (мезгилдин акырына карата)




Нак акча жүгүртүүдө банкноттордун 470,5 млн барагы жана 611,6 млн даана монета болгон. 2023-жыл ичиндеги жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынын 98,8 пайызы банкноттордун үлүшүнө, ал эми 1,2 пайызы монеталардын үлүшүнө туура келген. Жүгүртүүдөгү банкноттор менен монеталардын салыштырма салмагы 4.2.1-таблицада келтирилген.

***4.2.1-таблица.***

Жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын салыштырма салмагы

*(жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынан пайыздык катышта)*

| Номиналы, сом менен | до 5 | 10 | 20 | 50 | 100 | 200 | 500 | 1 000 | 2 000 | 5 000 | **Бардыгы болуп** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2022-жыл | 0,4 | 0,5 | 0,4 | 0,5 | 1,3 | 3,0 | 8,2 | 33,8 | 8,0 | 43,9 | **100,0** |
| 2023-жыл | 0,3 | 0,9 | 0,4 | 0,5 | 1,1 | 3,0 | 8,3 | 33,2 | 6,9 | 45,4 | **100,0** |

*Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү жана аларды берүү*

Отчёттук жылы коммерциялык банктардын кассасына түшкөн нак акчанын көлөмү 4 585,5 млрд сомду түзүп, 2022-жылга салыштырганда 22,3 пайызга көбөйгөн. Ал эми коммерциялык банктардын кассаларынан нак акча берүү көлөмү 20,7 пайызга өсүп, 4 598,9 млрд сомду түзгөн.

***4.2.2-таблица.***

Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын региондор боюнча жылышы

| | Түшүүсү, *млрд сом* | | Берилиши, *млрд сом* | | Кайтарымдуулук, *пайыздар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2022-жыл | 2023-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл |
| **Бардыгы болуп** | **3 748,2** | **4 585,5** | **3 811,3** | **4 598,9** | **98,3** | **99,7** |
| Бишкек шаары | 2 122,1 | 2 482,1 | 2 136,1 | 2 453,9 | 99,3 | 101,1 |
| Ош шаары | 405,8 | 504,7 | 415,2 | 509,2 | 97,7 | 99,1 |
| Баткен областы | 147,2 | 205,9 | 147,0 | 205,7 | 100,1 | 100,1 |
| Жалал-Абад областы | 346,1 | 410,8 | 369,7 | 430,2 | 93,6 | 95,5 |
| Ысык-Көл областы | 174,8 | 211,9 | 181,9 | 219,3 | 96,1 | 96,6 |
| Нарын областы | 78,9 | 96,7 | 83,2 | 101,6 | 94,8 | 95,2 |
| Ош областы | 132,7 | 165,7 | 132,6 | 165,6 | 100,1 | 100,1 |
| Талас областы | 75,7 | 96,8 | 81,2 | 103,6 | 93,2 | 93,4 |
| Чүй областы | 264,9 | 410,9 | 264,4 | 409,8 | 100,2 | 100,3 |

*Банкноттордун жаңы сериясын чыгаруу*

Отчёттук жылы 2023-жылдын 200, 500 жана 1 000 сом үлгүсүндөгү номиналдары менен улуттук валютанын жаңы бешинчи сериясы жүгүртүүгө киргизилген. Банкноттордун бул сериясы Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын жүгүртүүгө киргизилишинин 30 жылдыгына арналган жана улуттук валютанын эволюциясын: коргоо элементтеринин минималдуу комплекси камтылган жөнөкөй купондордон жасалма акча жасоодон жогорку деңгээлде корголгон банкнотторго чейин чагылдырат.

Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын банкнотторунун бешинчи сериясы:

– Бириккен Араб Эмираттарында Дубай шаарында өткөн банкнотторду басып чыгаруу жана монеталарды чегүү боюнча Mint & Print Conference эл аралык конференциясында “Улуттук банктын банкнотторду чыгаруу боюнча инновациялык жана ар тараптуу ыкмасын таануу” категориясында атайын сыйлык менен сыйланган;

– Шри-Ланканын Коломбо шаарында жогорку деңгээлде корголгон басып чыгаруу боюнча жыл сайын өтүүчү High Security Printing Asia эл аралык конференциясында “Жылдын банкноту” аймактык сынакта “2023-жылдын банкнотторунун эң мыкты жаңы сериясы” номинациясынын лауреаты болгон.

Нак акча жүгүртүүнүн ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу максатында Улуттук банк укук коргоо органдары менен өз ара иш алып барууда жасалма акчаны даярдоого жана жайылтууга жол бербөө жагында иштерин уланткан.

2023-жылы жалпы суммасы 37,5 миң сомду түзгөн 22 жасалма банкнота аныкталган (2022-жылы жалпы суммасы 9,5 миң сомду түзгөн 31 даана жасалма банкнота аныкталган.

*Жасалма акча жасоого каршы күрөшүү*

Жасалма акча жасоонун деңгээли бир миллион анык банкнотага карата 0,05 жасалма банкнотту түзгөн, бул минималдуу 1-деңгээл катары классификацияланат[1]. Жасалма акча жасоонун ар бир фактысы боюнча укук коргоо органдары тарабынан кылмыш иши козголуп, ыкчам-издөө иш-чаралары жүргүзүлгөн.

[1] Жасалма акча жасоонун деңгээли жүгүртүүдөгү анык банкноттордун бир миллион даанасына аныкталган жасалма банкноттордун санынын катышы менен аныкталат. Бардыгы болуп дүйнөлүк практикада жасалма акча жасоонун алты деңгээлин айырмалашат.

“Сом – Кыргызстандын жүзү” деп аталган маалымат берүү-агартуу кампаниясынын алкагында калкка жана банк системасына улуттук валютадагы банкноттордун жана монеталардын аныктыгынын белгилери, эскилиги жеткен жана кемчилдиги бар банкнотторду жана монеталарды алмаштыруу тартиби жөнүндө маалымат берилип турган, ошондой эле финансы-кредит уюмдарынын касса кызматкерлери төлөм каражаттарынын аныктыгын текшерүү белгилери боюнча окутуудан өткөрүлгөн.

### 4.2.2. Эстелик коллекциялык монеталар

Отчёттук мезгилде Улуттук банк эстелик коллекциялык монеталарды чыгарууну уланткан. Маанилүү окуялардын урматына жана кыргыз элинин маданий баалуулуктарын даңазалоо жана улуттук каада-салтын жандандыруу максатында, 2023-жылы “Тарыхый окуялар” сериясындагы “Кыргыз Республикасынын Конституциясына – 30 жыл”, “Сомго 30 жыл” жана “Тай-туяк”, ошондой эле “Кыргыз үрп-адаттары жана ырым-жырымдары” сериясындагы “Бешикке салуу” коллекциялык монеталары жүгүртүүгө чыгарылган.

2022-жылы XIX Азия оюндарынын урматына жүгүртүүгө чыгарылган “Спорт” сериясындагы “Азия оюндары” коллекциялык монетасы 2023-жылдын ноябрында өткөн дүйнөнүн 18 өлкөсү катышкан 23 катышуучулардын арасынан “Монеталар топ жылдызы” эл аралык сынагында “Сувенирдик монета” номинациясы боюнча үчүнчү байгелүү орунду ээледи.

МАЗМУНУ

***4.2.2.1-сүрөт.***
“Кыргыз Республикасынын Конституциясына – 30 жыл” мельхиор коллекциялык монетасы




***4.2.2.2-сүрөт.***
“Сомго 30 жыл” күмүш коллекциялык монетасы



***4.2.2.3-сүрөт.***

“Тай-туяк” күмүш коллекциялык монетасы




***4.2.2.4-сүрөт.***

“Бешикке салуу” күмүш коллекциялык монетасы




***4.2.2.5-сүрөт.***

“Азия оюндары” күмүш коллекциялык монетасы




## 4.3. Аффинаждалган өлчөнгөн куймалар

*Аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларын сатуу*

Баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү жана Кыргыз Республикасынын ички рыногунда банктык баалуу металлдар менен операцияларды көбөйтүү үчүн, Улуттук банк аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларды сатууну уланткан.

Отчёттук жылы сатып өткөрүлгөн 999,9 сапат белгисинде 1, 2, 5, 10, 31,1035 (1 трой унциясы) жана 100 гр салмагындагы аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларынын көлөмү 206,5 млн сом (2022-жылы – 746,3 млн сом суммасында 125,2 кг) суммасында 35,9 кг түзгөн. Ал эми кайра сатып алынган аффинаждалган

өлчөнгөн алтын куймалардын көлөмү отчёттук мезгилде 163,3 млн сом суммасына 28,9 кг (2022-жылы – 245,7 млн сом суммасында 44,6 кг) түзгөн.

***4.3.1-таблица.***

Сатылган жана кайра сатылып алынган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалары тууралуу маалымат

*(миң сом)*

| Салмагы, *грамм* | Сатуу көлөмү | | Кайра сатып алуу | |
|---|---|---|---|---|
| | 2022-жыл | 2023-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл |
| 1 | 10 988,0 | 1 978,5 | 4 822,4 | 1 659,9 |
| 2 | 22 959,0 | 3 054,8 | 11 541,5 | 4 137,3 |
| 5 | 61 277,5 | 41 564,4 | 26 026,5 | 14 165,9 |
| 10 | 35 786,6 | 6 184,3 | 22 261,4 | 6 175,8 |
| 31,1035 | 100 116,7 | 24 683,0 | 34 062,1 | 27 640,7 |
| 100 | 515 160,9 | 128 996,1 | 147 013,0 | 109 481,0 |
| **Жыйынтыгында:** | **746 288,7** | **206 461,1** | **245 726,9** | **163 260,6** |

***4.3.1-график.***

Сатылган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларынын саны

*(даана)*




***4.3.2-график.***

Кайра сатылып алынган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларынын саны

*(даана)*




Улуттук банк аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларынын запасын жергиликтүү чийки заттан толуктоо иштерин уланткан. Кыргыз Республикасынын “Баалуу металлдар жана асыл таштар жөнүндө” мыйзамына ылайык, отчёттук жыл ичинде аффинаждалган алтын жергиликтүү алтын өндүрүүчү компаниялардан улуттук валютага сатылып алынган.

Отчёттук мезгилде Улуттук банк тарабынан чыгарылган 1, 2, 5, 10, 31,1035 (1 трой унциясы) жана 100 грамм салмагындагы өлчөнгөн алтын куймаларын “Кыргыз фондулук биржасы” ЖАКтын соода аянтында сатуу иштери улантылган, анда 38,1035 грамм өлчөмүндө аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалар сатып өткөрүлгөн.

*Аффинаждалган алтын куймаларды сатуу*

Баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү, ошондой эле зергердик тармакты чийки зат менен камсыз кылуу жана баалуу металлдар менен операцияларды көбөйтүү үчүн, Улуттук банк Кыргыз Республикасынын ички рыногунда “Кыргызалтын” ААКта 10 900 граммдан 13 400 граммга чейинки салмакта даярдалган, лигатуралык салмагынын кеминде 99,95 пайызын химиялык таза негизги металл түзгөн, аффинаждалган стандарттуу алтын куймаларды сатууну уланткан. 2023-жылы жалпы салмагы 24 492,2 грамм өлчөмүндө аффинаждалган алтын куймалар сатып өткөрүлгөн.

Аффинаждалган стандарттуу алтын куймалар 2023-жылдын 26-майынан тартып “Кыргыз фондулук биржасы” ЖАКтын соода аянтында сатыла баштаган.

# 5-ГЛАВА. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ

## 5.1. Эл аралык кызматташуу

2023-жылы Улуттук банк чет өлкөлөрдүн борбордук (улуттук), мамлекеттик жана коммерциялык банктары, интеграциялык институттар жана эл аралык уюмдар менен кызматташууну уланткан.

*Эл аралык финансылык уюмдар менен кызматташуу*

Улуттук банк Эл аралык валюта фондунда (ЭВФ) Кыргыз Республикасынын атынан башкаруучу кеңсе катары иш алып баруу менен артыкчылыктуу багыттар боюнча координациялоону жана ЭВФ менен өз ара тыгыз иштешүүнү жүзөгө ашырат.

2023-жылдын январь айында ЭВФ Макулдашуусунун IV беренесине ылайык Кыргыз Республикасы үчүн 2022-жыл боюнча консультациялар аяктаган.

2023-жылдын апрель жана октябрь айларында Улуттук банк ЭВФ башкаруучуларынын жана Дүйнөлүк банк тобунун жазгы жана жылдык жыйындарына катышкан.

2023-жылдын ноябрь айында ЭВФ Макулдашуусунун IV беренесине ылайык ЭВФ персоналы менен өлкө бийлигине ар жылдык консультация берүүнүн алкагында Кыргыз Республикасына ЭВФтин миссиясы иш сапары менен келген. Мында, бул консультацияга даярдык көрүү максатында, өлкөдөгү макроэкономикалык жагдай боюнча алдын ала талкуу ЭВФтин өкүлдөрүнүн 2023-жылдын июль айындагы иш сапары учурунда жүргүзүлгөн.

Улуттук банктын Улуттук банктын ЭВФ менен өз ара иш алып баруусу ар кандай техникалык колдоо көрсөтүү багыттары боюнча, анын ичинде акча-кредит саясатын жана көзөмөлдөө функцияларын өркүндөтүү маселесинин алкагында да жүргөн.

*Интеграциялык институттар менен кызматташуу*

Улуттук банк отчёттук жылдын май жана сентябрь айларында Евразия экономикалык бирлигине (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин 24 жана 25-отурумдарына катышкан, анда ЕАЭБге мүчө мамлекеттеринде акча-кредит саясатын ишке ашыруу, жалпы финансы рыногун калыптандыруу маселелери, ошондой эле интеграциялык өз ара иш алып баруунун башка актуалдуу маселелери каралган.

Евразиялык экономикалык интеграцияны 2025-жылга чейин өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын пункттарын аткаруу иштери ЕАЭБдин түрдүү аянттарында улантылган. Атап айтканда, Улуттук банктын өкүлдөрү Макроэкономикалык саясат боюнча консультациялык комитеттин, Статистика боюнча консультациялык комитеттин, Финансы рыноктору боюнча консультациялык комитеттин, Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча консультациялык кеңештин жана ЕАЭБдин башка кеңешме органдарынын ишине катышкан.

Макроэкономикалык саясат боюнча консультациялык комитеттин алкагында ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин макроэкономикалык саясатынын 2035-жылга чейинки негизги багыттары, ЕАЭБге мүчө мамлекеттериндеги макроэкономикалык жагдай мезгил-мезгили менен талкууланып турган, ошондой эле ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин экономикалык өнүгүүсүнүн туруктуулугун аныктоочу макроэкономикалык көрсөткүчтөр системасын жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Статистика боюнча консультациялык комитет тарабынан Евразия экономикалык интеграциясын 2025-жылга чейин өнүктүрүүнүн стратегиялык

багыттарын ишке ашыруу жана 2021-2025-жылдарга ЕАЭБ статистикасы чөйрөсүндө интеграцияны өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча 2023-жылга иш-чаралар планын аткаруу улантылган.

Финансы рыноктору боюнча консультациялык комитеттин алкагында Улуттук банк тарабынан ЕАЭБ жалпы финансы рыногун түзүү концепциясын ишке ашыруу боюнча иш планында каралган ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин мыйзамдарын шайкеш келтирүү боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Улуттук банк ташылып келинүүчү бажы, атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдардын суммасын которуу тартибине тиешелүү маселелерди, ошондой эле рейтингдердин евразиялык системасын калыптандыруу, 2030-жылга чейин ЕАЭБ алкагында экономикалык процесстерди андан ары өнүктүрүү жөнүндө декларацияны жана 2045-жылга чейинки мезгилде "Евразия экономикалык жолун" ишке ашыруу маселелерин иштеп чыгууга жигердүү катышты.

Отчёттук мезгилде Евразия борбордук (улуттук) банктарынын кеңешинин, Мамлекеттер аралык банктын, Шанхай Кызматташтык Уюмунун (ШКУ) алкагында финансылык жана банк ишин уюштуруу боюнча иштер улантылган.

Улуттук банк Евразия борбордук (улуттук) банктарынын кеңешинин 48-отурумуна катышты, анда банк секторун өнүктүрүүнү келечеги, акча-кредит саясатынын негизги багыттары, нумизматикалык рынокту өнүктүрүү жана Евразия борбордук (улуттук) банктар кеңешине мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын жасалма акча жасоого каршы күрөшүү чөйрөсүндө өз ара иш алып баруу маселелери каралды.

Евразия борбордук (улуттук) банктарынын кеңешинин 49-отуруму Улуттук банк тарабынан 2023-жылдын ноябрь айында Бишкек шаарында уюштурулду. Отурумга Армян Республикасынын, Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Россия Федерациясынын, Тажикстан Республикасынын борбордук (улуттук) банктарынын, ошондой эле Казакстан Республикасынын Финансы рыногун жөнгө салуу жана өнүктүрүү боюнча агенттигинин өкүлдөрү катышты. Отурумда региондогу банк секторунун финансылык туруктуулугу жана улуттук төлөм системаларын өнүктүрүү маселелери талкууланды. Иш-чаранын катышуучулары микрофинансылык уюмдарды көзөмөлдөөдө колдонуудагы ыкмалары жана борбордук банктардын коммуникация саясаты жаатындагы иш тажрыйбалары менен бөлүштү.

Улуттук банктын өкүлдөрү Мамлекеттер аралык банк кеңешинин кезектеги отурумдарына катышкан, анын жүрүшүндө Мамлекеттер аралык банктын ишинин жыйынтыктары жана учурдагы иши, ошондой эле Мамлекеттер аралык банкка мүчө мамлекеттердин финансы рынокторундагы операцияларды өнүктүрүү маселелери каралган.

Улуттук банк Борбор Азия өлкөлөрүнүн жана Азербайжандын улуттук (борбордук) банктарынын төлөм системалары чөйрөсүндө өз ара иш алып барууну өнүктүрүү жана тажрыйба алмашуу маселелери боюнча регионалдык жолугушууга катышкан. Жолугушуунун жыйынтыгында төлөм системаларын өнүктүрүү маселесин талкуулоо жана Борбор Азия өлкөлөрүнүн жана Азербайжандын улуттук (борбордук) банктарынын төлөм инфраструктурасынын өз ара иш алып баруусу боюнча иш аянтчасын түзүү жөнүндө протоколго кол коюлган.

Шанхай Кызматташтык Уюму менен өз ара иш алып баруунун алкагында Улуттук банк ШКУга мүчө мамлекеттердин финансы министрлеринин жана улуттук (борбордук) банктарынын төрагаларынын кеңешмесине катышкан, анда ШКУ өлкөлөрүндө финансылык кесепеттерди жеңилдетүү жана четтетүү максатында ковид пандемиясынан кийинки жагдай талкууланган. Мындан тышкары, Улуттук банк ШКУга мүчө мамлекеттердин өз ара эсептешүүлөрүндө улуттук валюталардын үлүшүн бара-бара көбөйтүү боюнча жол картасынын пункттарын ишке ашыруу боюнча эксперттик отурумдарга туруктуу негизде катышып келет. Декабрь айында

экспертик топтун жыйынтыктоочу отурумунда тараптар улуттук валютада өз ара эсептешүүнүн жана ШКУга мүчө мамлекеттердин валютаны жөнгө салуу боюнча мыйзамдарынын учурдагы абалына жүргүзүлгөн талдоону сунушташкан.

*Эки тараптуу жана техникалык кызматташуу*

Отчёттук жылда Улуттук банк Венгрия, Кувейт мамлекети, Сауд Арабиясы Королдугу, Бириккен Араб Эмираттары, Пакистан, Казакстан Республикасы, Өзбекстан Республикасынын борбордук (улуттук) банктары менен өз ара иш алып баруунун алкагында өкмөттөр аралык эки тараптуу комиссиялардын ишине катышкан.

Тажрыйба алмашуу жана техникалык колдоо алуу максатында Улуттук банк ЕАЭБ борбордук (улуттук) банктары, Грузия Улуттук банкы, Дойче Бундесбанк, Польша Элдик банкы, Түркия Борбордук банкы, Швейцария Улуттук банкы, ошондой эле Азия өнүктүрүү банкы, Дүйнөлүк банк, Швейцариянын экономикалык маселелер боюнча мамлекеттик катчылыгы (SECO), Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы, Ислам өнүктүрүү банкы, ЭВФ менен өз ара иш алып барган.

Июль айында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитетинин депутаттарынын тобунан, Улуттук банктын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик банктарынын өкүлдөрүнөн турган делегация Швейцарияга иш сапары менен барган, анда Швейцария Улуттук банкынын жетекчилиги, Швейцариянын экономикалык маселелер боюнча мамлекеттик катчылыгы (SECO) жана Швейцариянын эл аралык финансылык маселелер боюнча мамлекеттик катчылыгы (SIF) менен бир катар эки тараптуу жолугушуулар өткөрүлдү. Жолугушуу учурунда тараптар банк жана финансы чөйрөсүндө эки тараптуу кызматташууну бекемдөө маселелери талкуулады.

Сентябрь айында төлөм системасы чөйрөсүндө кызматташуу мамилелерин түзүү максатында “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен Индиянын Резервдик банкы ортосундагы кызматташуу шарттары” документин күчүнө киргизүү жөнүндө Индиянын Резервдик банкы (борбордук банкы) менен макулдашуу иши аягына чыкты.

Октябрь айында “Бир алкак – бир жол” демилгесинин алкагында эл аралык кызматташуу боюнча дүйнөлүк саммит учурунда Кытай Эл Республикасынын Пекин шаарында банк чөйрөсүндө кызматташууну бекемдөө максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен Кытай курулуш банкынын (CCB) ортосунда өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол коюлган.

Декабрь айында санарип сом долбоорун ишке ашыруунун алкагында маалымат жана тажрыйба алмашуу максатында Грузиянын Улуттук банкы менен өз ара иш алып баруу жөнүндө меморандумга кол коюлган.

Виртуалдык активдер кызматын сунуштоочулардын тобокелдиктерин баалоо боюнча техникалык жардамдын алкагында Борбор Азияда укук үстөмдүгү боюнча программанын колдоосу менен Улуттук банктын көзөмөлү астындагы уюмдар үчүн Европа кеңеши тарабынан “Бенефициардык менчик жана юридикалык жактардын ачыктыгы” деген темада окутуу тренингдери өткөрүлгөн.

Банк системасынын туруктуулугун жогорулатууга жана финансы-кредит уюмдарын көзөмөлдөө инструменттерин өркүндөтүүгө багытталган Кыргыз Республикасынын финансы секторун өнүктүрүү боюнча долбоорду ишке ашырууга SECO тарабынан колдоо көрсөтүлгөн.

Жыл ичинде Ислам өнүктүрүү банкынын банктык көзөмөл боюнча ченемдик укуктук базаны жакшыртууга, ошондой эле ислам каржылоо принциптери чөйрөсүндөгү адистердин билимин өркүндөтүүгө багытталган техникалык жардам көрсөтүү боюнча иш-чаралар улантылган. Ислам өнүктүрүү банкынын Ысык-Көл жана Нарын областтарындагы сугат жерлерин өнүктүрүү боюнча долбоорунун “Финансылык жеткиликтүүлүк” чакан компонентинин алкагында айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жеңилдетилген шартта ислам принциптери боюнча каржылоо

берилген, өлкөнүн бардык региондорунда ислам каржылоо принциптери жөнүндө калктын маалымдуулугун жогорулатуу боюнча иш-чаралар өткөрүлгөн.

*ЕАЭБ борбордук (улуттук) банктарынын кесиптик окутуу программасы*

2023-жыл ичинде Улуттук банк ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын персоналдарын кесиптик окутуу программасын ишке ашыруунун алкагында Беларусь Республикасынын Улуттук банкынын, Казакстан Республикасынын Улуттук банкынын, Россия Федерациясынын Борбордук банкынын жана Мамлекеттер аралык банктын өкүлдөрү үчүн төмөнкүлөрдү өткөргөн:

– “Накталай акча жүгүртүүнүн актуалдуу маселелери”, “Кредит-финансы чөйрөсүндө киберкоопсуздукту камсыз кылуу”, “Банк эмес жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарын жөнгө салуу жана аларга көзөмөл жүргүзүү” темалары боюнча семинарларды;
– “Борбордук (улуттук) банктын туунду (караштуу) уюмдарды тескөө ишине катышуусу” темасында такшалуудан онлайн форматында өтүүнү;
– “Банк секторунун ликвиддүүлүгүн тескөө” темасында вебинарды.

## 5.2. Коомчулук менен иш алып баруу жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу

Отчёттук жылда ачык-айкындуулук жана жеткиликтүүлүк принциптерине негизделген Улуттук банктын ишин коомчулукка маалымдоо иштери улантылган.

*Коомчулук менен иш алып баруу*

2023-жылга карата медиа планга ылайык, банк ишине тиешелүү маселелер боюнча 269 материал даярдалып, жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган. Улуттук банктын иш багыттары боюнча ЖМК өкүлдөрүнүн 200дөн ашык кайрылуусу каралган. Улуттук банктын өкүлдөрүнүн эл алдына чыгып сүйлөөсү боюнча 180ден ашык иш-чара уюштурулуп, анда Улуттук банктын акча-кредит саясатын ишке ашыруу, валюта рыногунда түзүлгөн жагдай, банктык кызмат көрсөтүүлөрдү санарип трансформациялоо, финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укугун коргоо, финансылык сабаттуулукту жогорулатуу, Кыргыз Республикасынын улуттук валютасын жүгүртүүгө киргизүүнүн 30 жылдыгы жана башка актуалдуу маселелер боюнча түшүндүрмө берилген.

*МАЗМУНУ*

Медиа мейкиндигине жүргүзүлгөн мониторингге ылайык, жалпыга маалымдоо каражаттарында Улуттук банктын иши жөнүндө 10 минден ашык материал жарык көргөн.

Улуттук банк эсептик чен, акча-кредит саясаты, жаңы банкнотторду жана коллекциялык монеталарды чыгаруу, ошондой эле “Дүйнөлүк каражат топтоо күнү” жөнүндө пресс-конференциялар менен брифингдерди туруктуу негизде өткөрүп турган.

*Улуттук банктын медиа продукциялары*

Республикалык жана аймактык телеканалдарга валюталар курсу жана алтын куймаларынын наркы жөнүндө инфографика менен “Улуттук банк билдирет” рубрикасы күн сайын чыгып жатты. Ошондой эле финансылык сабаттуулук боюнча “Финсабат” телеберүүлөр сериясы чыгып турган.

Региондордо Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү аркылуу коомчулукка маалымат берилген. Аймактык ЖМКда Улуттук банктын иши жөнүндө 72 маалыматтык жана аналитикалык материал жарыяланган. Аймактык телеканалдарда калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатууга арналган “Финсабат” видеоматериалдары көрсөтүлүп турган.

*Жогорку Кеңеш менен өз ара иш алып баруу*

Мыйзам чыгаруу органы – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен өз ара иш алып баруунун алкагында Улуттук банктын ишине тиешелүү маселелер боюнча 138 кат жөнөтүлгөн. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары үчүн семинарлар өткөрүлүп, анда Улуттук банктын иши жана акча-кредит саясаты, финансы-кредит уюмдарынын ишин өнүктүрүү жана жөнгө салуу,

МАЗМУНУ

ошондой эле республиканын төлөм системасынын натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу сыяктуу негизги функциялары менен милдеттерин ишке ашыруу жөнүндө маалыматтар берилген.

Январь айында Жогорку Кеңештин убактылуу депутаттык комиссиясынын мүчөлөрү жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улуттук банкка жумушчу иш сапар менен келген, иш сапар учурунда Улуттук банкта жүргүзүлгөн алтын менен операциялар жөнүндө маалымат берилген.

*Улуттук валютанын 30 жылдыгы*

2023-жылы коомчулукка маалымат берүүнүн алкагында улуттук валютанын жүгүртүүгө киргизилишинин 30 жылдыгына өзгөчө көңүл бурулган. Атайын маалымат берүү-агартуу иш-чаралары, окутуу семинарлары, ошондой эле “Сом – Кыргызстандын жүзү” деген теманы чагылдыруу үчүн жалпыга маалымдоо каражаттарынын арасында конкурс уюштурулган. Бир катар макалалар жарыяланды, аудио- жана видеоматериалдар даярдалган, радио- телеканалдарда түз эфирлер уюштурулган.

2023-жылдын май айында Бишкек шаарында “Чакырыктардан – жаңы мүмкүнчүлүктөргө карай” деген аталыштагы эл аралык конференция өткөрүлдү, аталган конференция Кыргызстандын улуттук валютасынын жүгүртүүгө киргизилишинин 30 жылдыгына арналган. Конференцияга Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин өкүлдөрү, Армян Республикасынын, Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Россия Федерациясынын, Түндүк Македониянын, Өзбекстан Республикасынын жана Швейцариянын борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилери, ошондой эле эл аралык уюмдардын, Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, ведомстволорунун жана финансы секторунун өкүлдөрү катышты. Эл аралык конференция санарип трансформация жана финансы технологияларын өнүктүрүүнүн келечеги боюнча маселелерди, туруктуу экономикалык өнүгүүнүн жаңы парадигмаларын, анын ичинде акча-кредит саясатынын маселелерин, талкуулоо үчүн бирдиктүү аянт болду.

2023-жылдын июнь айында Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин депутаттарынын, Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын өкүлдөрүнүн, финансы-кредит уюмдарынын, эл аралык уюмдардын жетекчилеринин жана Улуттук банктын башка өнөктөштөрүнүн катышуусу менен улуттук валютанын жүгүртүүгө киргизилишинин 30 жылдыгына арналган салтанаттуу жыйын өткөрүлдү.

*Улуттук банктын расмий интернет-сайты*

Улуттук банктын www.nbkr.kg расмий интернет-сайты коомчулукка Улуттук банктын иш багыттары боюнча маалымат берүүнүн жана андан ыкчам пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу маанилүү инструмент катары кызмат аткарат. Расмий интернет-сайтта Улуттук банктын чечимдери жөнүндө маалымат жарыяланып, банктык жана монетардык статистика боюнча статистикалык маалыматтар туруктуу негизде жаңыланып турган, ошондой эле Улуттук банктын акча-кредит саясаты, финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчёт, төлөм системасынын абалы боюнча баяндама жана Улуттук банктын мезгилдүү башка басылмалары түрүндөгү аналитикалык материалдар жарыяланган.

*Коомдук кабылдаманын иши*

2023-жылы Улуттук банктын борбордук аппаратында, областтык башкармалыктарында жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндөгү коомдук кабылдамалардын иши улантылган. Коомдук кабылдамалардын иши Улуттук банктын компетенциясына кирген маселелер боюнча консультация жана маалымат берүүгө, жарандардын банктын жетекчилиги жана адистери менен жолугушууларын уюштурууга, ошондой эле жазуу жана оозеки кайрылуулар менен иштөөгө багытталган. Отчёттук жылда бардыгы болуп коомдук кабылдамага Улуттук банктын ишине тиешелүү маселелер боюнча 3,7 миңден ашык оозеки жана 1,9 миңден ашык кат түрүндө кайрылуу келип түшкөн. Улуттук банктын социалдык тармактардагы расмий баракчалары жана тез билдирүүлөр (мессенджер) системасы

аркылуу финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдөн финансы-кредит уюмдарынын ишине тиешелүү 3,5 миңден ашык кайрылуу келип түшкөн.

*Бишкек жана Ош шаарларындагы нумизматикалык музейлер*

Отчёттук жыл ичинде Бишкек жана Ош шаарларынын тургундары жана меймандары акча жүгүртүүнүн өнүгүү тарыхы жөнүндө материалдарды камтыган музей экспозициялары менен тааныша алышты. Экскурсияларга окуучулар жана студенттер, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн өкүлдөрү, мамлекеттик органдардын жана ЖМК өкүлдөрү катышты. Экскурсиялардын жүрүшүндө көрүүчүлөр ар кандай мезгилде чыгарылган жана Кыргызстандын аймагында табылган акча белгилеринин, улуттук валютанын өнүгүү жана түптөлүү этаптарын чагылдырган банкноттордун жана монеталардын эскиздери жана үлгүлөрү, Улуттук банк тарабынан ар кандай технологияларды колдонуу менен жана өзгөчө дизайнда чыгарылган эстелик алтын, күмүш жана жез-никель монеталарынын коллекциялары, ошондой эле башка нумизматикалык жана сувенирдик продукциялар менен таанышты. Отчёттук жыл ичинде жалпы 208 экскурсия уюштурулуп (2022-жылы – 92), ага болжол менен 3 000 адам катышкан (2022-жылы – 1 400 адам).

Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын жүгүртүүгө киргизилишинин 30 жылдыгына арналган иш-чаралардын алкагында республиканын бардык областтарында жана Бишкек шаарында нумизматикалык көргөзмөлөр уюштурулган. Тематикалык нумизматикалык көргөзмөлөр Улуттук банктын областтык башкармалыктарында, республиканын жогорку окуу жайларында, Талас, Нарын, Баткен жана Каракол шаарларынын музейлеринде, ошондой эле Жалал-Абад шаарынын маданият үйүндө жана драма театрында, Ош шаарынын “Сулайман-Тоо” тарыхый-архитектуралык комплексинде, Бишкек шаарында Улуттук тарых музейинде жана Т. Сатылганов атындагы улуттук филармонияда өттү. Көргөзмөнүн негизги темасы катары улуттук валютанын 1993-жылдан тартып 2023-жылга чейинки калыптануу жана өнүгүү тарыхы көрсөтүлгөн. Маалымат такталарында улуттук валютанын банкнотторунда чагылдырылган: Тоголок Молдо, Курманжан Датка, Токтогул Сатылганов, Алыкул Осмонов, Саякбай Каралаев, Жусуп Баласагын, Сүймөнкул Чокморов сыяктуу көрүнүктүү инсандар жөнүндө тарыхый материалдар көрсөтүлгөн. Көргөзмөгө келгендер архитектуралык жана маданий эстеликтерге, улуттук спорт оюндарына, улуттук каада-салттарга, флора жана фаунага арналган коллекциялык монеталар менен, ошондой эле эстелик банкноттор, жүгүртүү монеталары түрүндөгү башка нумизматикалык баалуулуктар жана өлчөнгөн алтын куймалар менен таанышты. Көргөзмөдөн кийин коллекциялык нумизматикалык монеталарды сатып алуу мүмкүнчүлүгү берилген.

*Улуттук банк социалдык тармактарда*

Социалдык медиа маалымат таратуунун негизги булагына жана каналына айлангандыгына байланыштуу Улуттук банк социалдык тармактарга жигердүү катышууну уланткан. Улуттук банктын ишине тиешелүү маалыматтык билдирүүлөр колдонуучулардын талабын жана күтүүлөрүн эске алуу менен, социалдык тармактардагы расмий баракчаларында жарыяланып турган.

Социалдык тармактар аркылуу жайылтылган мамлекеттик жана расмий тилдерде видеоконтенттер, инфографикалар, маалымат карталары жана башка визуалдык продукциялар атайын инструменттерди колдонуу менен түзүлгөн. Социалдык тармактардагы баракчалар дагы коомчулук менен ыкчам кайтарым байланышты камсыз кылуу жана Улуттук банктын ишине тиешелүү актуалдуу темалар боюнча 40 түз эфирди өткөрүү аркылуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү үчүн аянтча болуп берген.

*Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу*

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-мартындагы №119-т тескемеси менен бекитилген 2022-2026-жылдары финансылык жеткиликтүүлүктү жогорулатуу стратегиясын, ошондой эле башка мамлекеттик стратегиялык программаларды ишке ашыруунун алкагында калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу иштерин уланткан.

Финансылык сабаттуулукту жогорулатууга багытталган иш-чаралар тууралуу маалымат, агартуу жана башка материалдар Улуттук банктын финансылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча www.finsabat.kg интернет сайтына жана социалдык тармактардагы расмий баракчаларында жайгаштырылган.

Басылмаларда ислам каржылоо принциптери боюнча продукттарга, мамлекеттик баалуу кагаздарга болгон суроо-талапты жогорулатууга, каражат топтоого, кредиттерге, инвестицияларга, финансылык коопсуздукка, финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү жана электрондук финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоого тиешелүү актуалдуу темаларды түшүндүрүүгө көбүрөөк көңүл бөлүнгөн.

Финансылык сабаттуулук боюнча “Финансылык сабаттуулук деген эмне?”, “Каражат топтоо жана депозиттер”, “Инвестициялоо”, “Тобокелдиктер жана финансылык коопсуздук”, “Электрондук санарип финансылык кызмат көрсөтүүлөр”, “QR-код аркылуу төлөө”, “Финансылык жүрүм-турум”, “Жасалма акча жасоочулук”, “Финансылык пирамидалар”, “Финансылык сабаттуулук темасында бала менен кандай сүйлөшүү керек?”, “Алтын түрүндө жана улуттук валютада кантип каражат топтоо керек?”, “Инфляция менен өлкөнүн экономикасынын ортосунда кандай байланыш бар?”, “Жеке ишти кантип ачууга болот?”, “Чакан жана орто бизнести кредиттөө” сыяктуу темаларга арналган “Финсабат” телеберүүсү республикалык жана аймактык телеканалдарда берилип, Улуттук банктын социалдык тармактардагы расмий баракчаларында жайгаштырылган.

Улуттук банктын эксперттери туруктуу негизде, “Инфляция жана валюта рыногундагы жагдай жөнүндө”, “Эмне үчүн Улуттук банктын лицензиясын албастан иш жүргүзгөн жактардан акча алмаштыруу кооптуу?”, “Каражат топтоонун түрлөрү жөнүндө”, “Финансылык пирамиданын белгилери жөнүндө”, “Баткен окуясында жабыр тарткандарга берилген жардам жөнүндө”, “Кредиттик-маалыматтык бюро деген эмне?”, “QR-коддун жардамы менен төлөө жөнүндө”, “Акча которуулар жөнүндө”, “Акча топтоо маданияты жөнүндө”, “Балдар депозиттери жөнүндө”, “SWIFT деген эмне?” сыяктуу ж.б. темалар боюнча лекцияларды жана консультацияларды өткөрүп, ЖМК аркылуу интервьюларды беришкен.

Жыл сайын өткөрүлүүчү “Глобалдуу акча жумалыгы” жана “Дүйнөлүк каражат топтоо күнү” маалымат берүү-агартуу кампаниялары жүргүзүлүп, ага мамлекеттик жана эл аралык уюмдар, коммерциялык банктар жана микрофинансылык уюмдар катышкан. Аталган иш-чаранын алкагында финансылык сабаттуулук боюнча лекциялар, финансы уюмдарына экскурсиялар, олимпиадалар, тренингдер, бардык куракттагы балдарга, жаштар менен чоңдорго арналган жана ыңгайлаштырылган башка иш-чаралар өткөрүлдү. “Глобалдуу акча жумалыгы” иш-чарасынын алкагында өлкө боюнча 650 иш-чара өткөрүлгөн. Германия эл аралык кызматташуу боюнча “Шпаркасс” фонду менен биргеликте иштелип чыккан финансылык сабаттуулук боюнча “Топто” деп аталган онлайн-оюн өткөрүлдү. Ага болжол менен 35 миң адам катышты.

2022-2026-жылдары финансылык жеткиликтүүлүктү жогорулатуу стратегиясын ишке ашыруунун алкагында “Адам жана коом” сабагынын мугалимдери үчүн июнь айында бирдейлештирилген курс катары иштелип чыккан финансылык сабаттуулук боюнча семинар өткөрүлгөн. Семинардын жүрүшүндө финансылык максаттар жана пландаштыруу, кредиттер жана кредиттик уюмдар менен иш алып баруу, каражат топтоо жана депозиттер сыяктуу темалар каралды.

Август айында финансылык сабаттуулук компетенцияларын билим берүү стандарттарына киргизүү боюнча Aflatoun International эл аралык уюму менен бирдикте улуттук семинар өткөрүлгөн. Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин, жаштарга жана балдарга социалдык,

финансылык билим берүү чөйрөсүндөгү демилгени жылдырууга кызыкдар болгон эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү катышты.

Ноябрь айында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин борбордук аппаратынын кызматкерлери үчүн кошумча семинар өткөрүлүп, жыйынтыгында катышуучулар тарабынан Aflatoun International программасынын компетенцияларын “Адам жана коом” сабагынын билим берүү стандартына интеграциялоо боюнча келечек планын иштеп чыгуу чечими кабыл алынган.

2023-жыл ичинде Европа коопсуздук жана кызматташуу уюмунун (ЕККУ) Бишкектеги программалык кеңсеси менен кызматташуу жөнүндө меморандумду ишке ашыруунун алкагында Чүй, Талас, Нарын жана Ысык-Көл областтарында бир күндүк 50 семинар өткөрүлүп, ага 1 208 адам катышкан, анын 70 пайыздан ашыгын аялдар түзгөн. Октябрь айында кошумча Ош, Баткен, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Талас областтарындагы ишкердикти колдоо борборлорунун кызматкерлери, ошондой эле Ысык-Көл, Талас областтарындагы эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция боюнча аймактык башкармалыктардын өкүлдөрү үчүн финансылык сабаттуулук боюнча эки күндүк семинарлар өткөрүлүп, ага 45 адам катышкан (анын ичинде 20 аял). Семинарлардын жана тренингдердин жүрүшүндө катышуучуларга үй-бүлө бюджети, каражат топтоо, кредит жана инвестиция маселелери жөнүндө маалымат берилди.

Улуттук валютанын жүгүртүүгө киргизилишинин 30 жылдыгына арналган иш-чаралардын алкагында мектеп окуучулары, орто жана жогорку окуу жайлардын студенттери, аутизм менен жабыркаган балдардын ата-энелеринин “Рука в руке” коомдук бирикмесинин кызматкерлери үчүн финансылык сабаттуулук боюнча атайын лекциялар өткөрүлгөн. Жогоруда аталган лекциялардын жүрүшүндө катышуучулар Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча иштер жөнүндө, ошондой эле жеке финансыны, топтогон каражаттарды тескөө жана финансылык коопсуздук тууралуу маалымат алышты.

# 6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

## 6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдагы иши

Улуттук банк Башкармасы Улуттук банктын жогорку башкаруу органы болуп саналат жана анын негизги иш багыттарын аныктайт. Улуттук банк Башкармасынын ыйгарым укуктары “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамында белгиленген.

Улуттук банк Башкармасы акча-кредит саясатын, банктардын, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын, төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине көзөмөл жүргүзүү саясатын, банк секторунун, БФКУ секторунун жана төлөм системасынын негизги өнүгүү багыттарын аныктайт, ошондой эле жаңы үлгүдөгү жана номиналдагы акча белгилерин чыгаруу, банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүдөн алуу тартибин белгилейт; ченемдик укуктук актыларды кабыл алат; жылдык отчётту бекитет жана Улуттук банктын компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алат.

Улуттук банк Башкармасынын иши жылдык жана чейректик бекитилген пландардын негизинде жүзөгө ашырылат. 2023-жылы Башкарманын 132 отуруму өткөрүлгөн, анда 552 маселе каралып, 214 токтом кабыл алынган.

*Акча-кредит саясаты боюнча маселелерди кароо*

2023-жыл ичинде Башкарма тарабынан план боюнча сегиз отурумда Улуттук банктын эсептик чен өлчөмү тууралуу маселе каралган. Эсептик чен боюнча чечим тышкы чөйрөдө жана инфляция боюнча олуттуу факторлорду, макроэкономикалык жагдайды комплекстүү талдоонун жана болжолдоонун негизинде, ошондой эле ички жана тышкы экономикалык шарттардын келечегин эске алуу менен кабыл алынган.

Улуттук банк Башкармасы чейрек сайын, тышкы чөйрөдө жана Кыргыз Республикасынын экономикасында түзүлгөн жагдай, акча-кредит саясатынын чаралары жана натыйжасы, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы экономикалык жагдайдын өнүгүүсүнө баа берүү боюнча болжолдоолор жөнүндө маалыматтар камтылган акча-кредит саясаты жөнүндө отчётту карайт, анын жыйынтыгы Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланып турган.

Кыргыз Республикасынын экономикасында долларлашууну азайтуу жана улуттук валютага карата ишенимди мындан ары бекемдөө максатында 2023-жылдын апрель айында Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын экономиканы доллардан арылтуу боюнча иш-чаралар планы бекитилген жана аны ишке ашыруу боюнча тиешелүү чечимдер кабыл алынган.

2023-жылдын декабрында Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын 2024-жылга акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсү жактырылып, Улуттук банктын эсептик чен өлчөмү жөнүндө маселелерди кароо боюнча Улуттук банк Башкармасынын отурумдарынын 2024-жылга графиги бекитилген.

Улуттук банк Башкармасы эл аралык резервдерди тескөө жана резервдик активдердин коопсуздугун камсыз кылуу жагында инвестициялык саясатты, ошондой эле эл аралык резервдерди тескөө боюнча отчётту жыл сайын карайт жана бекитет.

*Банк жана банк эмес уюмдардын ишин көзөмөлдөө боюнча маселелерди кароо*

Отчёттук жылда ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүүнүн алкагында Улуттук банк Башкармасынын кредит берүү системасын жана кредит берүү боюнча автоматташтырылган системалардын колдонулушун демилгелөөгө; финансы инструменттерин өркүндөтүүгө; ликвиддүүлүктүн ордун жабуу коэффициентин эсептөө жана коммерциялык банктардын иши жөнүндө маалыматты ачыктоо

маселелери боюнча эл аралык стандарттарды киргизүүгө; банк операцияларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн тесттен өткөрүүнүн катышуучуларына атайын жөнгө салуу режимине бир учурда катышуу мүмкүнчүлүгүн берүү критерийлерин кеңейтүүгө тиешелүү маселелер боюнча бир катар токтомдор кабыл алынган. Мындан тышкары, чет өлкө валютасында жаңы берилген кредиттерди классификациялоо талаптары жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын финансылык отчётторун жарыялоо талаптары кайра каралган.

Тобокелдикти аныктоого багытталган ыкмаларды өркүндөтүү максатында Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Регулятивдик банктык отчёт жөнүндө жобо” бекитилип, анда Регулятивдик банктык отчёттун (РБО) жаңы түзүмү сунушталган. Регулятивдик банктык отчётту топтоо үчүн жаңы комплекстүү модернизацияланган автоматташтырылган системаны ишке киргизүү Улуттук банкка коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу боюнча иш-чараларды натыйжалуу жүргүзүү үчүн толук жана өзгөчө маалымат, анын ичинде ислам каржылоо принциптери боюнча, маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Отчёттук мезгилде Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын кредиттик маалыматты алмашуу, финансы-кредит уюмдарынын ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды тейлөө, террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелери боюнча мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөргө шайкеш келтирүү максатында бир катар чечимдер кабыл алынган.

Улуттук банктын ислам каржылоо принциптери боюнча айрым ченемдик укуктук актыларынын талаптарын мыйзамдарга жана эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү максатында Башкарманын корпоративдик башкаруу, банктык эсептер, алмашуу операциялары, финансылык отчёт, кредиттик тобокелдикти тескөө, банктык төлөм карталарын пайдалануу боюнча маселелерди жөнгө салуучу токтомдору кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын аймагында санарип документтерди пайдалануу маселелери боюнча токтомуна ылайык келтирүү максатында, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына Кыргыз Республикасынын жарандары финансы кредит-уюмдарынын кызматтарынан пайдаланууда санарип документтерди колдонуусу боюнча өзгөртүүлөр бекитилген.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Кыргыз Республикасында микрокаржылоо секторун 2022-2025-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарына”, микрокаржылоо сектору тарабынан берилүүчү кредиттер боюнча пайыздык чендерди төмөндөтүүгө, ишкер аялдар үчүн финансы ресурстарына жетүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга багытталган өзгөртүүлөр киргизилген.

*Төлөм системасы боюнча маселелерди кароо*

Төлөм системасы боюнча ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүүнүн алкагында Улуттук банк Башкармасы тарабынан калктын финансылык кызматтарга тоскоолдуксуз жетүүсүн камсыз кылуу, төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын маалымат коопсуздугуна карата, алардын финансылык отчёт берүүсүнө карата талаптар; чет өлкө валютасында төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүүнү жөнгө салуу; эсептешүү банктарына карата талаптарды белгилөө жана акча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелерине өзгөртүүлөрдү киргизүү маселелери боюнча бир катар ченемдик укуктук актылары бекитилген.

Төлөм жүгүртүүсү жөнүндө маалыматты системалаштыруу үчүн Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторуна тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген.

2023-жылы санарип төлөм технологияларын өнүктүрүү жана ар кандай төлөм системаларынын система аралык интеграциясын камсыз кылуу үчүн Улуттук

банк Башкармасынын токтомдору менен Кыргыз Республикасында тез төлөмдөр системасын өнүктүрүү концепциясы бекитилген, ошондой эле Эки өлчөмдүү штрихкод белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды өткөрүү эрежелерине өзгөртүүлөр киргизилген.

## 6.2. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү жана финансылык консультанттын милдетин аткаруу

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 38-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин жана Министрлер Кабинетинин финансылык маселелер боюнча консультанты функциясын аткаруунун чегинде Улуттук банк, 2023-жыл ичинде акча-кредит саясатынын негизги багыттары жана экономиканы өнүктүрүүнүн тенденциялары; банк жана төлөм системаларынын, банк эмес финансы-кредит уюмдары системасынын абалына тиешелүү маселелер боюнча маалыматты; Кыргыз Республикасынын валюта рыногундагы жагдай жөнүндө аналитикалык маалыматтарды туруктуу негизде сунуштап турган.

Улуттук банк финансы жана банк маселелерине, төлөм системалары, бюджеттик-салык саясаты жана Улуттук банктын ыйгарым укуктары чөйрөсүнө тиешелүү мыйзам долбоорлорун жана башка ченемдик укуктук актылары боюнча корутундуларды сунуштап турган.

Финансылык консультанттын милдетин аткаруунун алкагында, Улуттук банк отчёттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын, Жогорку Кеңешинин жана Министрлер Кабинетинин дарегине бардыгы болуп 400дөн ашык кат жөнөткөн.

*Мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу ишине катышуу*

2023-жылы Улуттук банк бир катар мамлекеттик стратегияларды, концепцияларды, программаларды жана пландарды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышкан, анын ичинде:

– 2023-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-аракеттер планы;
– Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин бизнести өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-аракеттер планы;
– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылга социалдык маанилүү азык-түлүк товарларына баанын өсүү темпин кармап туруу боюнча иш-аракеттер планы;
– 2023–2027-жылдарга Кыргыз Республикасында ислам экономикалык платформасын өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планы;
– Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2023-2027-жылдарга мамлекеттик программа.

*Мыйзам долбоорлорун кароо*

Улуттук банк 40тан ашуун мыйзам долбоорун иштеп чыгууга, жылдырууга жана кароого катышкан, анын ичинде:

– “Кыргыз Республикасында санарип кодексин бекитүү жөнүндө”;
– “Кыргыз Республикасында улуттук валютада эсептешүүлөр жөнүндө”;
– “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө”;
– “Баа түзүү жөнүндө”;
– “Кыргыз Республикасынын кибер коопсуздугу жөнүндө”;
– “Маалымат алуу укугу жөнүндө”;
– “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пайдасын которуу маселелери жөнүндө”;

- “Кыргыз Республикасынын граждандарынын аманаттарын калыбына келтирүү жана коргоо жөнүндө”;
- “Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө”;
- “2021-жылдын 10-сентябрындагы Кыргыз Республикасынын карыздарын тейлөө режимине карата өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумдун алкагында кол коюлган жана кабыл алынган келишимдерди жана документтерди ратификациялоо жөнүндө”;
- “2021-жылдын 28-30-апрелинде кыргыз-тажик чек арасындагы чыр-чатактын натыйжасында жабыр тарткан Баткен облусунун ишкердик субъекттерине берилген бюджеттик кредиттерди эсептен чыгаруу жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга, 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө”;
- “Жеке жактардын активдерин ыктыярдуу легалдаштыруу жана мунапыс берүү жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Салык кодексине жана “Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө” мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө”, “Акционердик коомдор” жана “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- “Банк мыйзамдарына шайкеш келтирүү бөлүгүндө айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- “Насыялык маалымат алмашуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Кыргыз Республикасындагы кепилдик фонддор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Кыргыз Республикасындагы микрофинансы уюмдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу”;
- “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Юридикалык жактарды каттоо (кайра каттоо) чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана “Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын күчүн жоготту деп таануу тууралуу”;
- “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (“Кыргыз Республикасында сүткорлук ишти чектөө жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Граждандык

кодексине, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу";
- "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына ("Ысык-Көл" экологиялык-экономикалык тутумун туруктуу өнүктүрүү жөнүндө", "Күрөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу";
- "Кыргыз Республикасындагы оюн-зоок иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу";
- "Күрөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу";
- "Кооперативдер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу";
- "Энергиянын кайра жаралуучу булактары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу".

*Жарлыктардын, токтомдордун, тескемелердин долбоорлорун кароо*

2023-жылы, ошондой эле Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорунун жана тескемелеринин, Кыргыз Республикасынын Президентинин актыларынын 25тен ашуун долбоорлорун карап чыккан, анын ичинен:

- "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2022-жылдагы иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын отчёту тууралуу";
- "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик өнүктүрүү банкы" ААКтын иши жөнүндө";
- "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылга экономикалык саясаттын негизги багыттары жөнүндө биргелешкен билдирүүсү";
- "Баткен облусунун өндүрүүчүлөрү үчүн айыл чарба продукциясын өнүктүрүүгө товардык кредит жана грант" долбоорун бекитүү жөнүндө;
- "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 146-беренесинин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө";
- "2023–2033-жылдарга Кыргыз Республикасындагы кластердик саясатты бекитүү жөнүндө";
- "2023-жылдын 31-декабрына чейин ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө убактылуу тыюу салууну (мораторий) киргизүү жөнүндө";
- "2024-жылга статистикалык программаны бекитүү жөнүндө";
- "Асман экологиялык таза шаарына өзгөчө статус берүү жөнүндө";
- "Атайын декларацияны берүү тартиби жөнүндө";
- "Эл аралык рейтингдерде Кыргыз Республикасынын позициясын жакшыртуу боюнча чаралар";
- "Экономиканы доллардан арылтуу жөнүндө";
- "2021-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын миграция саясатынын концепциясын бекитүү жөнүндө";
- "Айыл чарбасын каржылоо – 12";
- "Жергиликтүү өндүрүштөгү автомобиль жана коммерциялык техниканы жеңилдетилген кредитке жана лизинге берүү" долбоору жөнүндө";
- "Мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу жолу менен курулуш, капиталдык оңдоо, реконструкциялоо объекттерин каржылоо жана мамлекеттик органдардын кредитордук карыздарын төлөө механизмдерин бекитүү жөнүндө";
- "Мамлекеттик, муниципалдык ишканалар жана уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, ошондой эле алардын туунду уюмдары тарабынан

мүлктү жана жарандык жоопкерчиликти “Мамлекеттик камсыздандыруу компаниясы” ААКта камсыздандыруу жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасындагы оюн-зоок иши чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-июлундагы №357 “2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруунун стратегиясын бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 26-августундагы №604 “Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоорун түзүү маселелерин уюштуруу жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Кыргыз Республикасынын граждандарынын аманаттарын калыбына келтирүү жана коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын күчүн жоготту деп таануу тууралуу”;
- “Кыргыз Республикасынын Президентинин айрым жарлыктарын күчүн жоготту деп таануу жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын Президентинин айрым тескемелерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым токтомдорун күчүн жоготту деп таануу жөнүндө”;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым буйруктарын күчүн жоготту деп таануу жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин айрым буйруктарын күчүн жоготту деп таануу жөнүндө”.

*Эл аралык келишимдердин долбоорлорун кароо*

Кыргыз Республикасынын эл аралык жана мамлекеттер аралык уюмдарга катышуусунун алкагында, Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын финансы жана банк системасына тиешелүү эл аралык келишимдер жана макулдашуулар каралган, анын ичинде:
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Болгария Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда экономикалык кызматташтык жөнүндө макулдашуу;
- “Евразия экономикалык бирлигинин алкагында банктык жана камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөр секторундагы стандартташтырылган лицензия жөнүндө” макулдашуу;
- “Евразия экономикалык бирлигинде электрондук соода жөнүндө” макулдашуу;
- “Евразия экономикалык бирлиги жана ага мүчө мамлекеттердин, бир тараптан жана экинчи тараптан Ислам Иран Республикасынын ортосунда эркин соода жүргүзүү жөнүндө” макулдашуу;
- “Европа бирлиги жана ага мүчө мамлекеттер менен, бир тараптан жана экинчи тараптан Кыргыз Республикасынын ортосунда ар тараптуу өнөктөштүк жана кызматташуу жөнүндө” макулдашуу;
- “Түрк мамлекеттери уюмунун мүчөлөрүнүн ортосунда санарип экономика өнөктөштүгү жөнүндө” макулдашуу;
- “Түрк мамлекеттери уюмунун инвестициялык фондун уюштуруу жөнүндө” макулдашуу;

- “Евразия экономикалык бирлигинин алкагында мамлекеттик (муниципалдык) сатып алууларды жүзөгө ашырууда банктык гарантияларды өз ара таануу жөнүндө” макулдашуу;
- “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Бахрейн Королдугунун Өкмөтүнүн ортосунда экономикалык кызматташтык жөнүндө өз ара түшүнүшүү тууралуу меморандум;
- China Construction Bank Corporation менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ортосунда өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен Катар Борбордук банкынын ортосунда борбордук банктардын ишмердиги жаатындагы кызматташуу боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум;
- Rothschild & Co финансылык-холдинг компаниясынын кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө меморандум;
- 2030-жылдар мезгилинде ШКУнун экономикалык өнүктүрүү стратегиясы;
- ШКУга мүчө мамлекеттердин тышкы экономикалык жана тышкы соода ишине жооп берген министрликтеринин жана ведомстволорунун ортосунда соода-экономикалык аймактар жаатында кызматташуу концепциясы;
- Экономикалык жана техникалык кызматташтык боюнча өкмөттөр аралык кыргыз-кувейт комиссиясынын кезектеги үчүнчү жыйналышынын протоколу;
- Кыргыз-эмират кызматташуусунун иш-чаралар планы.

*Ведомстволор аралык комиссиялар курамында иштөө*

2023-жылы Улуттук банктын өкүлдөрү ведомстволор аралык жумушчу топтордун жана комиссиялардын ишине төмөнкү маселелер боюнча катышкан:

- Борбор Азияда чек ара аркылуу өтүүчү электрондук сооданы өнүктүрүү;
- жашыл экономиканы өнүктүрүү;
- туруктуу социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү камсыз кылуу, Кыргыз Республикасынын соода, инвестициялык жана финансылык мамилелерин кеңейтүү үчүн Кыргыз Республикасында өндүрүлгөн баалуу металлдарды натыйжалуу пайдалануу;
- виртуалдык активдер жана виртуалдык активдер боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулар секторундагы террористтик ишти каржылоо жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) тобокелдиктерине баа берүү;
- тобокелдиктердин негизинде төгүмдөрдүн дифференцияланган системасын киргизүү;
- Кыргыз Республикасынын тышкы карызын реструктуризациялоо боюнча демилгелерди ишке ашыруу;
- Электрондук коммерция чөйрөсүндөгү статистикалык маалыматтарды топтоо методологиясы долбоорун иштеп чыгуу;
- тышкы соода операциялары боюнча эсепке алууну жакшыртуу;
- карыздык каражаттар боюнча карыздарды өндүрүүдө мыйзам бузуу фактылары жөнүндө билдирген жарандардын кайрылууларын карап чыгуу.

## 6.3. Персонал менен иш алып баруу

Улуттук банк оптималдуу түзүмүн, штаттык тизимин түзүү жана кызматкерлердин кесиптик деңгээлин жана компетенциясын жогорулатуу боюнча шарттарды түзүү аркылуу өзүнүн уюштуруу түзүмүн жакшыртуу боюнча туруктуу негизде иштерди жүргүзүп турат.

Отчёттук жылдын акырына карата Улуттук банкта борбордук аппараттын 30 түзүмдүк бөлүмү, беш областтык башкармалык жана Улуттук банктын Баткен областындагы өкүлчүлүгү иштеп турган.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн негизги максаттары жана милдеттери

| | |
|---|---|
| ***Экономика башкармалыгы*** | акча-кредит саясаты боюнча сунуштарды иштеп чыгат; экономиканын монетардык, реалдуу, финансы, бюджет-салык секторлор чөйрөсүндө талдоолорду жүргүзөт; макроэкономикалык модель түзүүнү жана болжолдоолорду жүзөгө ашырат; ЕАЭБ жана Бреттон-Вуд институттарынын (Дүйнөлүк банк жана ЭВФ) алкагында мамлекеттик саясатка көмөктөшөт; Улуттук банкта экономикалык изилдөө процессин камсыз кылат |
| ***Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы*** | акча-кредит саясатын ишке ашырат жана эл аралык резервди тескөөгө алат; финансы рынокторунда операцияларды ишке ашырып, аларга баа берүүнү жана талдоолорду жүргүзөт; ачык рынокто операцияларды натыйжалуу координациялоо максатында, финансы рынокторундагы тенденцияларды жана өзгөрүү себептерин аныктайт |
| ***Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгы*** | статистикалык акча-кредит маалыматын, финансы рыногунун, реалдуу сектордун жана мамлекеттик финансылардын көрсөткүчтөрүн топтойт, иштеп чыгат жана жайылтат; Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин жана эл аралык инвестициялык позициясын түзөт; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине тышкы карыз маселелери жагында эксперттик колдоо көрсөтөт; статистикалык маалымат базасынын түзүмүн жана статистикалык маалыматты топтоо жана иштеп чыгуу технологиясын өркүндөтөт; Кыргыз Республикасынын финансылык туруктуулугун талдап-иликтейт жана баа берет; Улуттук банктын расмий басылмаларынын өз убагында чыгарылышын камсыз кылат |
| ***Банктык көзөмөл башкармалыгы*** | банк системасынын туруктуулугун камсыз кылуу, аманатчылардын жана башка кредиторлордун таламдарын коргоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында каралган талаптарга ылайык, алардын ишине тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу аркылуу банктар арасында ак ниеттүү атаандаштыкты камсыз кылуу боюнча Улуттук банктын милдеттерин ишке ашырат |
| ***Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгы*** | банктардын, банк эмес жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын, ислам каржылоо уюмдарынын, анын ичинде монополияга каршы жөнгө салуу маселелери боюнча ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө методологиясын иштеп чыгуу аркылуу банк системасынын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча Улуттук банктын милдеттерин ишке ашырат |

| | |
|---|---|
| ***Лицензиялоо башкармалыгы*** | Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган банктардын жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана башка юридикалык жактардын ишин лицензиялоо аркылуу банк системасынын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча Улуттук банктын милдеттерин ишке ашырат |
| ***Банк эмес уюмдарды көзөмөлдөө башкармалыгы*** | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банк эмес жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын туруктуулугун камсыз кылуу, аманатчылардын жана башка кредиторлордун кызыкчылыктарын коргоо, алардын ишине тышкы (аралыктан) көзөмөл жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен сапаттуу текшерүүлөрдү (инспекцияларды) уюштуруу жана жүргүзүү ак ниеттүү атаандаштыкты колдоо боюнча Улуттук банктын милдеттерин ишке ашырат |
| ***Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы*** | Кыргыз Республикасынын экономикасынын банкнотторго жана моноталарга, аффинаждалган алтындан жана күмүштөн жасалган өлчөнгөн куймаларга, нумизматикалык баалуулуктарга муктаждыгын камсыз кылат; алардын оптималдуу запасын кармап турат; акча банкнотторун, монеталарды жана баалуулуктарды сактоону жана ташып жеткирүүнү жүзөгө ашырат; эскилиги жеткен банкнотторду жана кемчилиги бар монеталарды жок кылуу боюнча чаралар топтомун жүргүзөт |
| ***Төлөм системалары башкармалыгы*** | төлөм системаларын өнүктүрүүнүн жаңы келечектүү багыттарын жана төлөм системасын жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук базаны иштеп чыгат; төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногун өнүктүрүү тенденцияларын талдап-иликтейт; төлөм системасынын иштешине көзөмөл (оверсайт) жүргүзөт, санарип төлөм жана финансы технологияларын изилдейт жана жөнгө салат; төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялайт, жөнгө салат жана көзөмөлдөйт; ошондой эле виртуалдуу активдердин кызмат көрсөтүү провайдери катары виртуалдуу активдерге байланыштуу кызматтарды көрсөтүшкөн, Улуттук банктын көзөмөлүнө алына турган юридикалык жактардын ишин жөнгө салат жана көзөмөлдөйт |
| ***Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы*** | эсептешүүлөрдүн банктар аралык системасынын ишинин уюштурулушун камсыз кылат; финансы рынокторундагы операциялар жана бүтүмдөр боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзөт; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин эсептерин жана финансылык уюмдардын Улуттук банкта ачылган эсептерин тейлейт; ЕАЭБ жөнүндө келишимди ишке ашыруунун алкагында операцияларды жүзөгө ашырат |

| | |
|---|---|
| ***Бухгалтердик эсепке алуу жана отчёттуулук башкармалыгы*** | Улуттук банктын финансылык абалы чагылдырылган финансылык отчётту түзүү жана аны пайдалануучуларга сунуштоо максатында, эл аралык эсептик тажрыйбага ылайык Улуттук банктын операцияларын туруктуу негизде эсепке алат; мамлекеттик баалуу кагаздардын депозитардык эсепке алынышын камсыз кылат, ошондой эле Улуттук банктын берилген кредиттери боюнча күрөөлүк камсыздоону тариздейт жана аларга мониторинг жүргүзөт |
| ***Юридика башкармалыгы*** | бүтүндөй Улуттук банктын, анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, областтык башкармалыктарынын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүнүн ишин универсалдуу ыкманы жана өз компетенциясына кирген милдеттерге ылайык багыттар боюнча адистештирүүнү айкалыштыруу аркылуу укуктук маселелер боюнча комплекстүү коштоп жүрүүнү камсыз кылат |
| ***Пландаштыруу, бюджет түзүү жана контролдоо башкармалыгы*** | Улуттук банктын өнүгүү стратегиясын финансылык ресурстар менен камсыз кылууга багытталган финансылык ишин уюштурат; бюджет түзүү жана ишин пландаштыруу процессин уюштурат; Улуттук банктын иш пландарынын жана стратегиялык багыттарынын аткарылышына мониторинг жүргүзөт |
| ***Коммуникация жана эл аралык кызматташуу башкармалыгы*** | коомчулук жана тышкы уюмдар менен байланыш түзүүнүн натыйжалуу системасын камсыз кылат, Улуттук банктын иши жана саясаты тууралуу маалымат берет, калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча иш-чараларды жүргүзөт; Улуттук банктын эл аралык уюмдар жана институттар менен өз ара аракеттенүүсүн координациялайт |
| ***Банк ишин автоматташтыруу башкармалыгы*** | Улуттук банкты маалымат технологиялары жагында сапаттуу жана өз учурунда кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз кылат |
| ***Коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишинин коопсуздугун камсыз кылат; Кыргыз Республикасынын төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишинде киберкоркунучтарга каршы аракеттенүү боюнча иш алып барат |
| ***Административдик-чарбалык ишти камсыздоо башкармалыгы*** | Улуттук банктын имараттары менен курулмаларында үзгүлтүксүз иштин жүрүшүн, алардын электр энергиясы, материалдык-техникалык жабдуулар жана транспорт менен жабдылышын, Улуттук банктын кызматкерлерин, медициналык тейлөө менен камсыз кылат |

| | |
|---|---|
| ***Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо бөлүмү*** | Улуттук банктын көзөмөлүнө алына турган жактар тарабынан банк жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жагында Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарынын сакталышын көзөмөлдөйт |
| ***СВИФТ сервис бюросу бөлүмү*** | СВИФТ тарабынан иштелип чыккан, кардарлардын коопсуздугун камсыз кылуу программасынын талаптарына ылайык, Улуттук банкты жана Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарын сапаттуу жана үзгүлтүксүз СВИФТ кызмат көрсөтүүлөрү менен камсыз кылат |
| ***Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдарын тескөө бөлүмү*** | Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдары менен алардын иши жана өнүгүү стратегиясы маселелери боюнча өз ара иш алып барат |
| ***Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмү*** | мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзүүнү жана өнүктүрүүнү, борборлоштурулган электрондук документ менен иш алып барууну, Улуттук банктын документтеринин аткарылышын контролдоону камсыз кылат |
| ***“Башкарманын катчылыгы” бөлүмү*** | Улуттук банк Башкармасынын ишин камсыз кылат, Башкарманын токтомдорунун жана протоколдук тапшырмаларынын аткарылышын контролдойт; Улуттук банктын жетекчилигинин ишин уюштурат жана документ менен иш алып барууну камсыз кылат; Көзөмөл боюнча комитеттин, Координациялык кеңештин жана Укук бузуулар жөнүндө ишти кароо боюнча комиссиянын ишин камсыз кылат |
| ***Персонал менен иш алып баруу бөлүмү*** | Улуттук банктын функцияларын жана милдеттерин аткаруу үчүн талап кылынган сандагы жана зарыл болгон квалификацияга ээ болгон персоналды тандоо, ишке кабыл алуу, кызматкерлерди кесиптик окутуу жана квалификациясын жогорулатуу процессин уюштурат |
| ***Финансылык тобокелдиктерди контролдоо бөлүмү*** | Улуттук банктын операцияларын тышкы рыноктордо ишке ашыруу учурунда финансылык тобокелдиктерди тескейт |
| ***Курулуш жана ремонт иштери бөлүмү*** | Улуттук банктын объектилеринде курулуш-монтаждоо, ремонт жана долбоор түзүү-изилдөө иштеринин аткарылышын камсыз кылат |
| ***Ички аудит бөлүмү*** | Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүндө аудитордук текшерүүлөрдү жүргүзөт; Улуттук банктын тышкы аудитору менен өз ара иш алып барат жана Аудит боюнча комитет менен өз ара иш алып барууну камсыз кылат |

| | |
|---|---|
| ***Ревизорлор бөлүмү*** | Улуттук банктын ресурстарынын талапка ылайык жана натыйжалуу колдонулушун жана анын активдеринин сакталышын камсыз кылуу үчүн Улуттук банктын, анын ичинде анын областтык башкармалыктарынын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүнүн, ошондой эле Улуттук банктын туунду/ассоциацияланган уюмдарынын финансылык жана чарбалык ишин текшерүү боюнча чараларды жүзөгө ашырат |
| ***Сатып алууларды уюштуруу жана мүлктү сатуу бөлүмү*** | сатып алууларды уюштурат жана өткөрөт; Улуттук банктын укуктук актыларына ылайык мүлктү сатып өткөрөт; эл аралык финансы уюмдарынын жана донор өлкөлөрдүн катышуусунда эл аралык финансы уюмдарынын жана донор өлкөлөрдүн каражаттарынын эсебинен сатып алууларды жүргүзүү боюнча Улуттук банкта ишке ашырылуучу долбоорлорду коштоп жүрөт |
| ***Операциялык тобокелдиктер жана бизнес-процесстер бөлүмү*** | Улуттук банктын ишине операциялык тобокелдиктердин таасирин азайтуу боюнча иш-чаралардын комплексин ишке ашырат; Улуттук банктын иш үзгүлтүксүздүгүн уюштурат; Улуттук банктын бизнес-процесстерине талдоо жүргүзөт жана оптималдаштырууну жүзөгө ашырат |
| ***Окуу-ден соолукту чыңдоо борбору ("Толкун" пансионаты)*** | Улуттук банктын кызматкерлеринин жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн эс алуусун уюштурат; Улуттук банктын окутуу иш-чараларынын өткөрүлүшүн камсыз кылат |
| ***Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү*** | коммерциялык банктардын филиалдарын накталай акча менен камсыз кылат; банк эмес адистештирилген финансы-кредит уюмдарын, анын ичинде алмашуу бюролорун төлөм системаларынын операторлорунун, төлөм уюмдарынын ишин лицензиялайт жана көзөмөлдөйт; төлөм системасын өнүктүрүү, финансылык жеткиликтүүлүк деңгээлин жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу алкагында иш-чараларды жүргүзөт |

*Улуттук банктын кызматкер-леринин саны*

2023-жылдын акырында Улуттук банктын тизме боюнча саны 721 адамды түзгөн, анын ичинде 637 адам – борбордук аппаратта жана 84 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө иштеген. Алардын ичинен аялдардын саны борбордук аппаратта 327 адамды, областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө – 29 адамды түзгөн. Пайыздык катышта аялдардын саны 49,4 пайыз, эркектердин саны – 50,6 пайыз чегинде катталган.

2022-жылы Улуттук банктын тизме боюнча саны 702 адамды түзгөн, анын ичинде 615 адам – борбордук аппаратта жана 84 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө иштеген. Алардын ичинен аялдардын саны борбордук аппаратта 319 адамды, областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө – 34 адамды түзгөн. Пайыздык катышта аялдардын саны 50,3 пайыз, эркектердин саны – 49,7 пайыз чегинде катталган.

*Персоналды кесиптик окутуу*

Улуттук банк адистердин квалификациясын жогорулатып турууга кызыкдар жана персоналдын кадрдык потенциалын жогорулатуу максатында туруктуу негизде окутуу иш-чараларын уюштуруп турат. 2023-жылы кызматкерлерди окутуу Борбордук (улуттук) банктардын персоналын кесиптик окутуу программасынын, борбордук (улуттук) банктар менен техникалык кызматташуунун, окутуу иш-чараларынын алкагында аралыктан жана күндүзгү негизде өткөрүлгөн. Окутуу иш-чараларынын негизги бөлүгү Кыргыз Республикасынын, ЕАЭБ өлкөлөрүнүн жана алыскы чет өлкөлөрдүн окуу борборлорунда өткөрүлгөн.

*"Жаш кесипкөйлөр" программасы*

Улуттук банк туруктуу негизде "Жаш кесипкөйлөр" программасын ишке ашырат, натыйжада жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнө жана жогорку кесиптик билими бар жаш адистерге өлкөнүн борбордук банкынын ишине катышуу аркылуу банк ишине тиешелүү көндүмдөргө ээ болуу мүмкүнчүлүгү берилет. Ошондой эле, диплому даярдоо стадиясында турган, бул тууралуу тастыктоочу документтерди тапшырган, жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү программанын талапкери боло алышат; талапкерлердин жашы 27 жаштан (кошо алганда) жогору болбошу керек. 2023-жылы кезектеги программа ишке ашырылган.

*Сынак аркылуу тандоо*

Улуттук банкка кызматкерлерди ишке кабыл алууда ачык-айкын, бирдей жана адилеттүү мамилени ишке ашыруу үчүн сынак өткөрүү аркылуу тандоо системасы колдонулат, ал кесиптик даярдыгын эске алуу менен кыйла квалификациялуу адистерди ишке тартууга жана Улуттук банк тарабынан ага жүктөлгөн функциялардын талаптагыдай деңгээлде жүзөгө ашырылышын камсыз кылууга шарт түзөт. Бош турган кызмат орундарына сынак өткөрүлө тургандыгы жөнүндө кулактандыруулар Улуттук банктын расмий интернет-сайтында, жалпыга маалымдоо каражаттарында жана социалдык тармактарда жарыяланат. 2023-жылы 50 сынак, анын ичинен 16 сынак – Улуттук банктын областтык башкармалыктарында өткөрүлгөн.

Отчёттук жыл ичинде кадрлардын иштен бошонуп кетиши 13,04 пайызды түзгөн.

***6.1.1-график.***

Адистердин Улуттук банктагы иш стажы боюнча курамы



***6.1.2-график.***

Адистердин жаш курагы боюнча курамы




Улуттук банктын негизги иш багыттары боюнча функцияларын жана милдеттерин натыйжалуу аткаруу максатында, комитеттер жана комиссиялар туруктуу негизде иштешет. 2023-жылдын акырына карата он комитет, 13 комиссия, илимий-эксперттик кеңеш, Улуттук банктын басылмаларынын алты редакциялык кеңеши иш алып барган, алардын иши тиешелүү жоболор менен жөнгө салынат.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын негизги комитеттеринин жана комиссияларынын максаттары жана милдеттери

***Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети***

ликвиддүүлүктү тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана аларды ыкчам кабыл алат. Күндөлүк абалга баа берүү, ачык жана валюта рынокторундагы операциялар боюнча чечимдерди иштеп чыгуу жана кабыл алуу, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык акча-кредит саясатынын инструменттерин колдонуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү карап чыгуу жана чечимдерди кабыл алуу, Улуттук банк Башкармасына, Улуттук банктын төрагасына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине акча-кредит саясатына тиешелүү маселелер боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат

***Инвестициялык комитет***

Улуттук банктын инвестициялык саясатынын жана белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде эл аралык резервдерди тескөө боюнча тактикалык чечимдерди иштеп чыгат жана кабыл алат. Инвестициялык саясатты карап чыгуу, жактыруу жана ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү, эл аралык финансы рынокторундагы абалдын өнүгүүсүн эске алуу менен инвестициялык иштин натыйжалуулугуна баа берүү, ошондой эле Улуттук банк Башкармасы үчүн инвестициялык иш маселелери боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү жана сунуштарды иштеп чыгуу комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат

| | |
|---|---|
| ***Көзөмөл боюнча комитет*** | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши жөнгө салынуучу коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын ишин белгиленген компетенциялар чегинде жөнгө салуу жана көзөмөлдөө маселелери боюнча чечимдерди кабыл алат |
| ***Төлөм системасы боюнча комитет*** | Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын өнүгүү багыттарын аныктайт, төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялоо, жөнгө салуу жана көзөмөлдөө маселелери боюнча; “Атайын жөнгө салуу режими жөнүндө” жобого ылайык, атайын жөнгө салуу режиминин алкагында лицензия берүү, лицензиянын аракетин убактылуу токтотуу, узартуу, кайтарып алуу жана токтотуу маселелери боюнча чечимдерди кабыл алат; Кыргыз Республикасынын төлөм системасын өнүктүрүүнүн багыттары, төлөм системасынын ишинин натыйжалуулугун, ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу үчүн инновациялык төлөм технологиялары боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү (корутундуларды) иштеп чыгат жана сунуштайт |
| ***Аудит боюнча комитет*** | Улуттук банк Башкармасына Улуттук банкта ички контролдоо системасын талапка ылайык камсыздоого, бухгалтердик эсепке алууну жүргүзүү жол-жоболоруна жана финансылык отчёттун даярдалышына контролду камсыз кылууга көмөк көрсөтөт, ошондой эле ички аудит кызматынын ишине көзөмөл жүргүзөт |
| ***Тобокелдиктер боюнча комитет*** | Улуттук банктын ишине мүнөздүү тобокелдиктерди идентификациялоо, аларга баа берүү жана чектөө жагында түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин координациялоо аркылуу Улуттук банктын ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди азайтуу боюнча чараларды көрөт |
| ***Маалымат технологиялары боюнча координациялык комитет*** | маалымат технологияларын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктайт жана Улуттук банкта маалымат технологияларын өнүктүрүү иш-чараларынын аткарылышын контролдойт; маалымат технологиялары боюнча пландаштырылып жаткан долбоорлорду, аталган долбоорлорго же маалымат технологияларына тиешеси бар техникалык чечимдердин жана бизнес-процесстердин өзгөрүүсүн жана алардын жактырылышын координациялайт; техникалык чечимдерди жана маалымат технологиялары боюнча долбоорлорду жайылтуунун артыкчылыктарын аныктайт |
| ***Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдарын тескөө боюнча комитет*** | каралган ыйгарым укуктарынын чегинде Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдарын тескөө чөйрөсүндө чечимдерди кабыл алат жана Улуттук банктын юридикалык жактардын ишине катышуу маселелери боюнча Улуттук банк Башкармасына сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат |

| | |
|---|---|
| ***Курулуш иштери боюнча комитет*** | Улуттук банктын объектилеринде жүргүзүлгөн курулуш иштерин координациялайт жана контроль жүргүзөт, курулуштун максатка ылайыктуулугун жана артыкчылыктуулугун аныктайт, курулуш объектилериндеги тобокелдиктерди азайтуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат |
| ***Улуттук банктын маалымат коопсуздугу боюнча комитети*** | Улуттук банктын жана Кыргыз Республикасынын банк системасынын маалымат коопсуздугун камсыз кылууга багытталган иш-аракеттерди аныктайт жана координациялайт; маалымат коопсуздугун өнүктүрүүнүн негизги багыттарын/өнүктүрүү стратегиясын аныктайт жана Улуттук банктын миссиясына ылайык, Улуттук банкта маалымат коопсуздугу чараларын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын аткарылышын контролдойт. Улуттук банкта маалымат коопсуздугун тескөө системасына жана маалымат коопсуздугун камсыз кылуу системасына карата комплекстүү ыкмаларды камсыз кылат |
| ***Этиканы сактоо жана коррупцияга жол бербөө боюнча комиссия*** | кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө мыйзамдарга ылайык, ошондой эле коррупцияга каршы багытталган иш-чараларды жүзөгө ашыруу жана мониторинг жүргүзүү аркылуу коррупциянын алдын алуу жана ага каршы аракеттенүү жагында Улуттук банктын ишин камсыз кылат |
| ***Методологиялык комиссия*** | айрым ченемдик актылардын долбоорлорун алардын методологиялык жактан иштелип чыгышы көз карашында карап чыгат; Улуттук банктын ченемдик актыларында жана практикалык ишинде колдонулган терминдерди жана аларга карата түшүндүрмөлөрдү бекитет |
| ***Улуттук банктын ишин уюштурууну өркүндөтүү комиссиясы*** | Улуттук банктын ишин уюштурууну өркүндөтүү маселелерин карайт жана ал боюнча сунуштарды даярдайт. Улуттук банктын бизнес-процесстерин оптималдаштыруу жана уюштуруу түзүмүн өзгөртүү боюнча сунуштарды кароо жана сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу; Улуттук банктын бизнес-процесстерин оптималдаштырууга байланыштуу ишин координациялоо жана контролдоо комиссиянын негизги милдеттеринен болуп саналат |
| ***Эмгек маселелери боюнча талаш-тартыштарды жөнгө салуу комиссиясы*** | Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык Улуттук банкта жеке эмгек маселелери боюнча талаш-тартыштарды карайт |

МАЗМУНУ

## 6.4. Ички аудит жана ички контролдоо системасы

Улуттук банкта ички контролдоо системасы Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" конституциялык Мыйзамына ылайык уюштурулган жана иш алып барат, ошондой эле ички контролдоо чөйрөсүндө алдыңкы тажрыйбаларды эске алат. Улуттук банктын ички аудити Улуттук банк Башкармасына жана Аудит боюнча комитетке отчёт берүүчү Ички аудит кызматы тарабынан жүргүзүлөт.

*Аудит боюнча комитеттин иши*

Аудит боюнча комитеттин ишинин негизги максаты болуп, талаптагыдай ички контролдоо системасын камсыз кылууда, ошондой эле бухгалтердик эсепке алууну жүргүзүү жол-жоболорун контролдоодо жана Улуттук банктын финансылык отчётун даярдоодо Улуттук банк Башкармасына көмөктөшүү саналат.

Аудит боюнча комитеттин иши ички контролдоо системасынын натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшүүнү, тобокелдиктерди тескөөнү жана корпоративдик башкарууну; ошондой эле ички аудит кызматына көзөмөл жүргүзүүнү; бухгалтердик эсепке алуу стандарттарынын шайкеш колдонулушун камсыз кылууну; финансылык отчёттун сапатына байкоо жүргүзүүнү; тышкы аудитор менен өз ара иш жүргүзүүнү жөнгө салуу жана тышкы аудитордун ишинин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген стандарттарга ылайык келүүсүнө баа берүү боюнча Улуттук банк Башкармасына сунуш-көрсөтмөлөрдү берүүнү камтыйт.

2023-жылы Аудит боюнча комитет тарабынан 29 отурум өткөрүлгөн, анда Улуттук банктын консолидацияланган жана өзүнчө финансылык отчёту; ички контролдоо системасы боюнча баяндама; ички жана тышкы аудиттин сунуш-көрсөтмөлөрүнүн аткарылышына жүргүзүлгөн мониторинг; ички аудит бөлүмүнүн иши тууралуу материалдар кароого алынган.

Аудит боюнча комитет өзүнүн иши тууралуу маалыматты жарым жылдык негизде Улуттук банк Башкармасынын кароосуна сунуштап турган. Аудит боюнча комитеттин мүчөсү болгон көз карандысыз эксперт 2023–2025-жылдарга Улуттук банктын тышкы аудиторун тандоо жол-жобосуна катышкан. Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык тышкы аудиторлордун көз карандысыздыгынын кепилдигин камсыз кылуу максатында Аудит боюнча комитет Улуттук банктын консолидацияланган жана өзүнчө финансылык отчётунун аудити боюнча аудитордук уюмдун өкүлдөрү менен жолугушууларды өткөргөн.

*Ички аудит бөлүмүнүн иши*

Ички аудит кызматы Аудит боюнча комитеттин көзөмөлү алдында иштейт жана аудит объектилеринин ишине көз каранды эмес. Ички аудит тобокелдикти аныктоого багытталган ыкмага негизделген, ал эми аудитордук текшерүүлөр тобокелдиктердин деңгээлине жараша жүргүзүлөт.

Улуттук банктын ички контролдоо, тобокелдиктерди тескөө жана корпоративдик башкаруу системасынын шайкештигине жана натыйжалуулугуна көз карандысыз баа берүү, Улуттук банктын консолидацияланган жана өзүнчө финансылык отчётуна жыл сайын аудит жүргүзүү боюнча тышкы аудитор жана Улуттук банктын Аудит боюнча комитети менен өз ара иш алып баруу Ички аудит бөлүмүнүн негизги максаттары жана милдеттери болуп саналат.

Отчёттук мезгил ичинде Улуттук банктын ишинин негизги багыттары, анын ичинде банктарга тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөл, акча-кредит саясатын иштеп чыгуу жана анын аткарылышына талдоо жүргүзүү, ар кандай номиналдагы банкнотторду, монеталарды чыгаруу жана банктар аралык төлөмдөрдүн үзгүлтүксүз өтүшүн контролдоо маселелери боюнча аудитордук текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

2023-жылы Швейцария Улуттук банкынын көз карандысыз эксперттери тарабынан Ички аудит бөлүмүнүн ишинин сапатына тышкы баалоо жүргүзүлгөн. Баа берүүнүн жыйынтыгы Улуттук банктын Ички аудит бөлүмүнүн иши Ички

аудиттин кесиптик тажрыйбасынын эл аралык стандарттарына жана Ички аудиторлор институту тарабынан чыгарылган Этика кодексине “толук шайкеш келе” тургандыгын көрсөттү.

Маалымат технологиялары чөйрөсүндө ички контролду күчөтүү максатында Ички аудит бөлүмүнүн курамында маалымат технологиялары боюнча аудит тобу түзүлгөн.

*Тышкы аудиторлор менен өз ара иш алып баруу*

Улуттук банктын 2022-жыл үчүн консолидацияланган жана өзүнчө финансылык отчётуна тышкы аудит Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилген “Эрнст энд Янг Аудит” ЖЧК аудитордук уюму тарабынан жүргүзүлгөн. Ал эми Улуттук банктын 2023-2025-жылдар үчүн тышкы аудитору катары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан “Бейкер Тилли Бишкек” жоопкерчилиги чектелген коому бекитилген.

# ТИРКЕМЕЛЕР

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
2023-жыл үчүн жылдык отчётуна карата
**1-тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдагы уюштуруу түзүмү



Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
2023-жыл үчүн жылдык отчётуна карата
**2-тиркеме**

## 2023-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ишинде болуп өткөн негизги окуялар

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 9-январь | "ПЛЮСПЭЙ" ЖЧК "PLUSPAY" эл аралык акча которуулар системасынын оператору катары каттоого алынган. |
| 16-январь | "RPS Asi" ЖЧШ "Yurta" эл аралык электрондук акча системасынын оператору катары каттоого алынган. |
| 25-январь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын "Мурабаха операциясын эсепке алуу тартибин бекитүү тууралуу" токтомунун күчүнө кирүү мөөнөтүн узартуу жөнүндө чечим кабыл алынган. |
| 30-январь | Улуттук банк Башкармасы Улуттук банктын эсептик ченин 13,00 пайыз деңгээлинде сактап калуу жөнүндө чечим кабыл алган. |
| 3-февраль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Виртуалдык активдерге байланышкан кызматтарды сунуштоо тартиби бекитилген. |
| 22-февраль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан "Төлөм системаларынын операторлорунун/төлөм уюмдарынын финансылык отчетторун түзүүгө, жарыялоого жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берүүгө карата талаптар жөнүндө" жобо бекитилген. |
| 24-февраль | Улуттук банк Башкармасы Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын "Чет өлкө валютасында алмашуу операцияларын жүргүзүү чөйрөсүндө убактылуу чечимдер жөнүндө" токтомунун аракетин убактылуу токтотуу мөөнөтүн 2023-жылдын 1-сентябрына чейин узартуу жөнүндө чечим кабыл алган. |
| 27-февраль | Улуттук банк Башкармасы Улуттук банктын эсептик ченин 13,00 пайыз деңгээлинде сактап калуу жөнүндө чечим кабыл алган. |
| 15-25-март | "Глобалдуу акча жумалыгы – 2023" финансылык сабаттуулук боюнча жыл сайын өтүүчү маалымат берүү-агартуу кампаниясы өткөрүлдү. |
| 15-март | Улуттук банк Башкармасы тарабынан "Коммерциялык банктардын уставдык жана өздүк (жөнгө салуучу) капиталынын минималдуу өлчөмү жөнүндө" токтом кабыл алынган, ага ылайык, жаңыдан түзүлүп жаткан коммерциялык банктар (чет өлкө банктарынын филиалдарынын капиталына карата талапты кошо алганда), коммерциялык банктар (чет өлкө банктарынын филиалдарын кошо алганда), ошондой эле иштеп жаткан системалуу мааниге ээ коммерциялык банктар (чет өлкө банктарынын филиалдарын кошо алганда) үчүн уставдык капиталдын минималдуу өлчөмү белгиленген. |
| 25-март | "АЛЛАДАН" МКК" ЖЧКга эсептик каттоо жөнүндө күбөлүк берилген. |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 29-март | Улуттук банк Башкармасы тарабынан:<br>- Кыргыз Республикасынын төлөм системасын өнүктүрүүнүн 2023-2027-жылдарга каралган негизги багыттары бекитилген;<br>- Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын “Баткен жана Ош областтарындагы куралдуу кагылышуунун натыйжасында жабыркаган коммерциялык банктардын, банк эмес жана адистештирилген финансы-кредит уюмдардын кардарларына колдоо көрсөтүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым чечимдери тууралуу” токтомунун колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө чечим кабыл алынган. |
| 29-март | Салык-бюджет жана акча-кредит саясатынын чараларын макулдашуу боюнча Финансы министрлигинин Ведомстволор аралык координациялык кеңешинин жана Улуттук банктын отуруму болуп өткөн. |
| 31-март | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр бекитилген:<br>- “Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын маалымат коопсуздугун камсыз кылуу боюнча талаптар жөнүндө” жобо;<br>- “Эсептешүү банкына карата минималдуу талаптар жөнүндө” жобо. |
| 5-апрель | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөргө өзгөртүүлөр кабыл алынган:<br>- Белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттердин атайын классификациясын колдонуунун тартибине;<br>- “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жобого;<br>- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын күрөөлүк мүлк менен иш алып баруу тартибине. |
| 5-апрель | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “ФинансКредитБанк” ААКка Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмиссияланган (чыгарылган) аффинаждалган өлчөнгөн куймалар менен операцияларды жүргүзүү укугуна уруксат берилген. |
| 10-16-апрель | Улуттук банктын ЭВФ жана Дүйнөлүк банктын башкаруучуларынын жазгы жыйынына катышуусу. |
| 12-апрель | Улуттук банк Башкармасы тарабынан:<br>- Кыргыз Республикасында акча которуулар системасына тиешелүү акча которууларды жүзөгө ашыруу боюнча эрежелерге акча которуулар системасынын операторунун Улуттук банктагы каттоосун жокко чыгаруу маселелерине байланыштуу өзгөртүүлөр кабыл алынган;<br>- “Кредиттөөдөгү чектөөлөр жөнүндө” нускоо бекитилген. |
| 12-апрель | Улуттук банктын ЕАЭБдин Статистика боюнча консультациялык комитетинин 23-отурумуна катышуусу. |
| 18-апрель | Салык-бюджет жана акча-кредит саясатынын чараларын макулдашуу боюнча Финансы министрлигинин Ведомстволор аралык координациялык кеңешинин жана Улуттук банктын отуруму болуп өткөн. |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 19-апрель | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Баткен областындагы карыз алуучуларга кредиттерди берүү маселелери боюнча айрым убактылуу чечимдери тууралуу” токтомунун колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө чечим кабыл алынган. |
| 20-апрель | Улуттук банктын Мамлекеттер аралык банктын кеңешинин 66-отурумуна катышуусу. |
| 24-апрель | Улуттук банк Башкармасы Улуттук банктын эсептик ченин 13,00 пайыз деңгээлинде сактап калуу жөнүндө чечим кабыл алган. |
| 24-апрель | “Тарыхый окуялар” сериясындагы “Тай-туяк” жана “Сомго 30 жыл” күмүш коллекциялык монеталары жүгүртүүгө чыгарылган. |
| 24-апрель | “Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН” ААКтын “Аргымак” локалдык (филиалдар аралык) акча которуулар системасынын операторунун каттоосу жокко чыгарылган. |
| 25-апрель | “Соколовский” КБ АК “Астрасенд” эл аралык акча которуу системасынын оператору катары каттоого алынган. |
| 26-апрель | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Коммерциялык банктар тарабынан долбоордук каржылоону сунуштоодо кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жобо бекитилген. |
| 29-апрель | Улуттук банк Башкармасы аффилирленген жана банк менен байланыштуу жактар менен операциялар боюнча тобокелдиктин максималдуу өлчөмүн эсептөөнү өзгөртүү, ошондой эле баалуу кагаздар менен операцияларга байланыштуу башка өзгөртүүлөр жөнүндө чечим кабыл алган. |
| 3-май | “Бюджет” МКК” ЖЧКны эсептик каттоо тууралуу күбөлүк берилген. |
| 10-май | 2023-жылдын 200, 500 жана 1 000 сом үлгүсүндөгү номиналдары менен улуттук валютанын жаңы бешинчи сериясы жүгүртүүгө киргизилген. |
| 11-май | Улуттук банк Башкармасы тарабынан айрым ченемдик укуктук актыларга чет өлкө валютасында эсептешүүлөрдү жүргүзүү маселелери боюнча өзгөртүүлөр бекитилген. |
| 11-май | Салык-бюджет жана акча-кредит саясатынын чараларын макулдашуу боюнча Финансы министрлигинин Ведомстволор аралык координациялык кеңешинин жана Улуттук банктын отуруму болуп өткөн. |
| 12-май | “OneVision” ЖЧШ “OneVision” эл аралык электрондук акча системасынын оператору катары каттоого алынган. |
| 17-май | Улуттук банктын Мамлекеттер аралык банктын кеңешинин 67-отурумуна катышуусу. |
| 18-май | “Спринт Кредит” МКК” ЖЧКга эсептик каттоо тууралуу күбөлүк берилген. |
| 19-май | Улуттук валюта – сомдун жүгүртүүгө киргизилишинин 30 жылдыгына арналган “Чакырыктардан жаңы мүмкүнчүлүктөргө карай” деп аталган эл аралык конференция өткөрүлгөн. |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 24-май | Улуттук банк Башкармасы тарабынан:<br>- Кыргыз Республикасында Тез төлөмдөр системасын өнүктүрүү концепциясы бекитилген;<br>- Эки өлчөмдүү штрих-код белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды өткөрүү эрежелерине өзгөртүүлөр киргизилген. |
| 29-май | Улуттук банк Башкармасы Улуттук банктын эсептик ченин 13,00 пайыз деңгээлинде сактап калуу жөнүндө чечим кабыл алган. |
| 30-май | Улуттук банктын ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин 24-отурумуна катышуусу. |
| 2-июнь | Улуттук банктын ЕАЭБдин Макроэкономикалык саясаты боюнча консультациялык комитетинин 20-отурумуна катышуусу. |
| 13-июнь | Министрлер Кабинети жана Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылга экономикалык саясаттын негизги багыттары жөнүндө биргелешкен билдирүүсү колдоого алынган. |
| 14-июнь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөргө өзгөртүүлөр кабыл алынган:<br>- “Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылган операциялар жөнүндө” жобого;<br>- “Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын финансылык отчётторун түзүүгө, жарыялоого жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берүүгө карата талаптар жөнүндө” жобого;<br>- “Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө” жобого;<br>- айрым ченемдик укуктук актыларга Кыргыз Республикасынын жарандарынын инсандыгын тастыктаган санарип документтерди колдонуу маселелери боюнча. |
| 14-июнь | “Элдик Финанс МКК” ЖЧКны эсептик каттоо тууралуу күбөлүк берилген. |
| 21-июнь | “Азия Пэймент Солюшн” ЖЧКга төлөм системасынын операторунун жана төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензиялар берилген. |
| 26-июнь | “Алиф Финанс” МКК” ЖЧКны эсептик каттоо тууралуу күбөлүк берилген. |
| 11-18 июль | ЭВФтин миссиясынын Кыргыз Республикасына иш сапары болуп өттү. |
| 12-июль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторуна виртуалдык активдерге байланыштуу операцияларды кошуу бөлүгүндө өзгөртүүлөр киргизилген. |
| 26-июль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасында акча которуулар системалары боюнча акча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелерине байланыштуу айрым ченемдерди убактылуу токтотуу жөнүндө токтом кабыл алынган. |
| 27-июль | “Скай Пэй” ЖЧКга төлөм системасынын операторунун жана төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензиялар берилген. |

| Күнү | Мазмуну |
|---:|---|
| 31-июль | Улуттук банк Башкармасы Улуттук банктын эсептик ченин 13,00 пайыз деңгээлинде сактап калуу жөнүндө чечим кабыл алган. |
| 23-август | Улуттук банк Башкармасы айрым ченемдик укуктук актыларга санарип документтерди колдонуу маселелери боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө токтом кабыл алган. |
| 24-август | Улуттук банктын Төлөм системасы боюнча комитетинин токтому менен “Региональные платежные системы” ЖЧК тарабынан жүргүзүлгөн атайын жөнгө салуу режиминин алкагында операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү тестирлөө ийгиликтүү деп таанылган. |
| 28-август | Улуттук банк Башкармасы Улуттук банктын эсептик ченин 13,00 пайыз деңгээлинде сактап калуу жөнүндө чечим кабыл алган. |
